473

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, жумадал-ахира 1447-х. – декабрь 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Эл аралык майданда мабдаий жана пикирий тилдин жоктугу, жетекчилердин баяндамалары кийинки баскычка жол ачууда

АКШ гегемониясынын аякташы жана Жакын Чыгышта геосаясий боштуктун күч алышы

Жеткирүү чынжырларынын ыдырашы жана глобализациянын аягы

Хизб ут-Тахрир... биримдикке даъватпы же бөлүнүүгөбү?!

Күч-кубаттын исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин (5)

Фатх сүрөсү

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Эл аралык майданда мабдаий жана пикирий тилдин жоктугу, жетекчилердин баяндамалары кийинки баскычка жол ачууда . 3

– АКШ гегемониясынын аягы жана Жакынкы Чыгышта геосаясий боштуктун күч алышы «Американын Жакынкы Чыгыш модели» көп уюлдуулуктан кийинки дүйнөгө өтүүдөгү глобалдык өзгөрүүнү талдоо………………… 9

– Күч-кубаттын исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин (5) ………..14

– Жеткирүү чынжырларынын ыдырашы жана глобализациянын аягы ……………………….36

– Хизб ут-Тахрир… биримдикке даъватпы же бөлүнүүгөбү?!…………………………………41

– Фатх сүрөсү ……………………………….53

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***……61

– ***Куръани Карим сабагында***……………….68

– ***Бейиш бактары:*** Пайгамбарыбыздын ﷺ ахлагы ……………………………………………. 73

– ***Соңку сөз:*** Яхудий түзүмү — адамдардын жиби (колдоосу) менен гана турган мыйзамсыз түзүм, ал жип үзүлүшү менен, өзү да үзүлөт .76

– Мусулман мусулмандын боордошу. Ага зулум кылбайт, аны жардамсыз таштап койбойт..……………………………………78

بسم الله الرحمن الرحيم

# ЭЛ АРАЛЫК МАЙДАНДА МАБДАЙЙЛИКТИН ЖАНА ПИКИРИЙ ТИЛДИН ЖОКТУГУ ЖАНА ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН БАЯНДАМАЛАРЫ КИЙИНКИ БАСКЫЧКА ЖОЛ АЧУУДА

Мабдалар, баалуулуктар жана идеологиялык кайрылуу тарыхта мамлекеттер менен лидерлер тарабынан башкалардын алдында жагымдуу көрүнүү үчүн гана айтылган кооз ураандар болгон эмес. Тескерисинче, алар мамлекеттер жана жетекчилер үчүн адамзатты кабыл алууга жана алардын айланасына биригүүгө чакырган материал болуп кызмат кылган. Ал материал ишенимдерге жана коомдук пикирге айлангандан кийин зарыл болгон учурда ага каршы турган, баш ийүүдөн же кабыл алуудан баш тарткан азчылыкка аны таңуулоо үчүн күч колдонууга да жол ачкан.

Мисалы, капитализм феодалдык жана теократиялык доордон кийин төмөнкүдөй пикирлер менен келди: мамлекеттин кийлигишүүсүсүз жеке адамдардын өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу эркиндиги; мекемелер менен жеке адамдардын ортосундагы эркин атаандаштык; жеке пайда идеясы; жеке адамдын кызыкчылыгы менен коомдун кызыкчылыгынын ортосундагы тең салмак жана шайкештик; экономикалык ишмердүүлүктө мамлекеттин бейтараптыгы жана башка. Ал өзүн дүйнөлүк коомдук пикирди «эркиндиктер тарапта, зомбулукка, таптык бөлүнүүгө жана феодалдык түзүлүшкө каршы» деген негизде калыптандырды. Анткени Европа жана Америка элдери дал ошолордун азабын тартып келген. Натыйжада элдер ага канааттанып, эски жана диктатордук режимдерди кулатып, алардын ордуна эркиндик чеги бар, менчик түзүлүшү бар шайланган өкмөттөрдү орното башташты, көпчүлүк адамдар муну өздөрүнө адилеттик алып келет деп эсептешти. Андан соң чек арадан ашкан ишенимдер калыптанып, капиталисттик райды көтөрүп чыккандар өз пикирлерин таңуулоо жана элдерди ага жетелөө үчүн күч колдонууга өздөрүнө эшик жана жүйө таба баштады.

Андан кийин социализм, анын ичинде коммунизм пайда болду. Ал капитализм жаратып кеткен жакырларды, эзилгендерди жана алсыздарды өзүнө тарта турган пикирлер менен келди. Капитализмдин

колдонулушунун натыйжасында пайда болгон абалдан нааразы болуп калган элдер дал ушул агымга үмүт артты. Элдер жана агымдар коммунизм фикратын кабыл ала башташты, анткени анда капиталисттерден жана аларды кыйратып, канын соргон башкарган элиталардан коргой турган адилеттик бар деп ойлошту. Чынында эле Чыгыш Европада, Россияда жана Жакынкы Чыгышта коомдук пикир калыптанып, коммунисттик башчылар өз пикирлерин «элдерди куткаруучу» деп жайылтуу максатында күч колдонууга элдердин макулдугун таба башташты.

Андан соң көп өтпөй бул иллюзия тарады, социализм менен коммунизмдин кемчилиги жана бузгунчулугу айкын болду. Ошондо Батыш капитализмди жаңы кейипте — демократия жана жалпы эркиндиктер урааны менен — кайра алып чыгып, дүйнөнү өз фикраты аркылуу кайра жаңы багытка салды. Бул түшүнүктөрдү сактаган жана жайылткан эл аралык уюмдар менен институттарды түздү. Америка Батыш лагерин Чыгыш лагери менен болгон күрөштө жетектеди, ал эми Чыгыш лагеринин башында Россия турду. Натыйжада, үстөмдүк Америкага жана Батышка өттү. Алар өздөрүнө мамлекеттердин жана элдердин ишине кийлигишүүнү, «демократияны» жана жалган «эркиндиктерди» жайылтуу деген жүйө менен күч колдонуу менен санкцияларды актаган негизди жана дүйнөлүк коомдук пикирди калыптандырышты. Ушинтип бүгүнкү абалга жетип келдик, азыр биз дал ушул акыркы жылдарда болгон өзгөрүүлөргө көңүл буруудабыз.

Россия бир кезде Батыш лагери менен атаандашкан, ал тургай кайсы бир учурда аны жеңүүгө аз калган же ага теңелген Чыгыштагы коммунисттик лагерди жетектеп турган. Ал мындай деңгээлге адамзатты жана элдерди куткаруучу катары сунушталган идеология, баалуулуктар жана пикирлер аркылуу жеткен. Дал ошол пикирлер жана түшүнүктөр болбосо, мамлекеттерди жана элдерди өз айланасына топтой алмак эмес. Андан кийин Америка Батышты жетектегенде, демократияны, адам укуктарын, эркин базар саясатын жана эркиндик желегин көтөрүп чыгып, аны коргоочу катары башкаларды жетектеди. Ушунун негизинде Батыш элдерин жана мамлекеттерин коммунисттик агымга каршы бириктирип, акыры аны жеңди. Алар элдерди күч же аброй менен эмес, дал идеологиялык чакырык, баалуулуктар жана пикирлер аркылуу бириктиришти.

Ал эми, Кытай дүйнөнү же анын бир бөлүгүн, а түгүл кайсы бир регионду жетектеп, аны өз максаттары менен умтулууларына карай алып бара алган жок. Себеби ал идеологиялык пикирди кабыл алып, аны жайылткан эмес. Коммунизм доорунда Россиянын айланасында жүрдү, андан соң Советтер Союзу жеңилгенден кийин Батышты

ээрчип, капитализм менен коммунизмдин ийгиликсиз аралашмасын түздү. Ошондуктан аймагынын кеңдигине, калкынын көптүгүнө, байлыктарына, ал тургай акыркы мезгилдеги өнүгүүсү менен экономикасына карабастан, Кытай дүйнөгө же салмактуу, таасирдүү мамлекеттерге лидер боло алган жок.

Демек, дүйнөнү же элдердин бардыгын же алардын бир бөлүгүн жетектөө маселеси — жетекчинин жана мамлекеттин башкаларды өз айланасына топтой алуу жөндөмүнө, башкача айтканда, башкалар кабыл ала турган же ишенип кошула турган фикратына жана хазаратына түздөн-түз байланыштуу. Мусулмандар мурун дүйнөнү жетектешкен жана Ислам мамлекети он кылымдан ашуун убакыт бою дүйнөдөгү биринчи мамлекет болуп келген. Бул алардын пикири, хазараты жана баалуулуктары аркылуу болгон, бул нерселер алардын кылычынан, экономикасынан жана күчүнөн алдыда жүргөн.

Анткени элдер менен коомдор таяк менен айдалчу койлордун үйүрү эмес. Сен айрым элдерди же мамлекеттерди белгилүү бир убакытка же кайсы бир баскычта мажбурлап баш ийдире алышың мүмкүн, бирок аларды узак мөөнөткө жетектей албайсың жана өз айланаңа ыктыярдуу бириктире албайсың. Анткени көп өтпөй абал көзөмөлдөн чыгып, башкалар курчоодон жана таяктан бошонууга, кутулууга мүмкүнчүлүк табышат.

Бүгүн Америка менен Батыш лидерлеринин, айрыкча АКШ президенти Дональд Трамптын жана Ак үйдөгү анын командасынын баяндамаларына көз салган адам дүйнө жана анын элдери менен болгон идеологиялык жана пикирий чакырыктын жоктугун айкын байкайт. Америка мындан ары өзүн – Советтер Союзу кулагандан бери айтып келгендей – дүйнөдө эркиндиктердин, демократиянын жана адам укуктарынын көтөрүп чыгуучусу жана коргоочусу катары таанытпай калды. Тескерисинче, бүгүнкү күндөгү чакырык күчкө, текебердикке жана өзүмчүл кызыкчылыктарга негизделген. Ал өз чечимдерин жана долбоорлорун «мен эң күчтүүсүмүн жана каалаганымды башкаларга таңуулай алам» деген логика менен жайылтууда. Ал тургай Американын тарыхый союздаштары болгон Европа мамлекеттерин да Трамп катуу сындап, аларды алсыз жана сүйлөгөндөн башка эч нерсеге жарабаган тарап катары сыпаттады. Ал Politico журналына берген маегинде европалык лидерлерди алсыз жана чечкиндүүлүктөн айрылган деп атап, алардын саясаты ашкере «саясий тууралыкка» негизделгенин, мунун айынан континент миграция жана аймактык жаңжалдар сыяктуу маанилүү маселелерди башкара албай жатканын белгиледи. Ал мындай деди: «Менин оюмда,

алар өтө эле саясий жактан туура болууга умтулушат, бирок эмне кылышты билишпейт. Европа эмне кылышты билбейт».

Ошондой эле, Трамп Түркия президенти Эрдоганга, Сириянын президенти Ахмад аш-Шарага, Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салманга жана Россиянын президенти Владимир Путинге алардын күчтүүлүгүнөн улам суктанганын ачык билдирген. Ал Сирияда америкалык аскерлердин өлүмүнө алып келген чабуулдан кийин да Сириянын президенти Ахмад аш-Шарага болгон ишенимин сактап каларын тастыктап, аны «күчтүү адам» деп мүнөздөгөн. Ошондой эле Трамп Мисирде өтө турган Газа боюнча саммиттин алдында Эрдоган менен болгон маегинде Эрдогандын котормочусуна кайрылып: «Досум, бул адамдын канчалык күчтүү экенин билесиңби? Мен аны жактырам. Чындап эле жактырам», - деп, аны «абдан күчтүү адам» деп сүрөттөгөн.

Ал тургай Трамп жана анын администрациясы тарабынан сынга алынышы жана чабуулга кабылышы керек деп эсептелген Россия президенти Путинге да Трамп суктанганын билдирген. АКШ администрациясынын мурунку жогорку даражалуу өкүлдөрүнүн бири Трамп Путинге анын күчтүүлүгү жана өлкөсүндө толук көзөмөлгө ээ болгону үчүн суктанарын айткан. Ал башка лидерлерге караганда күчтүү лидерлерди көбүрөөк жактырарын кошумчалаган. Ошондой эле Трамп бин Салманга жана Катар эмирине да алардын экономикалык кубаты жана каржылык мүмкүнчүлүктөрү үчүн суктанганын билдирген.

Демек, АКШ администрациясынын көңүл борборундагы жана негизги багыты — күч, акча жана экономика. Бул нерсени Трамп да, анын командасы да жашырбайт, дал ушул нерсе алардын баяндамаларында жана аракеттеринде үстөмдүк кылууда. Трамп жана анын жаңы командасы өсүп чыккан өзөк — MAGA кыймылы жана «Американы кайра улуу кылуу» деген ураан. Бул ураан өзүнчө обочолонууну камтып, фракциялык мүнөзгө ээ болуп, Трамптын жана анын тарапкерлеринин өлчөөсүнө ылайык америкалык эмес болгон ар кандай адамды четке кагууга алып келет. Бул көрүнүштөр окуялар аркылуу, айрыкча Ички иштер министрлигине караштуу Иммиграция жана бажы кызматы (ICE) тарабынан жүргүзүлгөн кампаниялар аркылуу айкын көрүнүүдө. Бул мекеме жергиликтүү мамлекеттик орган болгонуна карабастан, дүйнө жүзүндө жаман атка конуп калды. Анткени дүйнө ар дайым биринчи мамлекеттин орду жана анын лидерлигине көз салып, баалап турууга мажбур.

Бүгүнкү күндө Америка жана анын жасап жаткан аракеттери Американы дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттин тактысына алып чыккан

баалуулуктарга, мабдага жана идеологиялык чакырыктарга эч кандай тиешеси жок болуп калды. Бул болсо сөзсүз түрдө мамлекеттер менен элдердин Американын айланасынан жана анын лидерлигинен алыстап, андан тышкары багыттарды жана альтернативдүү жолдорду издей башташын билдирет. Бул көрүнүш Америкага кандай тиешелүү болсо, андан да артык даражада Европа мамлекеттерине жана башка ири державаларга тиешелүү. Анткени алар башынан эле дүйнөнү жана элдерди жетектөөдө Американын деңгээлине жете алышкан эмес, алар Америкадан да алсызыраак жана абалы начар.

Америка жетектеген Батыш пикирине эң жакын турган Европа мамлекеттери коргонуу саясаты, экономика жана дүйнөлүк маселелер боюнча саясий позициялар жагынан акырындык менен Америкадан обочо багыттарды жана пландарды кабыл ала баштады. Бирок алсыздыгынан улам азырынча Америкадан алыс кете алышкан жок, бул болгону убакыт маселеси. Ушул сыяктуу эле Латын Америкасынын мамлекеттери, Кытай, Индия жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү да — ар бири өз мүмкүнчүлүгүнө, убактылуу альтернативалардын бар-жогуна жараша — Америкадан бошонууга аракет кылууда. Бул абал дүйнөгө элдерди бириктире турган, мамлекеттерди өзүнө тарта турган баалуулуктарды жана пикирлерди көтөргөн жаңы глобалдык лидер пайда болгонго чейин созулат.

Албетте, көрүнүп турган жана күтүлүп жаткан вакыйлык чегинде жалгыз талапкер – келечектеги Ислам мамлекети. Ал дүйнөнүн лидерлигин кайра колго алууга жана өзүндө камтылган мабдасы менен баалуулуктары аркылуу элдерди өзүнө тартууга жөндөмдүү. Анткени дүйнө муундан муунга капитализм менен социализмдин кысымында жана турмуштун оорчулугунда жашап келди, бүгүнкү күндө дал ушул мабдага жана баалуулуктарга абдан муктаж болуп турат. Эгер Батыш, анын башында турган Америка идеологиялык чакырыктан, мабда жана баалуулуктар тилинен баш тартууну улантса — бул абдан ыктымалдуу көрүнүш — анда ал өзүнүн кулашын жана артка кетишин тездетет, ошол эле учурда Исламдын көтөрүлүшүнө, аны кайра бийликке жана лидерликке кайтарууга болгон каалоо менен эрктин өсүшүнө жол ачат.

Бүгүн дүйнөдө болуп жаткан окуялар андан кийинки баскычка негиз салууда. Кийинки баскыч: калктарга да, дүйнө элдерине да сунуштай турган эч нерсеси калбай, саясий жана пикирий жактан ийгиликсиздикке кабылган учурдагы лидерлердин жок болушу; дүйнөнү жетектей турган, элдер анын айланасына ыктыярдуу топтоло турган жаңы лидерликтин пайда болушу. Биз Исламды дүйнө үчүн хазарий жана жетекчилик альтернатива катары сөз кылганда, буга чейин адамзат күбө болгон тарыхы, терең тамыры жана тажрыйбасы

бар хазаратты жана лидерликти айтып жатабыз. Демек, бул маселе убакыт маселеси гана.

Аллах Таала айтты:

﴿وَتِلۡكَ ٱلۡأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيۡنَ ٱلنَّاسِ﴾

***«Биз бул күндөрдү** (жеңүү жана жеңилүү күндөрүн) **адамдар арасында айландырып турабыз».*** (Али Имран: 140).

﴿إِنَّ ٱلۡأَرۡضَ لِلَّهِ يُورِثُهَا مَن يَشَآءُ مِنۡ عِبَادِهِۦۖ وَٱلۡعَٰقِبَةُ لِلۡمُتَّقِينَ﴾

***«Бул жер, албетте, Аллахка Таандык. Аны Өзү каалаган пенделерге мурас кылып берет. Акыбет болсо таквалардыкы болот».*** (Аъраф: 128). ❑

# АКШ ГЕГЕМОНИЯСЫНЫН АЯГЫ ЖАНА ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТА ГЕОСАЯСИЙ БОШТУКТУН КҮЧ АЛЫШЫ

## «АМЕРИКАНЫН ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ МОДЕЛИ» КӨП УЮЛДУУЛУКТАН КИЙИНКИ ДҮЙНӨГӨ ӨТҮҮДӨГҮ ГЛОБАЛДЫК ӨЗГӨРҮҮНҮ ТАЛДОО

**Профессор Мухаммад Малкави**

### Киришүү: төмөндөө доору

Суук согуш аяктагандан кийин Америка Кошмо Штаттары дүйнө үстүнөн көзөмөл кылуунун туу чокусуна жеткендей көрүнгөн. Советтер Союзу ыдырап, социалисттик системалар кыйрап, Фукуяма жар салгандай «тарыхтын аягы» жарыяланып, америкалык либералдык түзүм дүйнөнү тартиптеген жалгыз мүмкүн болгон калып катары кабыл алынды. Бирок дал ушул гегемониянын түркүктөрү курулган Жакынкы Чыгыш аймагы бүгүн бул түзүлүштүн жаракаларын ачууда.

XXI кылымдын акыркы жыйырма жылы түп-тамырынан бери өзгөрүүнү көрсөтүүдө. Американын ыкчам артка чегиниши жана акыркы жетимиш жыл бою Батыш үстөмдүгү таянган аймактык тартип ыдырап жатат. Бул китеп муну «Жакынкы Чыгыштагы геосаясий боштуктун күч алышы» деп мүнөздөйт. Бул боштук күчтөрдүн жоктугун эмес, тескерисинче, көзөмөл жүргүзүү жөндөмүнүн жоголушун, бекем көрүнгөн таасиринин солкулдап жатканын билдирет.

### Чокудан артка чегинүү

Өткөн кылымдын 1990-жылдарында Вашингтон эл аралык тартиптин жалгыз башкаруучусу катары иш жүргүзгөн. Ал согуш менен тынчтыкты аныктап, санкцияларды киргизип, режимдерди кулатып, мамлекеттерди кайра куруучу күч катары көрүнгөн. Бирок кийинчерээк Афганистандан Иракка чейин жүргүзгөн «терроризмге каршы согуштары» үстөмдүк куралдарынан кризис фабрикаларына айланды. АКШ бул согуштардан алсыраган, тартип орното албаган, ишенимин жоготкон, экономикалык жана ахлакый чыгымдар менен оор жүк көтөргөн мамлекет абалында чыкты.

Автордун талдоосунда, Империялардын аякташы сырттан эмес, күчкө көз карандылык башталган учурдан тартып башталат. Вашингтон да ушул илдетке кабылган. Ал үстөмдүк түбөлүктүү болот, акча, медиа жана курал тарыхты

тоңдуруп коё алат деп ойлоп жаңылышкан. Бирок Кабулдагы жеңилүүдөн тартып Ирак, Сирия жана Йемендеги америкалык таасирдин солгундашына чейинки окуялар, ахлакый долбоорсуз колдонулган күч акыры өз ээсине жүк болуп каларын көрсөттү.

**Американын Жакынкы Чыгыш моделинин кулашы**

Китепте Американын гегемониясынын негизги тиреги деп аталган «Жакынкы Чыгыш (4+2) модели» түшүндүрүлөт. Бул аймакты төрт аймактык күч (Иран, Түркия, Сауд Арабиясы жана “Израил”) аркылуу, эки эл аралык күчтүн (АКШ жана Россия) көзөмөлүндө башкаруу дегенди билдирген. Мындай формула Вашингтонго энергия жолдорун көзөмөлдөөгө, чек арадан ашкан альянстардын түзүлүшүнө жол бербөөгө жана жаңжалды «башкарууга мүмкүн болгон чек» ичинде кармап турууга шарт түзгөн.

Бирок бул формула ичинен эле ыдырай баштады:

- **Түркия** акырындык менен Атлантика огунан алыстап, Москва менен Бээжиндин ортосунда термелген өз алдынча багытка өттү.
- **Иран** курчоого туруштук берип, Иракта, Сирияда, Ливанда жана Йеменде таасирин кеңейтти.
- **Сауд Арабиясы** Американын коопсуздук кепилдигине ишенимин жоготкондон кийин альянстарын диверсификациялай баштады.
- **(израил)** ички карама-каршылыктарга батты жана Газада, Ливанда, Батыш жээкте ачык тирешүүгө кирип, бул анын аскердик артыкчылыгы чектелгенин ашкереледи.

Ал эми Россия 2015-жылы Сирияга аскерий кийлигишүүдөн кийин «экинчи даражадагы кепил» бойдон калбай, **аймактын өзөгүндө Вашингтонго саясий жана аскерий жактан атаандашуууда.** Ошентип, америкалык тартиптин түркүктөрү ичинен жешилип, акыры Вашингтон союздаштарына да, атаандаштарына да өз эркин таңуулай албай калган абалга жетти.

**Геосаясий боштук: көзөмөлдүн жоктугу**

Автор «геосаясий боштук» деп атаган көрүнүш – бул күчтөрдүн материалдык жактан жоголушу эмес, **алардын тең салмактуулугун башкаруу жөндөмүнүн жоголушу.** Американын кубаты али да зор бойдон калууда. Бирок ал окуялардын багытын аныктоого кудуретсиз болуп

калды. Вашингтон эң маанилүү элементинин бири болгон туруктуу гегемониясын жоготту. Мурда ар бир кризис Америка көз карашы аркылуу чечмеленчү. Перс булуңундагы согуштардан тартып «араб жазы» деп аталган окуяларга чейин ушундай чечилген. Ал эми бүгүн бул медиа жана маалымат монополиясы ыдырады. Элдер өз платформаларына ээ болуп, дүйнө Газа, Украина же Судандагы согушту Ак үйдүн жалгыз линзасынан эмес, ар түрдүү көз караштардан көрүп жатат.

Бул боштук сөзсүз түрдө жаңы бир күч менен толтурулушу шарт эмес, тескерисинче, аймакты **көп тараптуу атаандаштык аянтчасына** айландырышы мүмкүн. Бир тараптан Россия менен Кытай, экинчи тараптан Иран менен Түркия, дагы бир тараптан бул мамлекеттерден тышкаркы күчтөр. Бирок автор муну сейрек кездешкен тарыхый мүмкүнчүлүк катары баалайт. Анткени Американын гегемониясынын артка чегиниши аймактык тартипти жаңы негиздерде кайра аныктоого жол ачат.

**Өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү Жакынкы Чыгыш**

Көп уюлдуулуктан кийинки дүйнөдө Жакынкы Чыгыш жөн гана четки аянт болуудан чыгып, эл аралык тартипти кайра калыптандырууда өзөктүү майданга айланды. Анткени энергия үчүн согуштар, деңиз жолдору, технология жана инфраструктуранын бардыгы дал ушул жерден өтөт. Бирок айырма аймактык мамлекеттер ондогон жылдарга созулган көз карандылыктан кийин **геосаясий аң-сезимге** ээ болуп, чечим кабыл алууда өз алдынчалыкты издей баштаганында.

Автор мындай деп талдайт: «Аймактагы лидерлердин жаңы мууну коопсуздуктун жалгыз таянычы катары Вашингтонду көрбөй калды, тескерисинче, аны коркунуч булактарынын бири катары кабылдай баштады». Ушундан улам ийкемдүү альянстар көрүнүшү пайда болууда:

— Кытайдын ортомчулугу менен Сауд Арабиясы жана Ирандын жакындашуусу.

— Түркия менен Египеттин акырындык менен жакындашуусу.

— Индия, Кытай, Бириккен Араб Эмираттары жана Россиянын жаңы экономикалык блокторго (мисалы, БРИКСке) кошулушу.

Мунун баары аймактын ой жүгүртүү картасын кайрадан чийүүдө. Берилгендиктер мурдагыдай туруктуу эмес,

блоктор да жабык бойдон калган жок. Жакынкы Чыгыш акыркы жүз жылда биринчи жолу **Сайкс–Пико картасынан тышкары ой жүгүртө баштап**, тең салмакты өзү түзүүгө умтулууда.

**Күч иллюзиялары: империянын артка чегине албаганы**

Автор кылдат байкаган парадокс — Америка Кошмо Штаттары өзүнүн солгундап бара жатканын аңдаганы менен, кантип артка чегинүүнү билбей жатат. Анткени ири империялар жеңилгенде эмес, мурунку абалын сактап калууга өжөрлүк менен умтулган кезде кыйрайт. Америка Кошмо Штаттары өзүнүн солгундап бара жаткан абалын аңдаганы менен, кантип артка чегинүүнү билбей жатат. Анткени ири империялар жеңилгенде эмес, мурдагы абалын сактап калууга өжөрлүк менен умтулган учурда кыйрайт. Мына ушундан Вашингтондун башаламан саясаты келип чыгууда:

— Афганистандан стратегиясыз чыгып кетүү.

— Натыйжалуулугун жоготкон жана улам-улам салынган санкциялар.

— Ахлакый жана саясий баасы жогору болгонуна карабай, “Израилди” чексиз колдоо.

— Кыска мөөнөттүү кызыкчылыктарга негизделген альянстар аркылуу таасирди кайтарууга болгон аракеттер.

Бирок бул саясаттар мындан ары таасирин сактап кала албайт, тескерисинче, **дүйнөдө альтернативага болгон муктаждык сезимин тереңдетүүдө.** Ошентип, Американын ар бир коргонуу кадамы анын таасирин андан ары солгундаткан дагы бир кадамга айланууда.

**Геосаясий боштуктун күч алуусубу же жаңы тартиптин башатыбы?**

Автор негизги суроону коёт: Биз чындап эле геосаясий боштуктун алдында турабызбы, **же көп уюлдуу жаңы тартиптин жаралуу толгоосун** баштан кечирип жатабызбы?

Боштуктун болушу ар дайым эле коркунуч эмес. Ал жаңы негиз салуунун учуру болушу мүмкүн. Америка гегемониясы аймакта тарыхты «тоңдуруп», тең салмактарды жасалма абалда кармап келген. Ал эми бүгүн анын солгундашы элдердин өз алдынча аракеттенүүсүнө жол ачып, **күчтөрдүн көз карандылыгына эмес, көптүгүнө таянган** табигыйраак аймактык тартипке эшик ачууда.

Бирок бул ыктымал элдердин жаңы уюлдарга ээрчүү менен чектелбестен, өз алдынча хазарий долбоорун түзө алышына

көз каранды. Эгер Жакынкы Чыгыш Вашингтонго көз карандылыктан Бээжинге же Москвага көз карандылыкка гана өтсө, анда боштук толбойт. Болгону анын формасы өзгөрөт.

**Саясий Ислам жана өзөккө кайтуу**

Бул өзгөрүү шартында автор **эң чоң боштук саясатта эмес, идеянын өзүндө**. Америка гегемониясынын солгундашы аймактык күчтөргө орун ачты, бирок азырынча ырааттуу хазарий долбоор жок. Ошондон улам эски суроо жаңы формада кайрадан коюлат: Ислам үммөтү дүйнөгө өзүнүн көз карашын сунуштай алабы?

Ислам кыймылдары канчалаган четтетүүгө, кысымга жана бурмалоого туш келсе да, бул боштукту толтура ала турган ахлакый жана руханий булак бойдон калууда. Бирок өзөккө кайтуу жабылуу же тарыхый романтизм дегенди билдирбейт. Ал Исламий фикраттын эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүү заманбап саясий долбоорго айлануусун билдирет. Бул «1+0 модели», тагыраагы, тышкы кепилге муктаж болбогон, ички биримдикке негизделген түзүм.

**Гегемониянын аягы жана жаңы тарыхтын башталышы**

Китептин жыйынтык бөлүгүндө автор Жакынкы Чыгыштан да ашып түшкөн, бүтүндөй дүйнөлүк тартипке тиешелүү фикирий жыйынтыкты сунуштайт. Дүйнөнү бир борбордон башкарган империялар доору аяктады. Азыр дүйнө уюлсуздук баскычына кирип жатат. Ал тең салмактуулукту таңуулоо менен эмес, өз ара аракеттенүү аркылуу түзүлөт.

Бул учур т.а. Америка гегемониясынын кулашы жөн гана саясий окуя эмес, күч менен маанини кайра аныктаган **цивилизациялык бурулуш.** Вашингтон артка чегингенде, «боштукту ким толтурат?» деген суроонун ордуна, «батыш либералдык фикраты алсырагандан кийин дүйнөнү кайсы фикрат жетектейт?» деген суроо маанилүү. Автордун пикиринде дал ушул суроодо Ислам үммөтүнүн тарыхый мүмкүнчүлүгү жатат. Ал рух, адилет жана акылды тең салмактаган альтернативдүү үлгүнү дүйнөгө сунуштай алат. Пайдага гана негизделген хазараттан келип чыккан керектөө жана ыдыроо айлампасынан адамзатты сактап кала алат.

**Жыйынтык: боштук аяктоону түшүндүрбөйт**

Америка гегемониясы аймак элдерин үстүндөгү бороондон коргогон, бирок көтөрүлүүгө жол бербеген жапыз чатырга

окшош болчу. Бүгүн болсо, баш аламандыкка жана кан төгүүгө карабай, бул чатырга жарака кете баштады. Анын кулашы коркунучтуу болгону менен аймак үчүн чыныгы тарыхтын башталышы болушу мүмкүн. Анткени боштук, автор жазгандай, «убакыттын аягы эмес, тоңуп калуунун аягы». Эгер бул мейкиндик адилет жана өз алдынча долбоор менен толтурулбаса, аны башкалар өз долбоорлору менен толтурушат. Бирок азыркы учур **Жакынкы Чыгышка сырттан кайра калыптандырылууга эмес, акыркы жүз жылда биринчи жолу өз тең салмагын өзү калыптандырууга** мүмкүнчүлүк берүүдө.

Ошентип, Америка гегемониясынын аякташы дүйнө үчүн трагедия эмес, жаңы тарыхтын башаты…

Бул жолу Жакынкы Чыгыш тарыхта жөн гана жазылып коюлбастан, аны өзү жазышына мүмкүнчүлүк бар.

❑

# КҮЧ-КУБАТТЫН ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИ ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАРИАТТЫ ОРНОТУУ ФАРЗДЫГЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ: ТОСКООЛ БОЛГОН АЛСЫЗДЫКТАН ҮЗҮРДҮ ЖОЮУЧУ КУДУРЕТКЕ ЧЕЙИН (5)
## (акыркы бөлүк)

**Устаз Саир Салама**

Ким үрөөндү ээлесе, чечим да аныкы: азык-түлүк коопсуздугу курчоого каршы курал жана калкан.

Кириш сөз: «чагылган согуш» доору басаңдагандан кийинки курчоо акыйдасы.

Түздөн-түз согуштардагы кымбатка түшкөн тажрыйбалардан кийин Батыш күчтөрү үчүн артыкчылыктуу ыкма – кеңири масштабдуу баскынчылыктын ордуна, экономикалык, каржылык жана технологиялык курчоолор аркылуу жеткирүү чынжырларын өзгөртүү жолу менен алыстан жаңжалды башкаруу болуп калды. Бул абалда азык-түлүк, айрыкча буудай стратегиялык запас катары алдыга чыгат: импорт булактарын, сатып алуу жана каржылоо келишимдерин, үрөөндөрдүн интеллектуалдык менчик эрежелерин, айыл чарба стимулдарынын түзүлүшүн көзөмөлдөө аркылуу бир да танксыз туруктуу көз карандылык калыптанат.

Азык-түлүккө көз карандылык тарыхый жактан кантип калыптанды?

1. Шарттуу соода жана азык-түлүк жардамы: сатып алуу жана каржылоо каналдарын узак мөөнөттүү көзөмөлдөө, жеткирүүлөрдү ички саясий-экономикалык шарттарга байлоо.
2. Үрөөн эрежелери жана интеллектуалдык менчик: өсүмдүктүн сортторун коргоо жана коммерциялык патенттер дыйкандардын лицензиясыз корголгон сортту кайра себүү мүмкүнчүлүгүн чектеп, бара-бара жергиликтүү үрөөндөрдү коммерциялык сортторго алмаштырууга түртөт.
3. Айыл чарба түзүмүн куруу: дан жана буурчак өсүмдүктөрүнүн эсебинен экспортко багытталган акчалай өсүмдүктөрдү (жашылча/жемиш/гүл) колдоо, натыйжада буудай ажырымы өсүп, тышкы соккуларда нан маселеси солгундап калат.
4. Тегирмендер жана порттордун инфраструктурасы: бир түйүнгө топтолгон жерде кризис маалында маневр кылуу жөндөмү начарлайт (күйүүчү майдын үзүлүшү, порт/элеватордун иштебей калышы, валютанын термелиши).

Араб дүйнөсүнөн далилдүү мисалдар.

Мисир: кеңири буудай базасына таянган абалдан бара-бара импортко бекем көз карандылыкка өттү. Социалдык коопсуздук клапаны катары субсидияланган нан системасы сакталып келгени менен, ал дүйнөлүк баалардын жана ыкчам рыноктун термелүүлөрүнө байланган.

Ирак (1990-жылдар): узакка созулган курчоо шартында мамлекет жалпы бөлүштүрүү системасына (азык-түлүк карточкасы жана бирдиктүү азык себетине) таянып, калориянын эң төмөнкү деңгээлин сактап калды, андан соң каржылоону көзөмөлдөө үчүн «мунайды азык-түлүккө алмашуу» механизми колдонулду. Бул тажрыйба запастарды жана бөлүштүрүүнү катуу башкаруу кырсыктын масштабын азайта аларын көрсөттү, бирок жергиликтүү өндүрүш кубатын түзүүнү алмаштыра албайт.

Сирия: согушка чейин буудай боюнча өзүн-өзү камсыздоого жакын эле, андан кийин кургакчылык жылдары, географиялык үзүлүүлөр жана күйүүчү майдын тартыштыгы өндүрүш менен жеткирүүгө басым жасады. Ошого карабастан, натыйжалуу башкаруу болгон шартта жер, тажрыйба жана жергиликтүү үрөөндөр сыяктуу ички потенциалды кайра жандандыруу мүмкүн бойдон калды.

Жаңыдан тикеленүүчү Ислам мамлекетинде азык-түлүк маселесинин коркунучу: ар тараптуу курчоо төрт өз ара байланышкан чөйрөнү бутага алат: дан өсүмдүктөрү (буудай/арпа), ун чыгаруу жана нан бышыруу чынжырлары үчүн энергия жана күйүүчү май, импорт келишимдери үчүн валюта жана каржылоо, ошондой эле баалардын өсүшү аркылуу коомдук пикирди козутуу. Бул шакекченин биринин эле кыйрашы саясий туруксуздукту жаратууга жетиштүү. Ошондуктан азык-түлүк коопсуздугу рыноктун эркин логикасы менен гана эмес, ырааттуу саясат тутуму аркылуу башкарылган суверендүү артыкчылыкка айланат.

Азык-түлүк көз карандысыздыгын түзгөн негиздер:

- Үрөөн көз каранадысыздыгы: дыйкандарды мыйзамдык жана практикалык жактан ачык чаңдашкан жергиликтүү үрөөндөрдү сактоого жана көбөйтүүгө мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу; коомдук жана аймактык үрөөн корлорун түзүү.
- Суу жана энергия: дан жана буурчак өсүмдүктөрүн сугарууну коргоо; ун иштеп чыгуу жана нан бышыруу чынжырлары үчүн борбордон бөлүнгөн энергияны (күн энергиясы/өзгөчө кырдаалда дизель) камсыз кылуу.
- Жер жана айдоону пландаштыруу: аянттарды буудай, арпа, жасмык жана буурчакка кайра тең салмактоо (азык-түлүк жана

протеин коопсуздугунун топтому); сууну аз талап кылган жана кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөрдү себүү.

- Жеткирүү чынжыры: бөлүштүрүлгөн элеваторлор, ийкемдүү иштөө запастары, тегирмендер менен мештер үчүн запастык тетиктер, ички альтернативдүү ташуу пландары.

Баа жана социалдык башкаруу: жергиликтүү буудай үчүн мамлекеттик сатып алуу баасын стимулдоочу деңгээлде белгилөө, нанга баа чектерин киргизүү, ошондой эле өндүрүш стимулдарын бузбастан аялуу катмарларды коргой турган багытталган колдоо программасын ишке ашыруу.

Курчоо шартында жооп кайтаруу планы: биринчи күндөн үч жылга чейин.

1–90 күн: ыкчам туруктуулук:

- Дан, ун, күйүүчү май жана запастык тетиктер боюнча улуттук инвентаризация жүргүзүү, орточо/адам башына керектөөнү жана коопсуз алуу ылдамдыгын аныктоо.
- Калориянын эң төмөнкү чегин камсыз кылган азык-түлүк карточка системасын киргизүү, жеке тегирмендерди жана наабайканаларды улуттук подрядчы катары тартуу.
- Ундун чыгым нормаларын убактылуу жогорулатуу жана ден соолук коопсуздугуна доо кетирбестен жергиликтүү дан менен (арпа/жүгөрү/сорго) баскычтуу аралаштыруу.
- Камдап алуу жана контрабандага каршы укуктук жана электрондук көзөмөл чараларын көрүү, набайканаларды квотага жана сапатка милдеттенме алган шартта колдоо.
- Жеткирүү чынжырларынын алсыздык картасын дароо түзүү: маанилүү тегирмендер, көпүрөлөр, элеваторлор, ташуу түйүндөрү; аларга өзгөчө кырдаалда күйүүчү май бөлүү.

3–12 ай: жергиликтүү сунушту тез кеңейтүү

- Айыл-кыштак тармактары аркылуу жергиликтүү үрөөндөрдү көбөйтүү; сорттун тазалыгын камсыз кылуу үчүн жөнөкөй тазалоо жана таңгактоо бирдиктерин түзүү.
- Арпаны жана кургакчылыкка чыдамдуу дан өсүмдүктөрүн жамгырга таянган аянттарда эки эсе көбөйтүү; протеин коопсуздугун жакшыртуу жана буудайга болгон суроо-талапты азайтуу үчүн буурчак өсүмдүктөрүн кеңейтүү.
- Буудай жана арпа боюнча жарыяланган баада мамлекеттик жеткирүү келишимдерин түзүү; расмий элеваторлорго тапшырууну шыктандыруу үчүн киргизме каражаттарына (үрөөн/жер семирткич) алдын ала төлөмдөрдү берүү.

• Сугат энергиясы: мүмкүн болгон жерлерде чакан күн насосторун жайылтуу, маанилүү каналдарды калыбына келтирүү, сугаруу графиктерин үнөмдүү пландаштыруу.

Жыйноодон кийинки жоготууларды азайтуу үчүн сактоону жакшыртуу (воронка тибиндеги элеваторлор, желдетүү, зыянкечтерге каршы чаралар).

1–3 жыл: түзүмдүк бекемдөө жана туруктуу суверенитет

• Улуттук үрөөн мыйзамы: дыйкандын корголбогон сортторду сактоо жана кайра себүү укугун бекитүү; корголгон сорттордун жүгүртүлүшүн адилет келишимдер менен тартипке салуу; жергиликтүү сортторду улуттук каттоо программасы менен коштоо.

• Сугат тутумун калыбына келтирүү: ири сугат системаларын оңдоо, суу жоготууларды азайтуу, туздалган топурактарды калыбына келтирүү, органикалык жер семирткичтерди өндүрүүнү кеңейтүү.

• Импорт каналдарын диверсификациялоо: ийкемдүү мөөнөттө келишимдер жана товардык алмашуулар (данды жергиликтүү продукцияга), альтернативдүү жеткирүү жолдору жана азык-түлүккө өзгөчө шарттар каралган гуманитардык коридорлор.

• Эрте эскертүү көрсөткүчтөрү: резервдин камтуу үлүшү (айлар менен), жеткиликтүү/керектүү ун өндүрүү кубаты, күйүүчү май жеткирүү убактысы, азык-түлүк себетинин наркы, жыйноодон кийинки жоготуулардын көрсөткүчтөрү.

Сирия: кризисти муунтуп салууга эмес, башкарууга болот.

Сирияда айрыкча түндүк-чыгышында олуттуу айыл чарба базасы бар, буудай, арпа жана буурчак боюнча тарыхый тажрыйба топтолгон. Согуш, кургакчылык жана күйүүчү май тартыштыгы өндүрүштү төмөндөтсө да, ички потенциал сакталып турат: жергиликтүү үрөөндөрдү жана көбөйтүү системаларын жандандыруу, жаанга таянган дан жана буурчакты тез кеңейтүү, ун иштеп чыгуу/нан бышыруу чынжырын энергия, күйүүчү май жана запастык тетиктер менен коргоо, баанын кескин өсүүсүн азайта турган бөлүштүрүү, башкаруу. Ушул топтом менен муунтуп жаткан курчоону, башкарылуучу басымга айландырууга болот.

Ирак: «от ичинде» башкаруунун сабагы.

Ирак – эгерде төмөнкү шарттар аткарылса, катуу санкцияларга карабастан – өлкө боюнча тартиптүү бөлүштүрүү системасы кеңири ачарчылыкты азайта аларын көрсөттү: борборлоштурулуп башкарылган запас, «агып кетүүсүз» адилет бөлүштүрүү тармагы, дыйканды мамлекетке тапшырууга шыктандыра турган жергиликтүү баалары, жана азык-түлүктүн эң төмөнкү деңгээлин коргоо үчүн каржылоонун ийкемдүү формалары (алмашуу/көзөмөлдүү сатуу).

Жоюлушу зарыл болгон коркунучтар:

• Нанды саясатташтыруу: колдоону азык-түлүк коопсуздугунун эмес, берилгендиктин куралына айлантуу көмүскө базарды жаратат.

• Географиялык топтолуу: элеваторлордун, тегирмендердин же кирүү пункттарынын бир жерге чогулушу чынжырдын алсыздыгын күчөтөт.

• Өндүрүштү муунткан мыйзамдаштыруу: майда өзгөчөлүктөрсүз катуу үрөөн мыйзамдарын көчүрүп киргизүү дыйкандарды жергиликтүү сортторунан ажыратып, коммерциялык көз карандылыкка түртөт.

• Энергиянын үзүлүшү: электр же күйүүчү майдын узакка токтоп калышы буудай бар болсо да ун чыгаруу менен нан бышырууну токтотот.

Жыйынтык: «унчукпаган» куралдан мамлекеттин иммунитетине чейин.

Батыш тез аскерий чечимге жете албаса, жаңы тикеленүүчү мамлекеттин дубалын азык-түлүк дарбазасы т.а. буудай, үрөөн, жеткирүү чынжырлары, каржылоо жолдорун жабуу аркылуу сынап көрөт. Акылга сыярлык жооп ураандарда эмес, азык-түлүк иммунитетин курууда: үрөөн көз карандысыздыгы, дан жана буурчакты жеринде өндүрүү, запастарды жана бөлүштүрүүнү башкаруу, суу менен энергияны бекемдөө, жеткирүү каналдарын диверсификациялоо. Ушундайча «буудай куралынын» муунткан таасири жокко чыгарылып, узак курчоону пландоону билген, жерин, үрөөнүн жана нанын көзөмөлдөгөн мамлекетке каршы таасири азайган жүккө айланат.

Ислам Үммөтүнүн кубаттарын жаңы тикеленүүчү Ислам мамлекетин колдоо үчүн жандандыруу планы.

Кириш сөз: Ислам мамлекетин орнотуу жана шариятты колдонуу күч-кубат (мүмкүнчүлүк) шартына байланышкан улуу шаръий важиб. Күч-кубат ишке ашканда шылтоолор жоголот, мамлекетти жарыялоо жана шарият өкүмдөрүн аткаруу милдет болуп калат. Сахабалар Пайгамбар ﷺ каза болгондон кийин аны жерге берүүнү толук бүтүрүүдөн мурун эле Ислам бийлигин орнотууну артык көрүшкөнү бул важибдин улуулугун көрсөтөт. Алар аны «эң маанилүү важибдердин бири» деп мүнөздөшкөн. Ислам өкүмдөрүнүн көбү аларды колдонгон бирдиктүү бийликсиз аткарылбайт. Демек, Ислам мамлекетин орнотууга мүмкүнчүлүк бар болсо, мусулмандар андан баш тарта алышпайт. Азыркы доордо Ислам аймактарында жаңыдан Ислам мамлекетинин тикеленишинин белгилери көрүнүп, мамлекет жарыялангандан кийинки этаптын чакырыктарын күн тартибине

койду: шариятты жарыялап колдонууга жана тышкы күчтөрдүн, коркунучтардын, аны үзгүлтүккө учуратуу аракеттеринин алдында туруктуулукту камсыздоого жетишиши үчүн Үммөттөгү көмүскө кубаттарды кантип иштетебиз? Бул теориялык бөлүм ички жана тышкы деңгээлде ошол кубаттарды кыймылга келтирүүнүн борбордук планын, шаръий далилдерге жана саясий-аскерий вакыйлык анализине таянып баяндайт. Ошондой эле Ислам акыйдасы Үммөттүн хазарий энергиясын жардыруудагы ролун, мамлекет жарыялангандан кийинки алгачкы чечүүчү баскычта вужудий (реалдуу) коркунучтарды жеңүү жолдорун көрсөтөт. Акырында, ушул негиздерди практикалык жактан кантип колдонуу керектигин айкын көрсөткөн топтолгон аткаруу планы сунушталат, муну менен катар саясий жактан алсыз жана чыныгы өзгөрүүгө суусаган исламий чөйрөдө мамлекеттин кеңейүү мүмкүнчүлүгү да баяндалат.

Ички элдик кубатты жандандыруу.

Ички элдик кубат жаңыдан тикеленген Ислам мамлекетинин ойгонушу жана туруктуулугунун биринчи таянычы болуп эсептелет. Мамлекет калкынан турган элдик база — исламий долбоордун табигый таянычы жана шаръий легитимдүүлүгү менен негизги күчүнүн булагы. Изилдөөлөр элдик кубаттын жыйындысы, эгер алар туура пайдаланылса, «терең мамлекеттин» же ички каршылаш күчтөрдүн кубатынан алда канча ашып түшөрүн көрсөтөт. Коомго сиңип кеткен каршы күчтөрдүн таасири канчалык чоң болбосун, эл жалпы жонунан алганда инсаний, материалдык жана ахлакый жактан кыйла чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бирок бул артыкчылык ошол кубаттарды канчалык таанып-билгенибизге жана аларды ишке канчалык жөндөмдүү салаарыбызга түздөн-түз байланыштуу.

Элдик кубаттын өзөгү – инсаний ресурс. Бул ресурс негизинен эки түргө бөлүнөт. Биринчиси, карапайым элдин жалпы кубаты: алардын саны, коомдун ар түрдүү тармактарына жайылышы жана жалпы мобилизация маалында пайда боло турган таасир күчү (мисалы, миллиондук нааразылык акциялары же курулуш жана жихад иштерине массалык катышуу). Экинчиси, өзгөчөлүк, сапат кубаты: булар тажрыйба жана адистикке ээ өзгөчөлөнгөн адамдардын — жөндөмдүү жетекчилердин колунда гана натыйжалуу боло турган кубаттар (пландоо, башкаруу, илим жана технология жаатындагы адистер).

Эл массасы санды жана дем-күчтү берет, бирок бул дем-күчтү туура багыттоо жана эң натыйжалуу пайдалануу Үммөттөгү жетекчи аң-сезим аркылуу гана ишке ашат. Ошондуктан жаңы мамлекеттин жетекчилиги жана өзгөрүү долбоорун көтөрүп чыккандар эл ичиндеги ушундай жөндөмдүү кадрларды табууга жана аларды курулуш жана

коргонуу процесстерине тартуугa милдеттүү. Саясатты аныктап, ресурстарды туура пайдалана алган чыгармачыл алдыңкы кадрлар гана инсаний байлыкты жана чийки ресурстарды натыйжалуу күчкө айландыра алат. Акылмандык менен башкаруу болбосо, байлык, ресурстар кыймылсыз бойдон калып, салмаксыз көбүккө айланышы мүмкүн. Ошондой эле эл да өз арасынан кубатын ойготкон, багыт берген Роббаний жетекчилер чыкпаса, алсыздыкты жана адашууну сезиши ыктымал. Ал эми ушул жөндөмдүү адамдар элдик кубатты жандандырып, туура пайдалана алса, анда инсаний күч ар кандай ички каршылык мүмкүнчүлүгүнөн алда канча жогору болот.

Ички элдик кубатты жандандыруу ыкмаларынын бири: мамлекет долбоорунун айланасына элди топтой турган, кеңири базага ээ элдик уюм түзүү. Изилдөөчүлөр «терең мамлекетке» жана ага окшош түзүмдөргө каршы күрөш бири-бири менен тыгыз байланышкан эки таянычка негизделерин белгилешет: элдин кубатын мобилизациялоо жана ошол кубатты тартиптүү элдик түзүмгө уюштуруу. Элдик уюм тар саясий партия эмес, ал — коомдун ар түрдүү катмарларын мамлекетти жана анын исламий долбоорун колдоого бириктирген жалпы алкак. Ал өзгөрүү стратегиясынын элдик аткаруучу канаты катары расмий жетекчилик менен параллелдүү иш алып барат. Бул уюм эл арасынан чыккан, ишенимдүү жетекчилердин көзөмөлүндө элдик каршылык аракеттерин уюштуруп, коомдун бүтүндөй жаңыдан жаралып жаткан мамлекетин коргоого катышуусун камсыздайт.

Муну ишке ашыруу үчүн эл менен эки деңгээлдеги байланыш зарыл.

Жалпы деңгээлде: массалык агартуу кампаниялары жана акыйда-фикрий кайрылуулар аркылуу ар түрдүү каражаттар (хутбалар, медиа, социалдык платформалар, элдик жыйындар) менен кеңири элге жетүү. Мындай кеңири байланыш коомдук пикирдин колдоосун бекемдеп, мамлекетке жана анын адилет ишине берилгендик рухун жайылтат.

Өзгөчө деңгээлде: коомдогу таасирдүү адамдар жана элиталар (аалымдар жана даъватчылар, уруу башчылары, жергиликтүү аскерий жана коопсуздук жетекчилери, аксакалдар жана адистер) менен түз байланыш түзүп, долбоорго ынандыруу жана алардын колдоосун мобилизациялоо.

Биринчи деңгээлдин ийгилиги бирдиктүү коомдук пикирди калыптандырып, экинчисинин ийгилигине жол ачат. Ал эми экинчи деңгээл ошол пикирди бекемдеп, элди жетектей алган аң-сезимдүү коомдук лидерликти калыптандырат. Ошентип, элдин бардык катмарлары — жигиттер, эркектер жана аялдар, адистер жана жумушчулар — көздөлгөн өзгөрүүнү ишке ашыруу үчүн биргелешкен

эмгек процессине тартылат. Өзүнүн бардык катмарлары менен ойгонгон эл ар кандай ички кол салууга же каршы көтөрүлүшкө каршы эң күчтүү курал, ошондой эле мамлекет жарыялангандан кийин туруктуулукту сактаган экономикалык жана социалдык чыдамкайлыктын негизи болуп саналат.

Ислам Үммөтүнүн мамлекеттен тышкаркы кубаттарын жандандыруу.

Жергиликтүү кубаттар менен катар, жаңыдан тикеленген Ислам мамлекети сырттагы, башкача айтканда, өз аймактык чек араларынан тышкары кеңири дүйнөдөгү мусулман элдеринин кубаттарын да ишке салууга тийиш. Анткени Ислам Үммөтү бүтүндөй алганда өлкөлөргө чачырап кеткен зор мүмкүнчүлүктөргө ээ, эгер аларды мобилизациялап, туура багыттоого жетишсе, бул жаңы мамлекет үчүн эбегейсиз стратегиялык тереңдикти түзөт. Жакынкы тарыхта мусулмандардын чек аралардан ашкан тилектештигинин үлгүлөрүн көрдүк: акыйданын биримдиги миңдеген ыктыярчыларды боордошторун колдоо үчүн (Афганистан, Босния, Сирия жана башка жерлерде болгондой) согуш майдандарына түрткөн. Бул көрүнүш мусулмандар кайсы жерде болбосун тагдырдын биримдигин сезип, Исламды жана бүтүндөй Үммөттү тиешелүү деп эсептеген иштер үчүн кан-жанын да, мал-мүлкүн да аябоого даяр экенин далилдейт.

Үммөттүн кубаттарын тышкы жактан жандандыруунун эң маанилүү көрүнүштөрүнүн бири — колдоонун жана оң өз ара аракеттенүүнүн чөйрөсүн бүт Ислам дүйнөсүнө кеңейтүү. Ошондуктан жаңы мамлекет жана аны колдогон кыймылдар коңшу өлкөлөрдөгү исламий кыймылдар жана элдер менен байланыш жана уюшуу тармактарын өөрчүтүп, ойгонуу долбоорунун душмандарына каршы күрөштүн алкагын кеңейтүүгө тийиш. Стратегиялык изилдөөлөр өзгөрүү аракеттерин бир эле обочолонгон өлкө менен чектөөгө болбой турганын, тескерисинче, Үммөттүн кубатын максималдуу пайдалануу жана күчтөр тең салмаксыздыгын толуктоо үчүн мусулман өлкөлөрүндө күрөш чөйрөлөрүн кеңейтүү зарылдыгын баса белгилейт. Чындыгында, Халифалык идеясына жана Ислам мамлекетинин кайра кайтуусуна каршы согуш жергиликтүү эмес, ал чыныгы исламий түзүмдүн пайда болушуна жол бербөө үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн ишке салган ири күчтөр баштаган глобалдык каршылык. Бул күчтөр өзгөрүү аракеттерин тар аймакта обочолондуруп, андан соң аймактык режимдерди кыймылга келтирип муунтуп салууга таянышат.

Ошондуктан бул душмандык альянска каршы туруу жаңы мамлекетти обочолонтууну бузуп, анын айланасында параллелдүү

фронтторду ачуу аркылуу гана мүмкүн. Бул нерсе душмандардын көңүлүн бөлүп, күчүн чачыратат. Исламий революциялык ишти мүмкүн болгон эң кеңири алкакка жайылтуу бир нече стратегиялык пайда берет: бир жагынан ал душмандардын пландарын бузуп, бир гана аймакты бутага алып калуусуна жол бербейт, экинчи жагынан Үммөттүн кошумча кубаттарын күрөш майданына тартып, каршылаштар менен болгон күч теңсиздигин жоёт. Айрым изилдөөлөр көрсөткөндөй, каршылык аймагын Ислам дүйнөсүнүн көпчүлүк өлкөлөрүн камтыган деңгээлге чейин кеңейтүү өзгөртүүчү жол башчыларына болгон басымды азайтып, башка өлкөлөрдөгү боордошторунун колдоосу менен алардын туруктуулугун бекемдейт. Ошентип, залим күчтөр ар бир өзүнчө боштондук аракетин өз-өзүнчө басып, башкаларга сабак кылып коюунун ордуна, бир убакта баарын басууга мүмкүн болбой турган өз ара байланышкан, бир мезгилде тутанган көтөрүлүштөргө туш болот.

Практикалык деңгээлде жаңы тикеленген мамлекет Үммөттүн чек аралардан ашкан материалдык жана инсаний ресурстарын ар кандай жолдор менен пайдаланса болот. Мисалы, Пайгамбар ﷺ доорунда Дарул-Исламга хижрат кылуу Мадина мамлекетинин негизги таяныч булактарынын бири болгондой, Халифалык долбооруна ишенген аң-сезим ээлерине, адистерге жана жумушчуларга өлкөгө көчүп келүүгө эшиктерди ачуу кажет. Ошондой эле сырттагы мусулман жамааттарынан жана ишкерлерден каржылык колдоону тартуу аркылуу мамлекеттин долбоорлорун каржылоо, экономикасын чыңдоо мүмкүн. Ошону менен катар алардын технология, өнөр жай жана башка тармактардагы тажрыйбаларынан да пайдалануу зарыл. Мунун баары Үммөттүн байлыктарын мамлекет тарабынан инвестициялоо, алардын кирешелерин өнөр жайга, айыл чарбасына жана зарыл муктаждыктарды жабууга багыттоо менен катар жүрөт.

Мындан тышкары, глобалдык маалыматтык фронтту жандандыруу зарыл: ар бир өлкөдө исламий коомдук колдоону мобилизациялоо жана окуялардын баянын туура багыттоо аркылуу жаңы мамлекетти бүтүндөй Үммөт үчүн үмүт катары көрсөтүү керек. Анткени ал Пайгамбар ﷺ убада кылган пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи Халифалыктын ишке ашуусун билдирет, Роббибиздин жер жүзүндө мураскерлик, кубаттандыруу, коопсуздук жана биримдик тууралуу убадасын, ошондой эле «мушриктер жек көрүшсө да Исламды бардык диндерден үстөм кылуу» убадасын ишке ашырууга умтулат. Мындай акыйдавий робыта (байланыш) Үммөт уулдарынын жүрөгүндө терең таасир калтырат.

Мунун айкын далили бар, атаандаштар да мусулмандарды дининен жана саясий талабынан алыстата албаганын моюнга алышкан. Батыш изилдөөчүлөрү байкагандай, кайсы жерде адилет шайлоолор өткөрүлсө, мусулман калк басымдуу көпчүлүк менен исламий агымдарды тандаган. Бул биздин өлкөлөрдө жалпы коомдук маанай исламий долбоор тарапта болуп, бирок көз каранды, секулярдык режимдерге каршы экенин көрсөтөт. Демек, эгерде Исламдын желегин чындап көтөргөн жана ийгиликтүү үлгү көрсөтө алган бир түзүм пайда болсо, ал шексиз чыныгы колдоого, кеңири симпатияга, ал тургай чек араларынан тышкаркы исламий кыймылдардын жана мусулман массаларынын берилгендигине ээ болот.

Мындан тышкары, даъваттын Орто Азияда, Индонезияда, Бангладеште, Пакистанда жана башка аймактарда өтө таасирдүү түрдө жайылганын да эске алуу керек. Бул элдер исламий сезимталдыгынын күчтүүлүгү, кайраттуулугу, жардамга шашылышы жана кабыл алуучулугу менен айырмаланат. Мунун баары өтө маанилүү факторлор болуп саналат.

Тышкы жакка акылдуулук менен кеңейүү тактикаларынын бири: чек аралар аркылуу координация жүргүзүп, логистикалык колдоону алмашуу жана тарапкерлердин карым-катышын жеңилдетүү. Кээде коңшу, тилектеш (же борбордук көзөмөлү начар) мамлекеттерде коопсуз коридорлорду же арткы таяныч аймактарды түзүү зарыл болушу мүмкүн. Алар жаңы тикеленген мамлекетти адамдар жана жабдуулар менен камсыздоого, керек учурда башбаанек берүүгө кызмат кылат. Ошол эле учурда, тескерисинче, жаңы мамлекет ал өлкөлөрдөгү өзгөрүү уюмдарына колдоо көрсөтүп, душман режимдерди кризиске түртүп, аларды алаксыта турган жаңы фронтторду тутандырат. Мындай чек аралардан ашкан күрөштүк биримдик ар бир мусулманга шариятты орнотуу күрөшү жергиликтүү маселе эмес, бүт Үммөттүн иши экенин сездирет, бул ынтызарлыкты арттырып, жеңишке үмүт отун жандырат. Ушундайча расмий саясий биримдикке жетүүдөн мурун эле саптардын практикалык биримдиги калыптанат да, андан кийин Аллахтын уруксаты менен, бошотулган аймактардын жалпы Халифалык түзүмүнө биригишине жол ачылат.

Хазарий энергияны жандандырууда Ислам акыйдасынын ролу.

Ислам акыйдасы — исламий ойгонуу долбоорунун согуп турган жүрөгү жана Үммөттөгү жашыруун хазарий кубаттарды ойготкон эң улуу түрткү. Ислам акыйдасы курулай теориялык негиздердин жыйындысы же обочо ибадаттар эмес, ал амалга түрткү берген, жандуу, натыйжалуу жана позитивдүү түзүм. Ал ыймандуулардын жан дүйнөсүнө зор руханий жана психологиялык энергия берет. Адам,

аалам, тирүүлүк тууралуу исламий түшүнүк амал менен айкалышкан терең ыйманды бекемдеп, жеке адамдын жана коомдун кубатын улуу максатка жана түбөлүктүү рисалатка багыттайт. Дал ушул ыйман аркылуу мурун чачырап, алсыз болгон араб уруулары бир күчтүү Үммөткө айланып, тарыхтын жүрүшүн өзгөрттү, ар түрдүү элдер бир хазарий блокко биригип, кылымдар бою дүйнөгө жетекчилик кылды. Ислам бул тарыхый кереметти теңдеши жок хазарий энергияны ойготуу аркылуу жаратты. Анын сыры келечек ушул динге таандык экенине бекем ишенимди азыктандырган, жогорку миссиядагы рухту жараткан акыйдада.

Ислам акыйдасы аны тутунган адамдарга өзгөчө руханий күч берет. Бул күч аларды жан дүйнө тынчтыгы жана бекем сабыр менен мүмкүн эместей көрүнгөн иштерге да бел байлатат. Чыныгы момун адам абсолюттук акыйкатта экенине, Аллах Өз динин колдогон пендеси менен бирге экенине жана Аллахтын алдындагы сыйлык бул дүйнөдөн артык жана түбөлүктүү экенине бекем ишенет. Бул түшүнүктөр зор психологиялык энергияны жаратып, мусулмандын эң оор машакаттарды да ийилбей, багынбай көтөрүшүнө шарт түзөт.

Тарых Меккеде алгачкы момундардын кыйноо алдында көрсөткөн таң каларлык сабырдуулугун каттаган. Алардын терилери кыздырылган темир менен күйгүзүлүп, кыпкызыл кум үстүндө улам-улам камчыланса да, алар дининен кайткан эмес. Алар ушундай абалда туруштук берип, Аллах бул ишти толук бүтүргөнгө чейин же айрымдары шашылып жатканда Пайгамбар ﷺ сүйүнчүлөгөнгө чейин чыдашкан. Мындай туруктуулук алардын жүрөгүн ээлеген терең ыйман болбосо мүмкүн эмес эле.

Айрым аалымдар бул пайгамбарлык көрүнүшкө токтолуп, Расул ﷺ сахабаларына сиңирген эң улуу жемиш — акыйда пикирлеринин күчүнө болгон толук ишеним жана ал момундарды эң катаал сыноолордо да туруштук берүүгө жетиштүү энергия менен камсыздай алышына болгон ишеним экенин баса белгилешкен. Сахабалар адамдык табияты боюнча өзгөчө керемет адамдар эмес болчу, бирок Курандын якыний аяттары менен толгон бекем ыйманы аъларды башкалар жетпеген даражага көтөргөн. Алар руханий демди жана моралдык күчтү материалдык түрткүлөрдөн эмес, акыйдадан алышкан. Алар саны жана жабдыгы аз болгонуна карабастан, ички жактан жеңилген эмес. Натыйжада, аларга жеңиш жана колдоо насип болду. Акыйданын ушул кошумча баалуулугу кадимки адамды илхамдуу баатырга айландырат, анткени ал Аллахтын коштоосун сезет, Аллахтын ыраазылыгы жана акырет турмушу үчүн дүйнөнү арзан көрөт, залимден коркпойт, кыйынчылык аны сындыра албайт.

Дал ушул ыймандык фактор мусулмандардын узак тарыхы бою сапаттык артыкчылыгынын сыры болуп келген.

Жогорудагы айтылган сөздөргө таянып айтканда, мындай жандуу акыйдага ээ болгон Үммөттү – душмандарынын материалдык күчү канчалык чоң болбосун – хазарий күрөштө жеңүү мүмкүн эмес. Ислам акыйдасынын өзгөчөлүгү ал дүйнө менен акыретти байланыштырганы жана материалдык пайда менен акыреттик баалуулуктардын ортосунда тең салмак түзгөнүндө. Мунун натыйжасында мусулман бул акыйданын талаптарына жооп кылып эң кымбат нерселерин, керек болсо өз жанын да курмандыкка чалууга даяр болот. Ал эми Ислам душмандары утилитардык, материалисттик акыйдаларга таянышат. Алар убактылуу пайдаларды ыйык көрүп, адамдардын каалоолоруна жана азчылыктын кызыкчылыктарына негизделет. Ошондуктан алар мусулмандардай руханий түрткүгө жана курмандыктарга даяр эмес. Мындан тышкары, Исламдын акыйкаттарын жокко чыгара турган же момундарды өз дининен баш тарттырууга түртө турган акыйдавий альтернатива сунуштай алышпайт.

Ушундан улам Батыш ойчулдары өздөрү да фикрий-акыйдавий майданда жеңиш Ислам Үммөтү тарабында экенин моюндашат. Миссионерлик да, ориентализм да, заманбап медиа кампаниялары да мусулмандардын ыйманын түп-тамырынан сууруп чыгара алган жок же алардын жандуу акыйдасынын талаптарынан кайтара алган жок. Ооба, душмандарыбыз айрым зыяндарды келтирип, кээ бир күмөн ойлорду тарата алышты, бирок, тажрыйба көрсөткөндөй, Үммөт материалдык жактан алсырап же аскерий жактан жеңилген сайын, ал тез арада өз акыйдасына кайтып, динин бекем кармануу менен кайрадан көтөрүлөт. А түгүл айрым баскынчылар да акырында Исламды кабыл алышкан (Багдадды басып алгандан кийин моңгол-татарлардын Исламга кириши сыяктуу).

Туура жана салмактуу акыйдавий тарбия үммөттүн хазарий энергиясынын негизи болгон зор жамаий кубатты жаратат. Анткени акыйда жалгыз эле өзүнчө баатыр инсандарды эмес, жамаий долбоор көтөргөн, миссиялуу, бир бүтүн үммөттү калыптандырат. Аллах Таала мусулмандарды бир үммөт кылып чыгарды:

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلْنَاكُمْ أُمَّةً وَسَطًا لِّتَكُونُوا شُهَدَاءَ عَلَى النَّاسِ﴾

***«Жана Биз силерди башка адамдардын үстүнөн күбө болууңар үчүн жана Биз силерди орточо** (адилеттүү) **бир үммөт кылдык».*** (Бакара: 143).

Аллах Таала аларды «адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт» деп сыпаттап, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтаруучу жамаат

экенин билдирди. Ыйман ар бир адамга дин үчүн жоопкерчилик жүктөп, өзүн Үммөт денесинин бир бөлүгү катары сезүүсүнө себепчи болот. Ошондуктан, ал Исламды жалгыз өзү эмес, жамааттын ичинде, бир бүтүн түзүлүш катары колдойт. Ислам өз жолдоочуларынын жүрөгүнө ыйманий бир туугандыкты бардык байланыштардан жогору коюу түшүнүгүн сиңирип, урууларды, улуттарды жана этносторду бир казанда кайнатты. Акыйда биримдиги тектин жана түстүн тоскоолдуктарын жок кылып, мусулмандардын жүрөктөрүндө дин байланышы кан байланышынын ордуна койду.

Дал ушул акыйдавий биримдик аркылуу араб, фарс, хабаш, түрк, күрт, түркмөн, амазиг жана башка бардык элдер Аллах үчүн бир туугандарга айланып, бекем дубалдай катар тизилип, бирге күрөшүштү жана бул көрүнүш ошол кезде душмандарды таң калтырган. Бул биримдик бардык берилгендиктерден жогору турган берилгендикти жаратты. Мусулман ыйман байланышынын түрткүсү менен жер жүзүнүн эң алыс бурчундагы боордошуна жардамга шашат. Ар кайсы аймактарда кысымга алынган мусулмандарды коргоо үчүн жихадга жана жардамга болгон каалоо ошол акыйдабий бир туугандыктын уланып келген табигый жемиши болуп саналат.

Демек, Ислам акыйдасы — үммөттүн хазарий кубаттарын жандандыруучу күч. Ал адамдын рухун эң бийик даражага көтөрөт, коомду бекем жана тыгыз бир бүтүндүккө айлантат жана аны жамааттык түрдө адамзатка боштондук жана хидаят алып келүү рисалатын көтөрүүгө түртөт. Ушундай акыйда бар кезде материалдык ресурстар да, инсаний күчтөр да момундардын колунда ийкемдүү куралга айланып, убактылуу же тар кызыкчылыктар үчүн эмес, улуу максаттарды ишке ашыруу үчүн багытталат.

Алгачкы баскычта вужудий коркунучтарды жеңип өтүү.

Ислам мамлекетинин тикеленгени жарыялангандан кийинки баскыч — эң кооптуу баскыч. Анткени ушул маалда жаңы мамлекетти ички жана тышкы душмандар түздөн-түз вужудий коркунучтарга дуушар кылып, бешигинде муунтууга аракет кылышат. Ошондуктан исламий долбоор бул коркунучтарды жеңип өтүп, алгачкы туруктуулукту камсыз кылуу үчүн акылмандык менен түзүлгөн стратегияга муктаж. Биринчи кадам — айланадагы кастыктын көлөмүн реалдуу аңдоо: бүгүн Ислам мамлекетин орнотуу Ислам душмандары тарабынан стратегиялык чакырык катары кабыл алынып, эл аралык жана аймактык күчтөрдүн кеңири альянсын козгойт. Ири державалар шариятты колдонгон исламий башкаруу үлгүсүнүн жаралышына оңойлук менен жол бербестиги, бул багыттагы ар кандай аракеттерди үзгүлтүккө учуратуу үчүн өздөрүнүн глобалдык таасирин жана

аймактагы бутактарын ишке салаары белгилүү. Бул болсо жаңы мамлекет көп фронттуу согушка туш келиши мүмкүн экенин билдирет: түз же ортомчулар аркылуу аскерий кол салуу, экономикалык курчоо, дүйнөлүк деңгээлдеги маалыматтык каралоо, агенттер же ажырымдар аркылуу ички баш аламандыкты тутантуу.

Мындай вужудга жетүүчү коркунучтарга каршы жаңы мамлекет Пайгамбар ﷺдын этият чара көрүү, даярдык көрүү жана себептерди аткаруу менен Аллахка таянуу услубун карманат. Пайгамбар ﷺ сахабаларын душмандын күчүн жеңил көрбөөгө жана таразанын жеңиш тарабы оор басышы үчүн мүмкүн болгон бардык даярдыкты көрүүгө тарбиялаган. Ушундан улам, максатка жетүү жана жеңишке үмүттөнүү жеңилүүдөн жогору турган шартта каршы туруу алдын ала пландалышы керек. Бул мүмкүн болгон бардык материалдык жана руханий кубаттарды мобилизациялоого таянат. Буга коргонуу үчүн Аллахтын буйругун аткаруу иретинде жетиштүү аскерий күчтү даярдоо да кирет:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٍ﴾

***«(Эй момундар), алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп койгула».*** (Анфал: 60).

Бул даярдык кадимки (регулярдык) күчтөрдү да, салттуу эмес согуш ыкмаларын да (партизандык согуш, үзгүлтүксүз буктурмалар аркылуу душманды алаксытуу) камтыйт. Эгер курал-жарак жана технология жагынан күчтөрдүн тең салмагы душмандардын пайдасына ооп турса, момундар салттуу эмес согуш ыкмалары аркылуу каршылаштын кубатын начарлатып, пландарын бузуу менен таразаны теңей алышат. Партизандык согуш тактикалары тарыхта ири армияларга каршы чакан каршылык кыймылдарынын туруктуулугун далилдеген. Мындан тышкары, ийгиликтүү боштондук кыймылдарынын тажрыйбалары пайдалуу. Афганистанда Советтер Союзуна, андан кийин америкалыктарга каршы күрөшкөн мужахиддердин кайраты же Газа баатырларынын тажрыйбасы буга ачык мисал. Бул мисалдарда руханий фактор жана согуштук акыйда курал-жарактагы айырманы жеңип өтүүдө чечүүчү рол ойногон.

Ошондой эле ийкемдүү коргонуу стратегиясын кармануу зарыл: курчоого же бомбалоого оңой болгон жерлерге топтолбоо, тескерисинче, жайылуу жана жашырынуу ыкмаларын колдонуп, зарыл учурда оор соккуларды ура ала турган мүмкүнчүлүктү сактоо. Мүмкүн болгон сайын салгылашууну душмандын тылына көчүрүү керек. Бул нерсе аны өзүн коргоо менен алек кылып, чабуулга толук көңүл буруусуна жол бербейт. Аймактык деңгээлде каршылык фронторун

кеңейтүү – жогоруда айтылгандай – коопсуздук чечиминин бир бөлүгү болуп саналат. Душман күчтөр бир нече өлкөдө башаламандыктарга жана көтөрүлүштөргө туш болгондо, жаңы мамлекетти муунтууга багытталган ресурстары кыскарат. Душмандын аракетин көп фронтко бөлүү жаңы башталышты бардык күчтү топтоп сокку уруудан коргойт.

Ички жактан негизги чакырык — ички фронтту душмандын кирип кетүүлөрүнөн, ушак-айыңдардан жана психологиялык согуштан бекемдөө менен коштолот. Мамлекет жетекчилиги ички ар түрдүүлүк (уруулар, ашарилер, ар түркүн фикрий кыймылдар) менен акылмандык негизинде иш алып барып, бул ар түрдүүлүктү фитна себүүгө эмес, долбоордун айланасына бириктирүүгө кызмат кылдыруусу керек. Акылман саясат түз коркунуч жаратпаган пикирлеш эместерди диалог аркылуу жана шарият алкагында негизги укуктарды кепилдөө менен өзүнө тартууну, ал эми душмандарга байланышы бар саткындар менен агенттерди обочолонтууну талап кылат. Башынан тартып эле исламий адилеттикти көзгө көрүнгөн чындык катары көрсөтүү абзел, анткени өкүмдүн адилеттүүлүгү жана таза иши элди козутууга багытталган душмандык пропагандага каршы эң мыкты шаръий калкан болот. Чектөөлөрдү колдонуу жана шариятты орнотуу анын акылмандыгын жана ырайымын түшүндүрүү менен коштолушу зарыл. Ошондо эл мурунку залим режимдерге салыштырмалуу алда канча адилет жана ырайымдуу түзүмгө өткөнүн аңдайт.

Ошондой эле “терең мамлекеттин” калдыктарын жана эски күч борборлорун этияттык менен обочолонтуу маанилүү. Мурунку репрессиялык аппараттарды бузуу жана алардын бузгунчу жетекчилерин тамырынан тазалоо ички коопсуздукка коркунуч жарата турган «бешинчи колоннанын» алдын алуу үчүн зарыл. Бирок бул процесс ойлонулган түрдө жүргүзүлүп, мүмкүн болушунча орто звенодогу кадрлардын берилгендигин колго алуу эске алынышы керек (аппараттардын ичинде аргасыздан иштеген жөнөкөй аскерлерди же кызматкерлерди өз ичине алуу сыяктуу). Кыскасы, жаңы мамлекет коопсуздук жагынан сергек болушу шарт, бирок элдин баарына шек саноо менен кароого айланып кетпеши керек. Кастык уюштургандарга карата чечкиндүүлүк менен Үммөттүн кең катмарын камкордукка алуу ортосунда тең салмак зарыл, анткени алардын ичинде душмандын пропагандасынан аздыр-көптүр таасирленгендер да бар.

Мында маалыматтык жана моралдык согуштун ролу да көз жаздымда калбашы керек. Эл аралык пропаганда машинасына салыштырмалуу жаңы мамлекеттин медиа мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгону менен, заманбап байланыш аянтчалары аркылуу өз

баяндамасын жеткирүүгө жана тышкы элдик тилектештикти топтоого болот. Көптөгөн исламий кыймылдар, анын ичинде Кассам бригадалары агрессорлордун кылмыштарын ашкерелеп, эзилгендердин азабын сөз жана сүрөт аркылуу жеткирүү менен дүйнөлүк деңгээлде колдоо топтоого жетишкен. Душмандардын кылмыштарын ачып, алардын ырайымсыздыгын дүйнөлүк жана исламий коомдук пикирге көрсөтүү саясий жактан аларды уятка калтырып, жаңыдан жаралган түзүмгө болгон аскерий басымды кайтарууну жеңилдетет. Ошол эле учурда тарапкерлерге Аллахтын жеңиши жакын экенин эскерткен ыймaний билдирүүлөрдү жайылтуу ички туруктуулукту бекемдейт. Сыноо менен жеңиштин сунналарын, ошондой эле Аллах Тааланын бул динди бекемдей турган убадасын эске салуу — алгачкы аскерий сокку же экономикалык курчоо маалында пайда боло турган дүрбөлөңдү азайтат. Үмүттү жана Аллахка болгон ишенимди бекемдөө алгачкы эң оор баскычтан өтүүнүн чечүүчү фактору. Анткени, ушунун артында мужахиддер ачык жеңиш кечиксе да күрөштү улантууга күч алышат. Аллах Таала айтты:

﴿إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ﴾

***«Эгер силер Аллахка жардам берсеңер** (тактап айтканда Анын жолунда жихад кылсаңар)**, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат».*** (Мухаммад: 7).

Бул убадага болгон бекем ишеним фронтто таң каларлык туруктуулукту берет.

Аткаруучулук топтолгон план.

Төмөндө айтылган таянычтарды практикалык жактан ишке ашырып, чакырыктарга каршы турууну жана Аллахтын уруксаты менен бекемдөөгө жетүүнү көрсөтүүчү кыска аткаруу планы берилет:

Ички түзүмдү бекемдөө жана элди камтуу.

Эң оболу ички башкаруунун пайдубалын бекемдеп, натыйжалуу башкаруу институттарын түзүү жана жарандарга адилеттик жана кесипкөйлүк негизде кызмат көрсөтүү зарыл. Шарияттын роясы астында адилеттикти орнотуу жана адамдарды тең карап, укугун берүү жаңы мамлекетке элдин жүрөгүндө бекем легитимдүүлүк алып келет. Ошондой эле коомдун ар түрдүү түзүмдөрү (уруулар, ашарилер, башка исламий кыймылдар) менен жергиликтүү шура кеңештери, коомдук лидерлер менен үзгүлтүксүз жолугушуулар аркылуу ишеним көпүрөлөрүн куруу керек. Максат — ички бирдиктүү фронтту калыптандыруу. Анда мамлекет баарына тиешелүү, жамааттык исламий долбоор катары кабыл алынып, мусулмандардын да,

зиммийлердин да укугу, адилеттиги жана жыргалчылыгы камсыздалат. Бул душмандардын ички ажырым салуу аракеттерине жол бербейт.

Элдик кубаттарды мобилизациялоо жана уюштуруу.

Коомдук ишеним бекемделгенден кийин массалык мобилизация долбоорлору ишке киргизилет: мамлекеттин максаттары менен услубдарын түшүндүргөн саясий жана шаръий агартуу кампаниялары, ошондой эле ар түрдүү тармактарда ыктыярчыларды тартуу боюнча практикалык программалар (жергиликтүү полиция, куткаруу топтору, кварталдык комитеттер ж.б.). Бул жерде кеңири тараган элдик уюм түзүү пайдалуу: ар бир аймактан чыккан өкүлдөр (нукаба) элдик аракеттерди координациялап, инсаний ресурстарды коопсуздукка, өндүрүшкө жана коомдук кызматтарга багыттайт. Ошондо фронттогу жоокерден тартып, талаадагы дыйканга жана клиникадагы дарыгерге чейин ар бир адам өзүнүн мамлекет долбоорундагы ролун сезет. Мындай элдик уюм ички коркунучтарга каршы эрте эскертүү тармагын да камсыздайт, коомдук аң-сезим жогорулап, эл менен шаръий органдардын ортосундагы кызматташтык бекемделет.

Үммөттүн тышкы колдоосун жалпы мобилизациялоо.

Жаңы тикеленген мамлекет кайсы жерде болбосун мусулман элдеринин колдоосун алууга багытталган тышкы маалыматтык жана даъваттык саясатты кабыл алат. Расмий билдирүүлөр жана медиа аянтчалар аркылуу үммөттүн алдында мамлекет ишинин адилеттүүлүгү жана курчоодогу абалы түшүндүрүлүп, мусулмандарды аны мал-мүлкү, жаны жана сөзү менен колдоого чакырат. Бай өлкөлөрдөгү мусулман диаспоралары менен байланыш түзүү үчүн атайын комитеттерди уюштуруп, кайрымдуулуктарды, каржылык жана техникалык колдоону топтоо, ошондой эле ал жактагы коомдук пикирге таасир этүү аркылуу алардын бийликтерин душмандык кийлигишүүдөн кармоо максат кылынат. Аймактык деңгээлде болсо, мамлекет өз өлкөлөрүндө зулум режимдерге каршы иш жүргүзгөн исламий уюмдар менен координацияланып, өз ара пайда негизинде кызматташат. Бул душманды алаксыткан параллелдүү фронтторду ачуу, логистикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүү менен болот. Мындай тышкы аракеттер жаңы мамлекетке стратегиялык терeңдик берип, анын обочо эмес экенин, бүт Ислам дүйнөсү боюнча элдик таянычы бар экенин дүйнөгө көрсөтөт.

Коргонуу жана коопсуздук мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө.

Мамлекет көп катмарлуу, комплекстүү коргонуу тутумун түзөт. Алдыңкы саптарда туруктуу жана жарым-ирээттүү күчтөр даярдалып, кол жеткен ылайыктуу курал-жарак (олжолук же жергиликтүү

өндүрүш) менен камсыздалат жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша партизандык согушка жана капыстан чабуул кылуу тактикаларына үйрөтүлөт. Арткы саптарда ички коопсуздук бөлүктөрү жана революциялык чалгын кызматтары түзүлүп, ар кандай кирип кетүүнү же кутумду башында эле аныктап токтотот. Чек аралар жана кирүү-чыгуу пункттары коңшу исламий уюмдар менен кызматташуу аркылуу бекемделип, өз ара коргонуу терендиги жаратылат. Бул нерсе душмандын тыңчыларына кыймылды кыйындатып, Ислам тарапкерлерине жеңилдетет. Курчоо коюлган учурда азык-түлүк, күйүүчү май жана ок-дары менен камсыз кылуу үчүн коопсуз жашыруун маршруттар боюнча өзгөчө кырдаал пландары да каралат. Узагыраак мөөнөттө мамлекет акылмандык менен агрессорлорду коркутуп-тыйган сапаттык күч элементтерине умтулат. Мисалы, ракеталык мүмкүнчүлүктөр, натыйжалуу абадан коргонуу же учкучсуз учкан аппараттар, заманбап согушта арзан, бирок өтө таасирдүү куралдар душмандын кеңири чабуул жөнүндө ойлоосуна бөгөт койгон фактор катары каралат.

﴿وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ﴾

***«(Эй момундар), алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды коркунучка саласыңар».***

Бул иштер сабыр жана пландуу аракет аркылуу баскычма-баскыч жүзөгө ашат. Мында эч кимге көз каранды болуп калбастан, эл аралык карама-каршылыктардан да пайдаланып калууга болот (мисалы, түз душманыбызга атаандаш ири державалардын мүмкүн болгон жашыруун колдоосун колдонуу).

Исламий чөйрөдө баскычтуу, ойлонулган кеңейүү.

Ички түзүм бекемделип, коргонуу мүмкүнчүлүктөрүнүн эң төмөнкү деңгээли камсыздалгандан кийин аймактагы саясий алсыздыктарды эске алган кеңейүү пландары иштелет. Коңшу өлкөлөрдүн көбү саясий жана коопсуздук боштугунан жапа чегип, элдери өз режимдерине нааразы болот. Ислам мамлекети мындай мүмкүнчүлүктөрдү байкап турушу керек: коңшу мусулман өлкөдө зулум режим куласа же элдик көтөрүлүш башталса, бул оң кийлигишүү үчүн эшик ачат. Бул кийлигишүү ал жактагы исламий күчтөргө логистикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүү аркылуу жүзөгө ашырылып, алар бийликти колго алып, кийин мамлекетке кошулууну сурай турган деңгээлге жетиши мүмкүн (тарыхта исламий амирликтердин бир Халифалыкка тынчтык же согуш аркылуу кошулуп келгениндей).

Бирок шашылуу кооптуу. Аскерий түз кеңейүүгө ийгилик шарттары т.а. кабыл алган элдик база, жетиштүү колдоо жана коопсуздукту камсыздоо линиялары толук болгондо гана баруу сунушталат. Болбосо, негизги күч ошол өлкөлөрдө элдик уюмдардын ячейкаларын түзүүгө жана режимге каршы ылайыктуу учурду күтүүгө багытталат. Эң маанилүүсү, мамлекет жана анын партиясы өз иши биринчи күндөн тартып чек арадан ашкан мүнөздө экенин, үммөт бөлүнбөс бир бүтүн экенин аңдап турушу керек. Ошондо исламий өзгөрүү тар бурчка камалып, акырындап муунтулуп калбастан, токтотууга кыйын болгон аймактык күчтүү агымга айланат.

Акыйдавий жана фикрий фронтту бекемдөө.

Талаадагы кадамдар менен катар, мамлекет өз калкынын жана бүт үммөттүн акыйдавий жана саясий аң-сезимин үзгүлтүксүз көтөрүп турууга тийиш. Бул билим берүү программалары, жетекчилер менен аалымдардын хутбалары, ошондой эле Исламдын маңызын так жеткирген эркин жана калыс медиа каражаттары аркылуу ишке ашырылат. Максат душмандар жүргүзгөн каралоо кампанияларына жана психологиялык согушка каршы фикрий иммунитетти калыптандыруу.

Адамдар бул мамлекетти эмне үчүн орнотуп жатканыбызды б.а. Аллахтын буйругуна моюн сунуу, Анын шариятын колдонуу, роббаний адилеттикти орнотуу жана адамзатты адамдардын зулумунан куткаруу үчүн экенин айкын түшүнгөндө, шарият өкүмдөрүн туура түшүнүп, маңызын аңдаганда, алар бул роббаний долбоорду коргоо үчүн жанын аябастан даяр болушат. Айрыкча, бул өзгөрүүнү мурдагы чириген коррупцияга баткан, көз каранды системалардагы жашоо менен салыштырганда, айырма ачык-айкын көрүнөт. Бул Исламдын улуулугун жахилия менен салыштырган алгачкы мусулмандардын абалына окшош.

Туура акыйда демди сактап, курмандыктарды улантууга кепил болот. Ар бир адамды өзүнө өзү көзөмөлчү кылып, шек же алсыроонун киришине жол бербейт. Мындай фикрий бекемдөө туруктуулукка түз салым кошот. Өз долбоорунун баасын түшүнгөн аң-сезимдүү, ыймандуу коом душмандардын ишенимди солкулдатуусуна да, сапты жаруусуна да жол бербейт.

Мамлекеттин ислам айланасында кеңейүүгө жөндөмдүүлүгү.

Жаңыдан тикеленген Ислам мамлекетин курчап турган аймактык чөйрө көбүнчө режимдердин сырткы «күчү», калыбына карабастан, исламий кеңейүү үчүн ылайыктуу. Анткени бул режимдердин басымдуу бөлүгү легитимдүүлүгү алсыз, кысымга жана диктатурага, чет элдик күчтөрдүн колдоосуна таянат, терең коррупция жана

бузгунчулук, экономикалык чабалдык жана турмуштун оордугу менен мүнөздөлөт.

Азыркы учурда ал калктардын мусулман бөлүгүндө көз карандылыкка жана зулумга каршы аң-сезимдери артып, каршылыгы күчөп жатат. Изилдөөчүлөр белгилешинче, мусулман өлкөлөрүндө коомдук пикир дээрлик толугу менен үстөмдүк кылган куфр режимдерин четке кагып, исламий альтернативага муктаждыкты билдирүүдө.

Акыркы он жылдыкта жайылган исламий ойгонуу үммөттө шарият менен адилет башкарууга болгон күчтүү сагынычты ойготуп, элдерди коркунучтарды да көзгө илбестен өзгөрүүгө умтулган абалга алып келди. Бул жагдай Ислам мамлекети үчүн тарыхый мүмкүнчүлүк түзөт. Элдерди Исламдын бийлигине жана анын мамлекетине чакыруу аркылуу кеңейүүгө шарт түзүлөт, мындан тышкары, ошол өлкөлөрдөгү абалга каршы революциялык факторлорду да козгой алат. Элдер реалдуу жашоодо ишке ашкан ийгиликтүү үлгүнү көргөндө, ага өз ыктыяры менен кошулууга умтулушат.

Биз "араб жазы" маалында залим режимдердин кулашы эл массаларында адилет исламий мамлекетти орнотууга чоң үмүт жаратканын көрдүк, бирок ошол кезде жетектөөчү бирдиктүү түзүмдүн жоктугу бул үмүттү ишке ашырууга тоскоол болду. Ал эми бүгүн кайсы бир аймакта ушундай түзүмдүн пайда болушу үмүттү ишке ашыра алат. Мусулмандардын көз карашы ошол мамлекетке бурулат, коңшу өлкөлөрдүн ичинен да окшош өзгөрүүнү талап кылган басым күчөйт жана аны курчоого алып, муунтуу аракеттерин үзгүлтүккө учуратуу мүмкүнчүлүгү жаралат.

Кеңейүүгө болгон жөндөм ар кандай формада көрүнөт. Коңшу бир режим элдик көтөрүлүштүн басымынан кулап, анын эли жардам жана шариятты колдонуу үчүн Ислам мамлекетине ыктыярдуу түрдө байъат кылса, ал тынч жол менен кошулуу аркылуу болушу мүмкүн. Же болбосо шарттар жетилгенде аскерий фатх аркылуу ишке ашышы мүмкүн, мисалы, душман режимдин армиясы ыдырап кеткенде же алгачкы исламий фатхтарда Шам менен Мисирдин көптөгөн тургундары мусулмандарды Румдардын зулумунан куткаруучу катары тосуп алганы сыяктуу, калкынын айрым катмарлары зулумдан куткаруу үчүн Ислам мамлекетинен жардам сурагандай болушу ыктымал.

Кандай болбосун, табигый кеңейүүнүн сунналарын сактоо зарыл. Тартылуу күчүн жана хазарий таасирди колдонуп, ырааттуу жана ойлонулган стратегия менен иш алып баруу жана мамлекеттин ички биримдигин сактоо шарт. Заманбап тажрыйбалар көрсөткөндөй,

чектелген аймакта обочо иш жүргүзүү демилгечилерин өз душмандарынын оңой олжосуна айлантат. Ал эми кеңири жайылуу долбоор ээлерине тереңдик жана бекемдик берет, анткени ал катышуучулардын жана колдоочулардын айлампасын кеңейтет. Ошондой эле чек аралар аркылуу фронтторду бириктирүү зулум режимдердин исламчыларга каршы өз ара координация мүмкүнчүлүгүн азайтат, анткени ар бири өзүнүн көп сандаган ички көйгөйлөрү менен алек болуп калат.

Ислам мамлекетинин Ислам дүйнөсү боюнча көзөмөл аймагын кеңейтүүдө ийгиликке жетиши — практикалык жактан күрөштү жаңы баскычка өткөрүү дегенди билдирет. Курчоодогу бир мамлекет менен күрөшүүнүн ордуна, каршылык бүт үммөт менен бирге ага каршы турган күчтөрдүн ортосундагы кармашка айланат. Ошондо Аллахтын уруксаты менен үммөттүн акыркы жеңиши тууралуу акыйкат убада жакындайт. Аллах Таала айтты:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга*** *(жер жүзүнө)* ***халифа-орун басар кылууну убада кылды».*** (Нур: 55).

Мамлекет бул ыңгайлуу шартты ашыкча тобокелчиликке барбай пайдалануу үчүн «акылмандык менен бириктирүү» саясатын карманышы керек. Башкача айтканда, мусулмандардын саптарын өз роясы астында бириктирүү, бирок ар бир өлкөнүн вакыйлыгын жана шарттарын эске алган терең кыраакылык (басыра) зарыл. Анткени бир өлкөдө өзгөрүү кыймылдары уюшкан, тартиптүү жана ачык исламий көз карашка ээ болушу мүмкүн, ал эми башка өлкөдө башаламандык же жахилияттык улутчулдук үстөмдүк кылышы ыктымал. Ошол сыяктуу эле, түз аскерий кийлигишүүнүн деңгээли да кырдаалга жараша айырмаланат.

Бул жердеги басыра — ар бир өлкөнү кылдат изилдөө дегенди билдирет. Режимдин күчтүү жана алсыз жактары, уруулук же мазхабдык берилгендик канчалык тамырлашканы, элдин нааразычылыгынын деңгээли жана даярдыгы, саясий талаадагы атаандаш күчтөрдүн болушу ж.б. Ушул маалыматтардын негизинде кеңейүү боюнча жол картасы түзүлөт. Кайсы жерде тез аракеттенүүгө болот, кайсы жерде шарттар жетилгенче күтүү керек, ал шарттарды кантип пайда кылабыз деген сыяктуу маселелер аныкталат.

Эң негизгиси, жалпы биримдик максаты акыркы максат катары ар дайым көз алдыда турушу шарт. Мамлекет калкы Сайкс-Пико сыяктуу

жасалма чек араларга байланып калбашы керек жана исламий толкун белгилүү бир өлкө менен токтоп калышына ыраазы болбошу керек.

Ислам үммөтү табияты боюнча бир, колонизаторлор аны бөлүп-жарган, агент башчылар бөлүнүүнү тереңдеткен. Бирок Ислам шарияты жана элдердин умтулуусу кайрадан биригүүгө багытталган. Качан гана бөлүктөр акыйкат роясы астында бириксе, калган бөлүктөргө да автоматтык түрдө кошулуу басымы күчөйт. Анткени чыныгы Ислам мамлекетинин легитимдүүлүгү элдин жүрөгүндө эскирген улуттук режимдердин легитимдүүлүгүнөн үстөм болот. Ошентип, ийгиликтүү үлгүнүн «жугушу» өз ишин аткарып, Халифалык идеясы бардык аймактарга жайылат да, кеңейүүгө жөндөмдүүлүк жөн гана теориялык мүмкүнчүлүк эмес, ишке ашкан чындыкка айланат.

Жыйынтык.

Жыйынтыктап айтканда, Ислам мамлекетин орнотууда «шылтоо (үзүр) болгон алсыздык» баскычынан «шылтоону жок кылган күч-кубат» баскычына өтүү өзүнөн-өзү болбойт. Ал аң-сезимдүү пландоону жана аракетти талап кылат. Аллах бул үммөттү Өз динин орнотууга мүмкүнчүлүк менен сыйлаган, бул мүмкүнчүлүк толук ишке салынууга тийиш. Ошондо бардык шылтоолор жоголуп, тарыхый милдетибиз үчүн жоопкерчиликти моюнга алабыз. Ички элдик кубаттарды жандандыруу, сырттагы үммөттүн колдоосун мобилизациялоо, акыйданын руханий күчүн пайдалануу жана коркунучтарды жеңип өтүү боюнча пландоо аркылуу жаңы тикеленип жаткан Ислам мамлекети Аллахтын жардамы менен туруштук берип, туруктуулукка жетип, шариятты колдонууга кудуреттүү болот. Убакыт өтүп, бул үрөөн кеңири көлөкө берген бакка айланып, жер жүзүнүн чыгышы менен батышындагы мусулмандарды өз көлөкөсүнө алат. Бул Аллах үчүн оор эмес:

﴿وَيَوۡمَئِذٖ يَفۡرَحُ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ۝ بِنَصۡرِ ٱللَّهِۚ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат».*** (Рум: 4–5).

Аллахтан ошол сүйүнчү кабарды тездетүүсүн жана аны ишке ашырууда чын ыкластуу амал кылгандарга ийгилик беришин сурайбыз. Чындыгында, Ал ушул иштин Валийи жана ага Кудуреттүү. ❑

# ЖЕТКИРҮҮ ЧЫНЖЫРЛАРЫНЫН ЫДЫРАШЫ ЖАНА ГЛОБАЛИЗАЦИЯНЫН АЯГЫ

**Устаз Набил Абдулкарим**

Он жылдаган убакыт бою экономикалык глобалдашуу дүйнөлүк сооданын кыймылы жүргөн жалпы алкак болуп келди. Бул мезгилде өндүрүш тармактары континенттер аркылуу кеңейип, фабрикалар, порттор жана жеткирүүчүлөр Чыгыш Азиядан Европага жана Америкага чейин созулган татаал жеткирүү чынжырлары аркылуу бири-бирине байланышкан.

Глобалдашуу заманбап дүйнөнүн жүзүн аныктаган эң көрүнүктүү кубулуштардын бири болуп эсептелет. Ал дүйнөнү өз ара тыгыз байланышкан аянтка айландырууга салым кошуп, мамлекеттер менен коомдор мурун болуп көрбөгөн деңгээлде өз ара тыгыз аракеттенүүдө. Бул чек аралар аркылуу товарлардын же пикирлердин гана өтүшү эмес, тескерисинче, экономика, сакофат, саясат жана технологияны камтыган комплекстүү процесс болуп, адамдардын жашоо образына, мамлекеттердин өндүрүш үлгүлөрүнө жана эл аралык күч тең салмактарына таасир кылат.

Бул түшүнүк акыркы он жылдыкта күчтүү түрдө көрүнгөнү менен, анын тарыхый тамырлары алыскы кылымдарга барып такалат. Ал ири географиялык ачылыштар менен башталып, өнөр жай революциясы менен өнүгүп, бирок азыркы калыбында Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин айкын көрүнүп, байланыш жана интернет революциясы менен тездеди. Глобализациянын жаралышын жана өнүгүшүн түшүнүү аркылуу дүйнө кандай таризде өзгөргөнүн түшүнүүгө болот. Бирок адегенде Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки жана андан кийинки глобалдашуунун айырмасына токтолобуз.

Экинчи дүйнөлүк согушка чейин глобалдашуу соода жана колониялык мүнөздө болуп, европалык колонизатордук кеңейүү менен тыгыз байланышкан. Ири мамлекеттер колонияларды көзөмөлдөп, алардын ресурстарын пайдаланган жана эл аралык соода тармактарын түзгөн. Бул мезгилде эл аралык институттар жок болуп, глобалдашуу чектелүү жана туруксуз мүнөзгө ээ болгон, мыйзамга эмес күчкө таянган. Соода жолдору аскердик күч менен көзөмөлгө алынган, технологиянын таасири дээрлик байкалган эмес, экономика Европанын айланасында топтолуп, калгандары көз каранды же колония болгон.

Ал эми Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин глобалдашуу Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Банк, кийинчерээк Дүйнөлүк Соода Уюму сыяктуу ири эл аралык

институттар аркылуу көбүрөөк тартипке салынды. Натыйжада ондогон мамлекеттерде иш жүргүзгөн ири дүйнөлүк компаниялар пайда болду. Мисалы, «Кока-Кола», «Майкрософт» ж.б. Албетте, бул компаниялардын баары дүйнөгө үстөмдүк кылган ири мамлекеттерге таандык компаниялар болуп саналат. Ошентип, Европа колонизатордон өнөктөшкө айланды.

Советтер Союзу кулагандан кийин ири технологиялык өнүгүүлөр болуп, көп улуттуу компаниялар пайда болуп, санариптик глобалдашуу (глобалдык байланыш платформалары, маалымат агымы, электрондук соода ж.б.) кеңири жайылган соң, глобалдашуу адамдардын күнүмдүк жашоосуна мурдагыдан да кеңири жана терең таасир кыла баштады. Тилекке каршы, ал бүгүнкү күндө кризистерде үстөм ролду ойногон факторго айланды. Алардын айрымдарын, мисал иретинде гана атап өтсөк:

Дүйнөлүк экономикалык өз ара байланыш ашкере деңгээлде бирдиктүү тармакка айланды. Бул көрүнүштүн оң жактары болгону менен, кандай гана болбосун, майда кризис өтө тез жайылып кетишине алып келет. Мисалы, 2008-жылдагы АКШдагы ипотекалык кризис, Европадагы банктардын кыйрашы, Азиядагы жумушсуздук жана башка көптөгөн көрүнүштөр. Башкача айтканда, бул тыгыз байланыш экономикалык кризистин “жугуштуулугун” өтө ылдам кылды.

Каржы кризисинин тез кыймылдаган капитал аркылуу жайылышы: миллиарддаган долларлар чек аралар аркылуу бир нече мүнөттүн ичинде жылат. Бул каржы базарларынын чыныгы өндүрүшкө эмес, тез өзгөрүп турган күтүүлөргө таянышына алып келди. Натыйжада капиталдын капыстан агып кетиши, мамлекет валюталарынын бир күндүн ичинде кулашы, товарлар же энергия бааларынын күтүүсүз төмөндөшү жеңилдеди. Мунун баары мындай глобалдашууга чейин мүмкүн эмес эле.

Жеткирүү чынжырларына ашкере көз карандылык дүйнөнү өтө алсыз абалга алып келди. Анткени, өндүрүш процесси мамлекеттер боюнча бөлүнүп кетти — чийки зат бир өлкөдө, өндүрүш башка өлкөдө, чогултуу үчүнчү өлкөдө, ал эми бөлүштүрүү өзгөчө компаниялар аркылуу жүргүзүлөт ж.б. Мунун натыйжасында Кытайдагы бир порттун жабылышы Европада товар тартыштыгын жаратат, энергия тармагындагы кризис Азиядагы заводдордун токтошуна алып келет, ал эми Украинадагы согуш дүйнөлүк азык-түлүк инфляциясын шарттайт.

Глобалдашуу (кино, медиа, интернет) аркылуу иденттүүлүк кризисин жана фикрий кагылышууларды жаратты. Мунун баары бир

колдо топтолду. Өзүнчө иденттүүлүгү бар коомдорго жаңы сакофат жана баалуулуктар таңууланып, ошол иденттүүлүктүн тынчтыгы бузулду. Бүгүнкү күндө башыбыздан өткөрүп жаткан ахлакый бузулуу капыстык эмес, тескерисинче, сакофий жана медиа глобалдашуусу түзгөн бүтүндөй бир түзүлүштүн натыйжасы. Ал абсолюттук индивидуализмди, диний чектөөлөрдөн жана салттардан бошонуу идеясын жайылтат, денени товарга айлантат жана ырахатты максат катары кабыл алат. Мунун баары дүйнөнү басып алуу үчүн Батыш тарабынан долбоорлонгон. Ошондуктан, ал бир катар платформаларды түздү, алардын ичинде Netflix, Голливуд, бузукулукка түрткү берген таасирдүү «жылдыздар», порнографияны дүйнөлүк индустрияга айланткан көптөгөн платформалар жана бардык социалдык тармактар ж.б. бар.

Мунун баары жеңүүчүлөрдүн — бай мамлекеттер, ири корпорациялар жана каржы борборлорунун казыналарына агып, дүйнөнүн бардык жериндеги жакыр мамлекеттердин, орто жана жакыр катмарлардын эсебинен жүрдү. Натыйжада өтө терең социалдык ажырымдар пайда болду.

Глобалдашуу аркылуу болгон бул «ачыктык» бүгүн дүйнө азабын тартып жаткан тең салмаксыздыкты жаратты. Акыры дүйнө азыркы абалга т.а. бүгүн дүйнөнү башкарган аз сандагы топтун ач көздүгүн канааттандыруу үчүн кызмат кылууга такалды. Алар глобалдашуу аркылуу жүрүм-туруму жана баалуулуктары бирдей болгон адамды өндүрүүнү көздөшөт. Башкача айтканда, сакофаты керектөөгө негизделген, бир эле продуктуну керектеген, бир гана экономикалык үлгүдөгү либералдык капитализмде жашаган, «бирдиктүү динге» ишенген бирдиктүү адамды иштеп чыгууну максат кылышат. Ал «дин» индивидуализмди жана чексиз эркиндикти жайылтат, ахлакый бузулууну, насстан жана салттан бошонууну, рухту коомдон бөлүүнү негиз кылат.

Дүйнө мамлекеттери глобалдашуунун өздөрүнө тийгизген таасирин байкап жатышат. Ошондуктан мамлекеттер глобалдашууну кайрадан баалоого киришти, айрыкча 2008-жылдагы дүйнөлүк каржы кризисинен, коронавирус маалындагы жеткирүү чынжырларынын үзүлүшүнөн, Украинадагы согуштан, ошондой эле Кытай менен Америка ортосундагы, Россия менен НАТОнун ортосундагы геосаясий чыңалуулардан кийин катуу изилдене баштады.

Ушундан улам бул мамлекеттер белгилүү бир чараларды көрө баштады жана аймактык экономикалык таасирди курууга киришти. Мисалы, АСЕАН, БРИКСтин аймактык нускасы, Чыгыш Африка келишимдери. Бул аймакташуу демилгелери ташуунун ылдамдыгын

(б.а. жакын географияны), коопсуздук жана саясий туруктуулукту, ошондой эле өнөр жай интеграциясын жеңилирээк камсыздоого аракет кылууда.

Ошондой эле биз бүгүн Трамптын акыркы президенттик мөөнөтүндө ал соода глобалдашуусун чектеген жогорку бажы төлөмдөрүн киргизгенин көрдүк. Ал чип өнөр жайын Азиядан Америкага жана Мексикага көчүрүүгө умтулуп, сейрек кездешүүчү минералдарды кайра иштетүү чынжырларын түзүүгө, Кытайга көз каранды болбоого аракет кылууда. Мындан тышкары, ири компанияларды Азиядан Америкага кайра кайтарууга умтулуп, кайтып келгендерге чоң жеңилдиктерди берип, ал эми өлкөдөн тышкары өндүрүлгөн товарларга олуттуу тоскоолдуктарды коюуда. Бул алардын глобалдашуу доору акырындап аяктап бара жатканын жакшы түшүнгөндүгүн көрсөтөт.

Глобалдашуудан чыгууну каалаган мамлекеттер аймактык жайгашууга өтүп, төмөнкү иштерди кыскача түрдө аткарууга тийиш:

1. Өлкө жана анын продукцияларын коргогон саясат жүргүзүү.
2. Ички жана аймактык азык-түлүк коопсуздугун түзүү.
3. Аймактын же региондун ичинде энергия булактарын диверсификациялоо.
4. Аймактык каржы жана акча-кредиттик альянстарды түзүү.

Ушул сыяктуу башка пункттар да мамлекеттерге глобалдашуудан чыгууга жардам бере алат.

Бул глобалдашуунун кыйрашын жана жоголушун ылдамдата турган нерселер төмөнкүлөрдүн бири же бир нечеси болушу мүмкүн: эл аралык системаны солкулдаткан каржы кризиси, жалпы глобалдашууга болгон ишенимдин жоголушу жана аймактык альянстарга өтүү, аймактык экономикалык жана азык-түлүк коопсуздугун чыңдоо, долларга жана алыскы жеткирүү чынжырларына көз карандылыкты азайтуу, бирдиктүү дүйнөлүк тартиптин ордуна көп уюлдуу дүйнөлүк тартипти калыптандыруу.

Мындай окуялар тарыхтын айлампасында, тартышуу абалында жана жаратылыш мыйзамдарында адаттагы көрүнүш болуп эсептелет. Глобалдашуунун өтө жогору көтөрүлүшүнөн кийин аймактык кыскаруу баскычы келет, андан соң кыйроо болуп, жаңы тең салмак кайрадан курулат. Ошондуктан Исламдын мабда катары дүйнөнүн жетекчилигине кайтып келиши качып кутулгус жана жакын, ин шаа Аллах. Анын келишин тездетүү биздин колубузда. Дүйнөнүн бардык бурчундагы мусулмандар бул өзгөрүүлөр менен кыйроолордун шартында бүгүнкү мүмкүнчүлүктүн канчалык чоң экенин аңдап түшүнүүгө тийиш. Ислам өлкөлөрүнө каршы катуу чабуулдарга

карабастан, бул чечимдин альтернативасы дал ушул өлкөлөрдүн ичинде. Анткени алардын элдери көтөрүп жүргөн таза, Роббаний акыйда дүйнөнү башкарууга жарактуу жалгыз система.

Эй, мусулмандар! Аллах бизге көптөгөн ырыскыларды, өзгөчө географиялык орунду насип кылды жана эгерде биз Анын шариятын кайрадан турмушта колдонсок, мындан да көбүн убада кылды. Анда жер өз кенчтерин чыгарат, асман өз берекелерин жаадырат. Мына ушул маселеге улуу шейх, азхарий аалым, мужтахид мутлак Такыйюддин Набханий (рахимахуллах) көңүл буруп, Хизб ут-Тахрирди негиздеген. Бүгүн ал Ислам турмушун кайра жандандыруу үчүн фикраттын жынсынан болгон тарыйкат менен иш алып барган, капитализмдин каалоосу жана куралдары менен булганбаган жападан жалгыз уюм болуп саналат.

Андан кийинки жетекчилердин аракеттери менен үммөттүн долбоору эң майда-баратына чейин колдонууга даяр болду. Анын жигиттери мүмкүнчүлүктү пайдалануу жана күч ээлеринин көңүлүн буруу үчүн күнү-түнү эмгектенип жатышат. Аллах уруксаты менен, алар даяр.

Эй, бул үммөттүн ихластуулары болгон калктар жана күч-кубат ээлери! Бул партия менен бирге болууну бекемдегиле, ошондо биз бирге рошид Халифалыкты өзүнүн чыныгы ордуна кайтарып, дүйнөнү Исламдын нуру менен жарык кылабыз. Аллах Таала айтты:

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَكُمْ بُرْهَانٌ مِنْ رَبِّكُمْ وَأَنْزَلْنَا إِلَيْكُمْ نُورًا مُبِينًا ۝ فَأَمَّا الَّذِينَ آمَنُوا بِاللَّهِ وَاعْتَصَمُوا بِهِ فَسَيُدْخِلُهُمْ فِي رَحْمَةٍ مِنْهُ وَفَضْلٍ وَيَهْدِيهِمْ إِلَيْهِ صِرَاطًا مُسْتَقِيمًا﴾

***«Эй адамдар, силерге Роббиңерден далил келди. Дагы биз силерге ачык Нурду түшүрдүк. Аллахка ыйман келтирип, Ага байланган заттарды, Өз тарабынан болгон мээрим, берешен, жоомарттыгына киргизет. Дагы аларды Өзүнүн Туура Жолуна жолдойт».*** (Ниса: 174-175). ❑

# ХИЗБ УТ-ТАХРИР… БИРИМДИККЕ ДАЪВАТПЫ ЖЕ БӨЛҮНҮҮГӨБҮ?!

**Устаз Юсуф Арслан**
**Хизб ут-Тахрирдин Афганистан вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

Жакында Хизб ут-Тахрир амиринин кеңешинде мүчө болгон устаз Ахмад Бакр (Аллах аны ырайымына алсын) кайтыш болду. Анын даъват жолундагы аракети тууралуу айрым эскерүүлөрдү окугандан кийин, айрыкча даъват жолундагы бекемдигинен жана Сайдная түрмөсүндөгү камак жана кыйноолор тууралуу оор эскерүүлөрүнөн абдан таасирлендим. Кыска эскерүүлөрдүн биринде автор устаздан алган сабактарын эскерет. Алардын бири шейх Такиюддин ан-Набханий (Аллах аны ырайымына алсын) маселелер жана фитналар чыкканда, алар үммөткө же даъватчыларга байланыштуу болсун, «Аль-Авасим мин аль-Кавасим» аттуу китепти окууну осуят кылган, анткени бул китеп бекемдикти, кыраакылыкты жана ыймандын күчүн берет.

Ушуга таянып, мен да бул китепке көз жүгүрттүм. Аны хижрий алтынчы кылымда маликий мазхабынын казысы Абу Бакр ибн ал-Араби жазган. Китептин негизги темасы — сахабалардын бекемдиги, өз доорундагы фитналарга жана окуяларга каршы турган чечүүчү позицияларын камтыйт. Аны окуу аркылуу Хизб ут-Тахрирдин негиздөөчүсү шейх ан-Набханийдин үммөттүн биримдиги жана бөлүнүүнүн коркунучу тууралуу тынчсыздануусу дагы даана көрүнөт. Анткени ал кандай гана шарт болбосун, исламий туура позицияны ачык көрсөтүү зарыл деп эсептеген жана бекемдикти өзгөргүс негиз деп көргөн.

Китеп көрүнүктүү мисалдар менен башталат. Алардын бири — Расулуллах ﷺ кайтыш болгондон кийин Абу Бакр ас-Сыддык (р.а.) көрсөткөн позиция. Ал өзүнүн акылмандыгы жана шариятты кармануусу менен үммөттү бөлүнүүдөн сактап калды. Ошондой эле Бани Саида сакифасындагы окуяда айрым ансарлар «ансарлардан бир амир, мухажирлерден бир амир болсун» деп сунуштаганда, ал күчтүү далил жана таасирдүү баян менен бөлүнүүнү алдын алып: «Биз амирлербиз, силер вазирлерсиңер», - деген.

Абу Бакрдын (р.а.) зекет берүүдөн баш тарткандарга каршы согушуу чечими, Умардын (р.а.) халифаны тандоо мөөнөтүн үч күн менен чектеши, Усмандын (р.а.) шахид болгонго чейин жасаган курмандыгы, Алинин (р.а.) харижиттерге каршы кылыч көтөрүлгөнгө

чейин сабыр кылышы дагы башка мисалдардан. Мунун баары үммөттүн биримдиги Исламда шаръий туруктуу негиз экенин, исламий башкаруу акыйдасында денедеги кан кандай жүрсө, ошондой жүргөн негиз экенин көрсөтөт. Дал ушул негиз сахабалардын жана рошид халифалардын камкордугу сыяктуу, Хизб ут-Тахрирдин да негизги камкордуктарынын жана көңүл борборундагы маселелеринин бири болгон.

Секуляризмге даъваттан улуттук мамлекетке чейин.

Ар бир коом өз тарыхынын мурасы, мусулмандар да мындан четте эмес. Бүгүн, айрым тарыхый окуялар жана чечимдердин натыйжасында, «партиялашуу жана пикир келишпестик» «бөлүнүү» катары кабыл алына баштады. Ошондой эле аң-сезимде чыныгы биримдик жок деген түшүнүк бекемделди, ал эми Ислам үммөтү бүгүн мурунку кайсы бир доордон да көбүрөөк чачырап, бөлүнүп турганы чын. Ушундай шартта айрымдар Хизб ут-Тахрир тууралуу суроо коюшат: ал бөлүнүүгө даъватпы же биримдиккеби? Бул тынчсыздануулар Хизб ут-Тахрирдин макулдашылган тартипте аракет кылышынан, саясий жактан жакшылыкка буйрууну өзгөчө көңүл борборуна алышынан жана Исламды түшүндүрүүдө айрым пикирлерге же белгилүү бир мазхабдарга берилип кеткендер үчүн кабыл алуу оңой болбогон түшүнүктү сунуштоосунан келип чыгат. Бул суроого жооп берүү үчүн адегенде «бөлүнүү» түшүнүгүн тактоо, андан соң анын себептерин жана көрүнүштөрүн изилдеп, Хизб ут-Тахрирдин ага карата ордун аныктоо зарыл.

«Бөлүнүү» сөзү فَرَقَ деген негизден (аслдан) келип, ажыроо жана алыстоо маанисин билдирет. Ал Куранда да сезимдик (хиссий) жана маанилик (маънавий) бөлүнүүнү билдирүү үчүн колдонулган. Аллах Таала айтат:

﴿وَإِذْ فَرَقْنَا بِكُمُ الْبَحْرَ﴾

***«Деңизди ортосунан бөлгөнүбүздү эстегиле».*** (Бакара: 50).

﴿افْرُقْ بَيْنَنَا وَبَيْنَ الْقَوْمِ الْفَاسِقِينَ﴾

***«Эми, Өзүң биз менен бул фасык коомдун арасын ажыраткын».*** (Маида: 25).

Шариатта «бөлүнүү» көбүнчө диндин усулдарында жана акыйдада болгон пикир ажырымын билдирет. Бул харам, ал тургай куфр чегине чейин жетет. Ал эми фуруъ (экинчи даражалуу) маселелериндеги ижтихаддык айырмачылыктар бөлүнүү болуп эсептелбейт. Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ بَنِي إِسْرَائِيلَ افْتَرَقَتْ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَإِنَّ أُمَّتِي سَتَفْتَرِقُ عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةً، وَهِيَ الْجَمَاعَةُ».

**«Чындыгында, Исраил урпактары жетимиш бир тайпага** (фирка) **бөлүндү, ал эми менин үммөтүм жетимиш эки тайпага бөлүнөт, алардын баары тозокто, бирөөсүнөн башкасы, ал жамаат».** (Ибн Мажа).

Бул хадисти Кувейт университетинин Шариат факультетинде тафсир жана хадис боюнча окутуучу доктор Хаким ал-Мутайри изилдеп, өз изилдөөсүндө мындай деген: «Бул «Менин үммөтүм жетимиш үч фиркага бөлүнөт, алардын баары тозокто, бирөөсүнөн башкасы» деген бөлүнүү хадисине байланыштуу заманбап, сынчыл, иснаддык изилдөө. Анын кеңири тараганына жана жолдорунун көптүгүнө карабастан, Бухарий менен Муслим андан баш тартып, өз жыйнактарына киргизишкен эмес. Ибн Хазм болсо аны сахих эмес деп өкүм чыгарып, мындай деген: «Бул хадис иснад жолу жагынан таптакыр сахих эмес. Ал эми ушундай болгон хадис, хабар ахадды далил деп эсептегендер үчүн да далил боло албайт»».

Шейхул-Ислам Ибн Таймия бул хадистин сахихтигинин күчүнө ишара кылып, өзү аны сахих деп эсептегени менен, мындай деген: «Жетимиш эки фирканын баарын такфир кылган адам Китепке, Сүннөткө жана сахабалар менен аларды жакшылыкта ээрчиген табииндердин ижмасына каршы чыккан болот. Анткени "жетимиш эки фирка" хадиси Сахихайнда жок, аны Ибн Хазм жана башкалар алсыз деп эсептешкен. Бирок айрымдары аны хасан же сахих деп баалашкан, мисалы Хаким жана башкалар аны сахих деген».

Ал эми аш-Шавкани: «Баары тозокто деген кошумча сөз марфуъ да, мавкуф да түрдө сахих эмес», - деген. Ал бул пикирди «ал-Фаваид ал-Мажмуъа» китебинде келтирген.

Мунун каршы жагында болсо, «бөлүнүү» хадисин ат-Тирмизи, Ибн Хиббан жана ал-Хаким сахих деп эсептешкен, ошондой эле аларды кийинчерээк келген бир топ аалымдар ээрчишкен.

Бул хадисте «жамаат» деген сөздүн мааниси — бир халифанын алдында бириккен Ислам үммөтү. Сахабалар өз сөздөрү бөлүнгөндөн кийин Муавияга (р.а.) бириккен жылды «жамаат жылы» деп аташкан. Ошондой эле Ислам акыйдасына негизделген ар кандай жамаат – фуруъ маселелеринде айырмаланышса да – жамааттын чегинде болуп эсептелет. Ал эми секуляризм сыяктуу исламий эмес акыйдаларга даъват кылуу бөлүнүүгө даъват болот.

Саясий жактан да «жамаат» түшүнүгү «бөлүнүүгө» карама-каршы турат. Хадистерде «жамаат» сөзү акыйдавий маанисинен тышкары, бирдиктүү исламий саясий түзүмдү, башкача айтканда Халифалыкты

да билдирери айтылган. Анын имамына моюн сунуу мусулмандарга важиб. Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ خَرَجَ مِنَ الطَّاعَةِ، وَفَارَقَ الْجَمَاعَةَ، فَمَاتَ؛ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Ким моюн сунуудан чыгып, жамааттан бөлүнүп, ошол абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлгөн болот».** (Муслим).

«تَلْزَمُ جَمَاعَةَ الْمُسْلِمِينَ وَإِمَامَهُمْ»

**«Мусулмандардын жамаатын жана алардын имамын бекем кармангыла».** (Муслим).

Демек, жамааттан бөлүнүү жана ага каршы чыгуу харам. Бүгүн болсо үммөттүн бирдиктүү жамааты жок, улуттук мамлекеттер жана улутчул партиялар үммөттүн биримдигине тоскоол болуп жатат. Ошондуктан бирдиктүү Ислам жамаатын кайра тикелөө важиб. Бул жол менен жүргөн ар бир партия биримдикке даъват кылган партия болот. Ал эми үммөттү чек араларга жана улуттук иденттүүлүктөргө бөлүп-жарган улутчул партиялар менен улуттук мамлекеттер — бөлүнүүнүн эң негизги себепчиси жана исламий биримдиктин ишке ашуусуна эң чоң тоскоолдук.

Бийлик менен бөлүнүүнүн кагылышы.

Хизб ут-Тахрирдин акыйдасы — ислам акыйдасы, ал эми максаты — мусулмандардын бирдиктүү жамаатын тикелөө. Ошондуктан анын даъваты биримдикке даъват. Ал эми секуляризмге, улутчулдукка жана улуттук мамлекетке даъват кылуу бөлүнүүгө даъват кылуу болуп эсептелет. Бирок бүгүн коом биримдик жана бөлүнүү дегенде көбүнчө бул эки сөздүн адаттагы (урфий) маанисин түшүнөт, башкача айтканда, уруулук же партиялык ашкере жактоочулукту, же болбосо пикирий жана фикхий айырмачылыктарды түшүнөт.

Ислам үммөтү ой жүгүртүүнүн, фикхтин жана хазараттын туу чокусунда турган мезгилде бул гүлдөп-өнүгүү чындыгында үммөт жашаган пикирий жана саясий ойгонуунун жемиши эле. Ал шаръий нусустарды акыл менен аңдап түшүнүүнүн жана вакыйлыкты туура аңдоонун натыйжасы болчу. Ал эми пикирий жана фикхий айырмачылыктар бөлүнүүгө жана чатакка айланган кезде саясий факторлор негизги рол ойногон.

Ушул тарыхый абал Ахлю Суннаны өзүнчө бир иденттүүлүк катары калыптандырып, бийлик ээлерине жакын чечимдерди кабыл алууга алып келди. Бул абал Аббасий халифа ал-Мутаваккилдин доорунда, андан мурун мутазила мазхабын кабыл алган ал-Маамун, ал-Мутасим жана ал-Васиктин халифалыгынан кийин калыптанды. Ал-Мутаваккилдин халифалыгынан тартып илим ээлери менен бийлик

ээлери пикирий айырмачылыктарга каршы туруудa өз ара орток кызыкчылыктарын коргогон чечимдерге бирге келишти. Муну Ахлю Сунна аалымдары чын ыкластан жасашкан.

Илим ээлери пикир келишпестик аймагын кыскартууга мутазила, шиалар жана харижиттер сыяктуу топтордун жайылышына бөгөт коюу көз карашынан карашса, бийлик ээлери муну тартипти жана саясий күчтү сактоонун каражаты катары көрүшкөн. Эки тарап ушул көз караштa бириккенде «фитнаны жана бөлүнүүнү алдын алуу» деген ураан алдында кадамдар жасалды: ижтихаддын эшиги жабылды, акыл-ой жүгүртүү басмырланды, башкаруучуларды мухасаба кылуу чектелди, а түгүл Куранды түшүнүүгө жана ага кайрылууга да тоскоолдуктар коюлду.

Бүгүн да кимде-ким ижтихад, таъаккул (акыл жүгүртүү), партиялашуу же башкаруучуларды мухасаба кылуу жөнүндө сөз кылса, айрым адамдар муну бөлүнүүнүн көз айнеги аркылуу карашат. Чынында болсо, таъаккулду жана саясий активдүүлүктү басуу шаръий нусустарга негизделген эмес. Бул тарыхый тажрыйбалардан келип чыгып, айрым аалымдар андан туура эмес сабактарды чыгарып, ошого таянып чектөөлөрдү койгондуктан пайда болгон. Ал эми бийлик ээлери өз бийлигин сактоо үчүн ошол чектөөлөрдү карманган. Мунун баары Ислам үммөтүнүн токтоп калышына жана тоңуп калуусуна алып келди жана үммөт бул тоңуу абалынан бүгүнкү күнгө чейин арыла элек. Тарыхтан алынчу туура сабак — анын каталарын кайра кайталабоо.

Исламда пикир айырмачылыгы кабыл алынат жана бул адам табиятына мүнөздүү нерсе. Адамдар көп маселелерде айырмаланат, ал эми Ислам фитрат дини болгондуктан бул чындыкты тааныган. Ошондуктан шаръий фуруъ маселелериндеги ижтихаддык айырмачылык кабыл алынат. Бирок бул жетиштүү эмес, анткени фикхий пикир айырмасынын өзү да бөлүнүүгө себеп болуп калышы мүмкүн. Ушул жерде суроо туулат: эгер бир партиянын ижтихаддык пикирлери башкача болсо, ал чындап эле бөлүнүүгө иш алып барбаганын кантип аныктайбыз?

Бул жерде негизги бир коида ачык көрүнөт: качан бир адам же жамаат шаръий таклифти жана далилдин күчүн кармануунун ордуна бийликтин ичине сиңип кетсе, ал бөлүнүү багытына түшөт. Анткени бийликти гана көздөгөн талап пикир айырмачылыгын кабыл алуунун бардык маанисин жокко чыгарат. Тарых буга ачык мисалдарга бай, харижиттерден тартып мутазилаларга жана ваххабилерге чейин, алардын баары бийлик менен болгон күрөштө утулуп, күч үчүн атаандашуунун эсебинен шаръий таклифти жоготушкан. Ал эми

мунун карама-каршысы катары, биримдикти көздөгөндөр шаръий таклифти жана далилдин күчүн өзгөргүс негиз кылып алышат, алар бийликти шариатты орнотуунун каражаты деп билишет, тескерисинче шариатты бийликке жетүүнүн каражаты катары көрүшпөйт.

Албетте, бийликке ыктоо (майл кылуу) адамда табигый нерсе. Бир жагынан, Исламды орнотуу жана бекемдөө үчүн күчтү алуу важиб, анткени дин бийликсиз тикеленбейт, ачык көрүнбөйт. Экинчи жагынан, бийлик адамдар үчүн чоң сыноо талаасы. Бул тууралуу Сулайман (عليه السلام) мындай деген:

﴿هَٰذَا مِن فَضْلِ رَبِّي لِيَبْلُوَنِي أَأَشْكُرُ أَمْ أَكْفُرُ﴾

***«Бул Раббимдин мен шүгүр кыламынбы же шүгүрсүздүк кыламынбы, сыноо үчүн берген берешен жоомарттыгы».*** (Намл: 40).

Бул жерде «бийлик үчүн күрөш» дегенде шаръий таклиф жана далилдин күчү курмандыкка чалынган, жалаң гана күчтү көздөгөн талап айтылууда.

Ислам бийликтин өзү максат эместигин айкын көрсөткөн. Имам Али (р.а.) харижиттер кылыч көтөрмөйүнчө аларга каршы согушкан эмес, анткени анын максаты жөн гана бийликти сактоо эмес, шаръий таклифти аткаруу болгон. Ошондой эле Усман (р.а.) үммөт фитнага жана бөлүнүүгө дуушар болбошу үчүн өзүн курмандыкка берди, ал өз бийлигин коргоонун ордуна Аллах Тааланын ыраазылыгын артык көрдү. «Ал-Авасим мин ал-Кавасим» китебинде Усман (р.а.) сахабаларды козголоңчуларга каршы согушуудан тыйып, «менин айымдан бир да адам өлтүрүлүшүн каалабайм» дегени айтылат. Ошентип, ал Аллахтын өкүмүнө моюн сунуп, шахид болду.

Ушундан улам бүгүн аалымдар мындай суроону коюшат: эгер мусулмандардын башкаруучусу Усман (р.а.) туш болгон абалга окшош жагдайга кабылса, фитнаны алдын алуу үчүн ал өз жанын курмандыкка чалышы керекпи?

Демек, жалаң гана бийликти көздөө — бөлүнүү ээлеринин белгиси, ал эми шаръий таклифти жана далилдин күчүн бекем кармануу — биримдик ээлеринин белгиси деп айтууга болот.

Бул жерде жалаң бийликти көздөөнүн айрым көрүнүштөрүнө токтолобуз:

1. Муташабихатта такфир кылуу.

Такфир негизинен шаръий өкүм болгону менен, тарыхта ал курал катары да колдонулуп келген. Айрым топтор жана мамлекеттер такфирди, фиск кылууну жана бидъатчы деп айыптоону зулумду актоо

же каршылаштарды басуу үчүн пайдаланган. Ошондуктан такфир көбүнчө саясий талаага да жайылган.

Ушул абалда Хизб ут-Тахрир такфир жана сыпаттоолорду колдонууда эң этият жамааттардын бири болуп эсептелет. Ал Куранга, Сүннөткө жана сахабалардын сирасына таянып, диндин негизи мухкамдар экенин, ал эми муташабихаттар айырмачылык жана ижтихад талаасы экенин аңдайт. Ислам тарыхы муташабихаттарга таянып такфир кылынган мисалдарга бай: харижиттердин такфиринен тартып, мутакаллимдерге, а түгүл фикхий мазхабдардын жолдоочуларына чейин. Бир аз ой жүгүртсөк, бул такфирлердин көбүнүн түпкү тамыры бийликке умтулууда жатканын байкоого болот.

Мунун карама-каршысы катары, Хизб ут-Тахрир мухкамдарга басым жасайт. Анткени биримдик — бардык адамдардын бир пикирде болушу дегенди билдирбейт, тескерисинче, фуруъ маселелеринде айырмачылыктар болсо да, мухкамдарды бекем кармануу, бир имамдын алдында биригүү жана динди ачык көрсөтүү үчүн аракет кылуу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан Хизб ут-Тахрирдин чакырыгында такфир жеке адамдарга же мусулман жамааттарына эмес, көбүнчө куфр режимдерине жана алардын башкаруучу түзүмдөрүнө багытталат.

Ал эми бийликти өзүнчө максат кылып алгандар көп учурда өз аракеттерин актоо үчүн такфирге кайрылышат: өздөрүн гана акыйкатта деп эсептеп, башкаларга айыптоолорду жаадырып, мусулмандар ичинде өздөрүнөн башкаларды кабыл алууга жөндөмсүз болушат. Бул үлгү Хизб ут-Тахрир тарабынан кескин түрдө четке кагылат жана бөлүнүүнүн эң чоң факторлорунун бири деп эсептелет.

2. Туруксуздук.

Саясий реализм мектеби, ал «күч мектеби» деп да аталат. Ал саясаттагы бардык нерсе бийлик айланасында гана айланат, ал эми башка бардык баалуулуктар жана факторлор, анын ичинде сакофат жана ахлакый баалуулуктар да күч жана пайда үчүн курмандыкка чалынат деп эсептейт. Бул мектеп мындай манхажды реалдуу гана эмес, ошондой эле туура деп да көрөт.

Ушул мектепке окшош манхажды кармангандардын эң көрүнүктүү белгиси — туруксуздук. Алар шартка жана пайдага жараша позицияларын өзгөртүшөт, кээде Халифалык ураанын көтөрүшөт, кээде демократ болуп кетишет, бир күнү жихадды «жалгыз чечим» деп чыгышса, башка күнү андан баш тартып, «агартылып» көрүнүүгө аракет кылышат.

Ал эми исламий фикрат менен тарикат туруктуу, алардын далили катъий жана өзгөрбөйт. Анда эмне үчүн бир эле нерсе булар үчүн

кээде адал, кээде арам болуп калат? Жооп ачык-айкын – пайда жана бийлик. Анткени аларда максат каражатты актайт.

Мунун карама-каршысында, Хизб ут-Тахрир жетимиш жылдан ашуун убакыттан бери өз максаты катары рошид Халифалыкты тикелөөнү коюп, Нубувват минхажы негизиндеги фикрий жана саясий күрөшүү жолун тандап алган жана Исламга таянбаган эч кандай пайда же бийлик үчүн бул жолун өзгөрткөн эмес. Ал жеңиш Аллахтан болоруна, шариятка ылайык гана иш кылгандарга бериле турганына ишенет жана бийлик менен пайданын азгырыгына карабай туруктуу болууга ишенет. Эгер Хизб ут-Тахрир бийликти көздөсө, анда багытын жана манхажын өзгөртүү оңой болмок.

Бир жолу Фаиз Таха шейх Такиюддин ан-Набханий менен олтуруп, андан: «Биз менен исламий жашоону жандандыруу үчүн иш алып барган башка кыймылдардын ортосундагы айырма эмнеде?», - деп сурайт. Шейх суроону кайра ага кайтарып, анын өз пикирин билгиси келет. Ошондо Фаиз Таха: «Биз Исламды жакшыраак түшүнөбүз, тарбиябыз күчтүүрөөк, саясий аң-сезимибиз жогору, пикирлерибиз күчтүү жана ихласыбыз көбүрөөк», - дейт.

Шейх ан-Набханий буга жооп берип, булар партияны айырмалап турган негизги өзгөчөлүк эместигин түшүндүрөт. Анткени башка топтордо да түшүнүк жана саясий аң-сезим бар жана көптөгөн мусулмандар ихлас жана ыйман ээлери. Ал эми Хизб ут-Тахрирди өзгөчөлөндүргөн нерсе — максатка жетүүдөгү эрк, ишеним жана өзүнө болгон ишенич. Башкача айтканда, өз идеясына ишенүүсү, ал үчүн олуттуу иш алып баруусу жана бардык аң-сезимин, түшүнүгүн жана аракетин ушул максатты ишке ашырууга багыштоосу. Бул — жөн гана академиялык билим эмес, чыныгы сезимден жана терең пикир жүгүртүүдөн чыккан фикрий абал болуп, бекем ишенимге айланат.

3. Өзүнө бийликти каалоо.

Бийликти каалоонун көрүнүштөрүнүн бири – адам же жамаат күчтү өзүнө гана таандык өзгөчө укук деп эсептеши жана ар кандай бийликтин шаръийлигин өзүнүн же өз партиясынын анын башында турушу менен шартташы. Хизб ут-Тахрир ондогон жылдар бою жүргүзгөн иши жана даярдыгы себептүү Халифалыкты жетектөөгө өзүн даяр деп эсептегени менен, эгер Халифалыкты пайгамбарлык минхажы негизинде тикелеген адам партиядан болбосо да, ага моюн сунуу важиб деп билет, а түгүл партия бийликте болбосо да. Бул Хизб ут-Тахрирдеги «нусрат талап кылуу» түшүнүгүнүн маанилүү негиздеринин бири.

Хизб бийликти өзү үчүн эмес, Ислам үчүн каалайт. Ислам үчүн тикеленбеген же аны колдонууга кудурети жетпеген ар кандай бийликтин партия үчүн баасы жок. Бул көз караш партия түзүлгөн күндөн бүгүнкү күнгө чейин анын сакофатында жана идарасында туруктуу болуп келген. Буга ачык далилдердин бири — шейх Такиюддин ан-Набханий (Аллах аны ырайымына алсын). Ал өзүндө болгон мүмкүнчүлүктөрүнө жана жөндөмүнө карабастан, жеке бийликти көздөбөй, ар дайым башкаруунун негизи Ислам болушун көздөгөн. Ал жалаң бийликке багытталган сунуштарды четке каккан. Алардын ичинде Сирияда Шишаклинин сунушу жана 1964-жылга чейин Иорданиядагы айрым аскерий күчтөрдүн колдоосу да болгон. Ал бул сунуштарды – өзү айткандай – Иордания коому партияны жана анын пикирлерин али кабыл ала электигине байланыштуу четке каккан.

Шейх ан-Набханий кызмат орундарын жана кадыр-баркты алууга, дүйнөнүн пайдасын көрүүгө кудурети жеткен. Бирок ал өмүрүн кыйынчылыкта жана тартыштыкта өткөрүп, жакыр абалда дүйнөдөн кайтты. Коопсуздук чаралары абдан катуу болгондуктан, коопсуздук көзөмөлү астында толук саясий өмүр өткөргөндөн кийин Бейрутта анын жаназасына болжол менен жыйырмадай гана адам катышкан, алардын айрымдары кимге жаназа окуп жатканын да билбей калышкан. Аны жаш чагында таанып, жаназага катышкан «Фатх» кыймылынын мүчөсү Мухаммад Дауд Аввад мындай деген: «Ан-Набханий үммөт үчүн ихлас менен кызмат кылган эркектерден эле, ал өтө жакырчылыкта, алсыз жана оорулуу карыя абалында каза болду, эски кийимдерди кийип, жөнөкөй имараттын бешинчи кабатындагы чакан батирде жашачу». (Ал-Жазира – Араби).

4. Саясий амр биль-маъруф жана бөлүнүү.

Хизб ут-Тахрир коомдун тирүү экендигинин белгилеринин бири, айрыкча бул башкаруучуларга карата аткарылганда жакшылыкка буйруунун жана жамандыктан кайтаруунун түшүнүгү ар дайым жандуу болушу деп эсептейт. Анткени бул саясаттын жарымы. Мусулмандар өз башчыларын көзөмөлдөөгө, аларга насыйкат айтууга жана жаңылыштык кеткенде жакшылыкка чакырууга милдеттүү. Бирок бул түшүнүк тарых бою «тартипти сактоо» же «фитнаны алдын алуу» деген жүйөлөр менен чектелип, кээде таптакыр тыюу салынган.

Хизб ут-Тахрир бул саясий фарзды жандандырууда бекемдик жана кайраттуулук көрсөтүп келди, мунун айынан көп учурда кысымга жана куугунтукка да туш болду. Анын себеби, партия бийликти өзү үчүн каалабайт жана дунявий пайда үчүн бийлик ээлерине жакындабайт. Тескерисинче, ал сарайга кошомат кылгандарды жана

бийликке ашкере берилгендерди бөлүнүүнүн эң негизги факторлорунан деп эсептейт.

Партиянын көз карашында бөлүнүүнүн себептери материалдык гана эмес. Исламий партиялардын насыйкатына жана сынына чыдабаган, муну «пайда» же «фитнаны алдын алуу» деген ат менен тыюу салган башчы коомду чыныгы фитнага жана Аллахтын азабына түртөт. Фитналардын эң улуусу — мусулмандардын бөлүнүшү. Пайгамбар ﷺэскерткен:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَتَأْمُرُنَّ بِالْمَعْرُوفِ وَلَتَنْهَوُنَّ عَنِ الْمُنْكَرِ، أَوْ لَيُوشِكَنَّ اللَّهُ أَنْ يَبْعَثَ عَلَيْكُمْ عِقَابًا مِنْهُ، ثُمَّ تَدْعُونَهُ فَلَا يُسْتَجَابُ لَكُمْ»

**«Жаным Анын колунда болгон Аллахка ант! Жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарбаганыңарча, Аллах силерге Өз тарабынан азап жибериши мүмкүн, андан кийин Ага дуба кыласыңар, бирок дубаңар кабыл болбойт».** (ат-Тирмизи).

Ошондуктан жакшылыкка буйруу саясий жана жамаий иш болушу керек. Куран бул милдетти жөн гана жеке иш катары эмес, мусулмандардын «бир тайпасына» жүктөгөн. Ушундан улам партиялашуу — биримдикти, ойгонууну жана башкаруучуларды эсеп-китеп кылууну ишке ашыруу үчүн шаръий өкүм болуп саналат. Саясий жакшылыкка буйруудан өз пайдасынан жана бийлигинен корккондор гана чоочуйт. Расулуллах ﷺ айткан:

«أَلَا يَمْنَعَنَّ أَحَدَكُمْ رَهْبَةُ النَّاسِ أَنْ يَقُولَ بِحَقٍّ إِذَا رَآهُ أَوْ شَهِدَهُ، فَإِنَّهُ لَا يُقَرِّبُ مِنْ أَجَلٍ وَلَا يُبَاعِدُ مِنْ رِزْقٍ أَنْ يُقَالَ بِحَقٍّ أَوْ يُذَكَّرَ بِعَظِيمٍ»

**«Адамдардан коркуу силердин бириңерди көргөн же күбө болгон чындыкты айтуудан тосуп койбосун. Анткени чындыкты айтуу же улуу нерсени эскертүү ажалды жакындатпайт да, ырыскыны алыстатпайт».** (Ахмад).

Буга мисал катары Ибрахим ас-Саигдин окуясы келтирилет. Ал-Жассас «Ахкам ал-Куран» китебинде Аллахка кулчулук кылууда өтө аракетчил, таква бир адам жакшылыкка буйрууда тайманбас болгонун айтат. Ал кайраттуулук менен Абу Муслим ал-Хурасаниге барып, ага катуу сөздөр менен кайрылган. Аскерий күчү болбосо да, тил менен жихад кылууга чектелгенине карабай, Абу Муслим аны бир нече жолу камап, кайра бошоткон, акыры анын ачык каршылыктары себептүү өлтүргөн. Бул окуяга имам Абу Ханифа (Аллах аны ырайымына алсын) катуу кайгырып, ыйлаган жана Ибрахимди бир нече ирет эскерткенин айткан. Анткени жакшылыкка буйруу улуу фарз, бирок аны жалгыз жана жамааттык тирексиз аткаруу адамды коркунучка салат жана үммөт үчүн пайда алып келбейт. Тескерисинче, бул

милдетти салих адамдар менен бирге, ишенимдүү жетекчиликтин алдында аткаруу керек, жалгыз эмес. Имам ушуну менен бул фарз башка көптөгөн жеке ибадаттардан айырмаланып, таасирдүү болушу үчүн жамаатка жана уюшууга муктаж экенин, ошондой эле акыйкатты айткан адамга зыян тийүү ыктымалдыгын азайтарын көрсөтүп жатат.

5. Партиялык таъассуб жана бөлүнүү.

Хизб ут-Тахрир өзүн жалгыз исламий жамаат катары эмес, исламий жамааттардын бири деп эсептейт. Хизбдин башка исламий жамааттар менен болгон алакасы шаръий вилая (боордоштук) алкагында мусулмандын өз мусулман бир тууганы менен болгон алакасы сыяктуу. Ар ким бири-бирин жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарат. Бул манхажга мисал катары партиянын «Араб жазы» маалында Шамдагы мужахиддердин катарын бириктирүүгө жасаган аракеттерин айтууга болот. Ал кезде партия Американын кутумдары тууралуу эскерткен. Ошондой эле Газа маселесинде Түркияда жана Ислам дүйнөсүндө кеңири кампания жүргүзүп, аалымдар жана исламий партиялар менен жолугуп, Палестинаны колдоодо үн бир болушу үчүн аракет кылган.

Хизб ут-Тахрир Исламдын фуруъ маселелеринде бир гана жол, бир гана мазхаб же бир гана ижтихад ийгиликке жеткирчү жол деп эсептебейт. Партия табанний кылган ижтихаддар жана пикирлер бейиш анын түшүнүгү менен гана чектелген же анын пикирлери гана акыйкат деген көз карашка эмес, уюштуруучулук зарылчылыкка жана ижтихаддык вакыйлыкка таянат.

Буга мисал катары шейх Юсуф ал-Кардави негиздөөчү шейх Такиюддин ан-Набханий менен болгон жолугушуусу тууралуу айткан окуяны келтирүүгө болот. Ал өзүнүн бир жазуусунда Палестинага сапар кылган күндөрүн жана ооруп, Мальхас ооруканасына жаткырылганын эскерет. Ошол учурда шейх ан-Набханий аны зыярат кылып келгенин айтат. Ал жубба жана чалма кийген, Мисирдеги шейхтерге окшош карыя болгон. Ан-Набханий анын сапары тууралуу сурап, экөөнүн ортосунда илим жана сапар жөнүндө жылуу маек жүргөн. Андан соң ал өзүн тааныштырып: «Даъватчы Такиюддин ан-Набханий», - деген. Ал-Кардави ага ыраазычылык билдирип, муну өзүнө чоң жакшылык деп эсептеген. Анткени ал кезде өзү жөн гана илим талабасы болсо, ал эми ан-Набханий партиянын негиздөөчүсү жана жетекчиси болуп туруп, аны зыярат кылып келген.

Ушул далилдердин баарынан көрүнүп тургандай, Хизб ут-Тахрир бөлүнүүнүн себеби эмес, тескерисинче, үммөттү Ислам акыйдасынын негизинде бириктирүү үчүн иш алып барат. Партия өз жолун жана услубдарын бекем шаръий далилдерге негиздеп куруп, аларды

туруктуу кармап келген. Бийлик убадасы да, коркутуу да, кыйноо да аны өз жолунан бура алган жок. Партия өзүн үммөт денесинин бир бөлүгү катары көрөт, ал эми анын миссиясы — бул денени жандандыруу жана бирдиктүү Ислам мамлекетин тикелөө.

Ошондуктан мусулмандардын мойнунда бул даъватка жооп берүү, анын биримдикке чакырган рисалатын кабыл алуу, аны колдоо жана улутчулдук, секуляризм жана башка исламий эмес пикирлерден чыккан бөлүнүү даъваттарын таштап, аларга каршы туруу жоопкерчилиги жатат. ❑

## ФАТХ СҮРӨСҮ

**Устаза Сулафа Шуман рахимахуллох**

Аллахка Анын улуулугуна жана өкүмдарлыгына ылайык мактоо болсун. Элчилердин эң жакшысы жана алардын имамы болгон саййидибиз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнүнө чейин аны ээрчип, аны менен достошкондорго салават жана салам болсун.

Аллах Таала айтат:

{ٱللَّهُ نَزَّلَ أَحۡسَنَ ٱلۡحَدِيثِ كِتَٰبٗا مُّتَشَٰبِهٗا مَّثَانِيَ تَقۡشَعِرُّ مِنۡهُ جُلُودُ ٱلَّذِينَ يَخۡشَوۡنَ رَبَّهُمۡ ثُمَّ تَلِينُ جُلُودُهُمۡ وَقُلُوبُهُمۡ إِلَىٰ ذِكۡرِ ٱللَّهِ}

***«Аллах эң сонун Сөздү бир-бирине окшогон кайта-кайта келүүчү бир Китеп кылып түшүрдү, андан*** *(андагы Аллахтын азабы туурасындагы аяттарды укканда)* ***Жараткандан корко турган заттардын терилери*** *(бүт денелери)* ***титиреп кетээр, анан терилери да, дилдери да Аллахты эстеп зикир кылууга ийилет».*** (Зумар: 23).

Даанышман Курандын аяттарынан дагы:

{مُّحَمَّدٞ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ أَشِدَّآءُ عَلَى ٱلۡكُفَّارِ رُحَمَآءُ بَيۡنَهُمۡۖ تَرَىٰهُمۡ رُكَّعٗا سُجَّدٗا يَبۡتَغُونَ فَضۡلٗا مِّنَ ٱللَّهِ وَرِضۡوَٰنٗاۖ سِيمَاهُمۡ فِي وُجُوهِهِم مِّنۡ أَثَرِ ٱلسُّجُودِۚ ذَٰلِكَ مَثَلُهُمۡ فِي ٱلتَّوۡرَىٰةِۚ وَمَثَلُهُمۡ فِي ٱلۡإِنجِيلِ كَزَرۡعٍ أَخۡرَجَ شَطۡـَٔهُۥ فَـَٔازَرَهُۥ فَٱسۡتَغۡلَظَ فَٱسۡتَوَىٰ عَلَىٰ سُوقِهِۦ يُعۡجِبُ ٱلزُّرَّاعَ لِيَغِيظَ بِهِمُ ٱلۡكُفَّارَۗ وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ مِنۡهُم مَّغۡفِرَةٗ وَأَجۡرًا عَظِيمَۢا}

***«Мухаммад Аллахтын пайгамбары. Аны менен бирге болгон*** *(момундар)* ***кафирлерге каардуу, өз араларында*** *(момундар менен)* ***болсо ырайымдуу боорукерлер. Аларды*** *(ар дайым)* ***Аллахтан берешен-жоомарттык жана ыраазылык тилеп руку, сажда кылып жалган абалдарында көрөсүң. Алардын жүздөрүндө сажда изинен*** *(калган)* ***белги-аяндары бар. Мына ушул*** *(тактап айтканда, кафирлерге каардуу болуу, момундарга мээримдүүлүк менен мамиле кылуу жана көп намаз окуп, руку-сажда кылуу)* ***алардын Тоороттогу мисалдары*** *(тактап айтканда Тооротто да Аллах таала момундарды мына ушундай сыпаттар менен сыпаттаган)****. Алардын Инжилдеги мисалдары болсо, дал бир шактар чыгарып, кубатка киргенде, жооноруп, өз ноодасында тик турган, дыйкандарды таң калтырган өсүмдүккө окшойт. Алар аркылуу кафирлерди капа кылуу үчүн. Аллах*** *(момундардан)* ***ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган заттарга кечирим жана улуу ажр-сыйлык убада кылган».*** (Фатх: 29).

Хижраттын алтынчы жылында Худайбия келишиминен кийин Расулуллах ﷺ Мадинага кайтып келе жатып, сахабаларына кайрылып мындай деди: «Бул түнү мага бир сүрө түшүрүлдү, ал мага бул дүйнө жана андагы бардык нерселерден да сүйүктүү», - деп окуп берди:

{إِنَّا فَتَحْنَا لَكَ فَتْحًا مُّبِينًا}

***«(Эй Мухаммад), чындыгында, Биз сага ачык жеңиш бердик».*** (Фатх: 1).

Муну имам Ахмад риваят кылган.

Бул Фатх сүрөсү эле. Сүрөнүн аталышы анын улуулугун жана даражасын айкын көрсөтөт, анткени анда Кыяматка чейинки момундар үчүн маанилер жана сүйүнчүлөр камтылган.

Бул сүрөдө Аллах Таала Өз Элчисине ﷺ жана аны менен бирге болгон ыймандууларга Худайбия келишими — сахабалар аны өз укуктарына кыянаттык деп ойлошконуна карабастан — Ислам үммөтү үчүн фатх жана жеңиш экенин сүйүнчүлөйт. Ал алдыда боло турган улуу фатхтардын башаты болду. Хайбардын фатхынан тартып, Меккенин фатхына жана андан кийинкилерине чейин. Меккенин фатхы хижраттын сегизинчи жылында болуп, Араб жарым аралына Исламдын жайылышына жол ачты. Бул болсо мусулмандардын жеңиштери жана Ислам дүйнөнүн бардык аймактарына жайылышы тууралуу кабар болду.

Бул сүрөдө Расулуллахка ﷺ улуу сүйүнчү бар: анын мурунку да, кийинки да күнөөлөрү кечирилгени, Аллах Таала Өзүнүн неъматын ага толуктаганы, бул динди толук кылуу, ачык көрсөтүү, бардык диндердин үстүнөн жеңишке жеткирүү, акыйкаттагы туура жолдун үзгүлтүксүз болушу жана Кыяматка чейин нусраттын уланышы аркылуу болду.

Ошондой эле Аллах Таала бул улуу сүрөдө динде бекем турууга, Аллах жолунда жихад кылууга жана акыйкат дини болгон Исламды колдоого байъат берген момундардан ыраазы экенин билдирди. Бул — Аллах Таала менен болгон байъат, мусулмандар Аллах менен бирге турушканча, Анын ыраазылыгына жетип турушат.

Дагы бул сүрөдө момундар Аллах Таала менен бирге турган чакта, алардын бардыгына сакинат жана жүрөктөрдүн тынчтануусун салды. Анткени Аллах Таала асмандарда жана жерде болгон бардык жаратылгандар Аллахтын жоокерлери экенин, Анын буйруктарын аткаруу үчүн кызмат кыларын тастыктайт. Алар кафирлер үчүн азап, ошол эле учурда момундар үчүн ырайым. Ошентип, биз мусулмандар ыйманыбызга дагы ыйман кошобуз, ишенимибизди дагы бекемдейбиз. Бул маанини бекемдеп, Аллах Таала эки ирет кайталады:

{وَلِلَّهِ جُنُودُ ٱلسَّمَاوَاتِ وَٱلۡأَرۡضِۚ}

***“Асмандар жана Жер кошуундары Жалгыз Аллахтыкы”.*** (Фатх: 4).

Демек, сүрө момундар үчүн жакшылыктын жана нусраттын сүйүнчүлөрү, дүйнөдө улуу сыйлыктардын сүйүнчүлөрү. Аллахтын динин ачык көрсөтүү, үммөтүнө нусрат жана тамкин берүү, ал эми акыретте кечирим жана бейиштердеги неъматтарга жетишүү.

Андан соң сүрө Расулуллахка ﷺ жана анын сахабаларына мактоо менен аяктайт. Алар Расулуллахтын ﷺ жетекчилиги астында улуу Ислам үммөтүн түзүшкөн. Мен бул аятты, Аллахтын каалоосу жана кудурети менен, анын көлөкөсүндө жашашыбыз үчүн тандадым.

{مُّحَمَّدٞ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ أَشِدَّآءُ عَلَى ٱلۡكُفَّارِ رُحَمَآءُ بَيۡنَهُمۡۖ تَرَىٰهُمۡ رُكَّعٗا سُجَّدٗا يَبۡتَغُونَ فَضۡلٗا مِّنَ ٱللَّهِ وَرِضۡوَٰنٗاۖ سِيمَاهُمۡ فِي وُجُوهِهِم مِّنۡ أَثَرِ ٱلسُّجُودِۚ ذَٰلِكَ مَثَلُهُمۡ فِي ٱلتَّوۡرَىٰةِۚ وَمَثَلُهُمۡ فِي ٱلۡإِنجِيلِ كَزَرۡعٍ أَخۡرَجَ شَطۡـَٔهُۥ فَـَٔازَرَهُۥ فَٱسۡتَغۡلَظَ فَٱسۡتَوَىٰ عَلَىٰ سُوقِهِۦ يُعۡجِبُ ٱلزُّرَّاعَ لِيَغِيظَ بِهِمُ ٱلۡكُفَّارَۗ وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ مِنۡهُم مَّغۡفِرَةٗ وَأَجۡرًا عَظِيمَۢا}

***«Мухаммад Аллахтын пайгамбары. Аны менен бирге болгон*** *(момундар)* ***кафирлерге каардуу, өз араларында*** *(момундар менен)* ***болсо ырайымдуу боорукерлер. Аларды*** *(ар дайым)* ***Аллахтан берешен-жоомарттык жана ыраазылык тилеп руку, сажда кылып жалган абалдарында көрөсүң. Алардын жүздөрүндө сажда изинен*** *(калган)* ***белги-аяндары бар. Мына ушул*** *(тактап айтканда, кафирлерге каардуу болуу, момундарга мээримдүүлүк менен мамиле кылуу жана көп намаз окуп, руку-сажда кылуу)* ***алардын Тоороттогу мисалдары*** *(тактап айтканда Тооротто да Алла таала момундарды мына ушундай сыпаттар менен сыпаттаган)****. Алардын Инжилдеги мисалдары болсо, дал бир шактар чыгарып, кубатка киргенде, жоонорууп, өз ноодасында тик турган, дыйкандарды таң калтырган өсүмдүккө окшойт. Алар аркылуу кафирлерди капа кылуу үчүн. Аллах*** *(момундардан)* ***ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган заттарга кечирим жана улуу ажр-сыйлык убада кылган».*** (Фатх: 29).

Бул улуу аят менен Аллах Таала Фатх сүрөсүн жапты. Анда Аллах Таала Расулуллахты ﷺ жана анын сахабаларын — мухажирлерди жана ансарларды — мактайт. Алар аны менен бирге Ислам даъватын иш жүзүндө колдонуп, аны дүйнөгө алып чыгууда бардык кыйынчылыктарды көтөрүшкөн.

Аят Пайгамбарыбыздын ﷺ элчилигинин чындыгына күбө катары ысмын зикр кылуу менен башталат да, мындай дейт: Мухаммад деп аталган бул элчи Аллахтын чыныгы Элчиси. Андан соң аны жана анын сахабаларын мындайча сыпаттайт: алар кафирлер менен

мамиледе каардуу жана кайраттуу, ал эми момундар менен мамиледе ырайымдуу болушат. Аллах аларга ушуну буюрган, ошондой эле мусулмандардын ортосундагы мамиленин табияты да муну талап кылат т.а. алардын өз ара ырайымдуу болушун талап кылат. Ошондой эле алар Аллах Таалага ибадат кылууга жана намазга көп берилген, Анын ыраазылыгын көздөгөн адамдар, башкача айтканда, өтө чын ыкластуулар. Алар ибадаттары аркылуу Аллах Тааланын ыраазылыгына умтулушат, ушунчалык деңгээлде ибадат кылышат, ибадаттын жана ыкластын таасири алардын жүздөрүнөн көрүнүп турат, бул алардын жүздөрүнөн тараган нур.

Аллах Таала айтат:

﴿قُلۡ إِنَّ صَلَاتِي وَنُسُكِي وَمَحۡيَايَ وَمَمَاتِي لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ﴾.

***“Айткын** (эй Мухаммад)**: “Албетте намазым, ибадаттарым, тирүүлүгүм жана өлүмүм да ааламдардын Раббиси болгон Аллах үчүн”.*** (Анъам: 162).

Бул сүрөттөмө б.а. кафирлерге каардуулук, момундарга ырайымдуулук, чын ыкластуулук жана ибадаттын көптүгү Тооротто да, Инжилде да эскерилет. Андан соң алар эгинге окшотулат. Ал башында алсыз болуп, кийин андан бүчүрлөрү чыгып, жоон шакка айланып, түптүн айланасына жайылып, улам күчтөнөт. Ошол сыяктуу эле, Расулуллах ﷺ да даъватты баштаганда алсыз болчу, кийин сахабалары көбөйдү, алар да алгач алсыз эле. Бирок Мадинага хижрат кылышкандан кийин мусулмандар Ислам акыйдасынын негизинде бир жетекчилик алдында биригишип, башка адамдардан өзүнчө бир үммөттү түзүштү. Ошентип, алар күчтөнүп, Аллахты жана Анын Элчисин ﷺ ыраазы кыла турган даражада үстөмдүккө жетишти жана Аллахтын душмандарын (кафирлерди) кыжырлантты. Исламдын негизинде бир Роббаний жетекчилик алдында бириккен бул үммөт акыретте аларга кечирим жана улуу сыйлык убада кылынган Аллахтын убадасына татыктуу болду.

Демек, бул аятта Аллахтын Элчиси ﷺ жана анын урматтуу сахабалары башка адамдардан өзүнчө бир топ катары мактылып, даңкталат. Мухажирлер жана ансарлар ушул урматка жана акыреттеги улуу сыйлыкка татыды, анткени алар Расулуллахтын ﷺ жетекчилиги алдында бир үммөттү түзүштү. Алар Ислам акыйдасынын негизинде биригишти, ал алардын биримдигинин да, жетекчилигинин да негизи болду, башкача айтканда, аларды башкарган жана иштерин жүргүзгөн система болду.

﴿إِنَّ هَٰذِهِۦٓ أُمَّتُكُمۡ أُمَّةٗ وَٰحِدَةٗ وَأَنَا۠ رَبُّكُمۡ فَٱعۡبُدُونِ ٩٢﴾.

***“****(Эй инсандар),* ***силердин диниңер чындыгында бир дин*** *(Ислам)* ***Мен болсо*** *(бардыгыңардын)* ***Роббиңермин. Демек, Мага гана сыйынгыла!”.*** (Анбия: 92).

Мадина келишиминде мындай деп айтылган: Курайштан жана Ясрибден болгон ыймандуулар менен мусулмандар, ошондой эле аларды ээрчип, аларга кошулуп, алар менен бирге жихад кылгандар — башка адамдардан өзүнчө бир үммөт. Демек, аят бул үммөттүн мүчөлөрүнүн ортосундагы мамиле бир туугандык болушу керек экенин тастыктайт. Анткени ислам акыйдасынын биримдиги жана ушул акыйдадан чыккан система аларды бир тууган болууга милдеттендирет.

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ إِخۡوَةٞ﴾

***«Момундар эч шек-күмөнсүз ага-инилер».*** (Хужурат: 10).

Бул аят бир туугандык мамиле момундарга гана таандык экенин чектеп көрсөтөт жана бул мамиленин табиятын бекемдейт.

Демек, үммөт катары биздин сыпатыбыз кафирлерге каардуулук жана кайраттуулук, ал эми момундарга ырайым, ынтымак жана өз ара колдоо болушу керек. Бирок башка аяттарда, мисалы, Мумтахана сүрөсүнүн сегизинчи аятында, дин үчүн биз менен согушпагандарды жана бизди мекенибизден кууп чыкпагандарды айырмалап көрсөтөт да, акыркы топко жакшылык кылууга жана адилет мамиле жасоого уруксат берилет.

﴿لَّا يَنۡهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ لَمۡ يُقَٰتِلُوكُمۡ فِي ٱلدِّينِ وَلَمۡ يُخۡرِجُوكُم مِّن دِيَٰرِكُمۡ أَن تَبَرُّوهُمۡ وَتُقۡسِطُوٓاْ إِلَيۡهِمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***«Аллах силерди диниңер туурасында силер менен согушпаган жана силерди өз мекениңерден кууп чыгарбаган кишилерге жакшылык кылууңардан жана аларга адилеттүү болууңардан кайтарбас. Албетте, Аллах адилеттүүлүк кылуучуларды сүйөт».*** (Мумтахана: 8).

Фатх сүрөсүндөгү аят Ислам үммөтүн башка адамдардан өзүнчө бирдиктүү Ислам үммөтү катары мактайт. Ал Аллахтын буйругу менен тургузулган жана Аллахтын алдында турганча ушундай бойдон калат. Ошондой эле Аллах бул үммөттү башка аяттарда да улуу сыпаттар менен даңктаган: алар эң жакшы үммөт, адилет үммөт, адамзатка күбө болгон үммөт.

﴿كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِۗ وَلَوۡ ءَامَنَ أَهۡلُ ٱلۡكِتَٰبِ لَكَانَ خَيۡرٗا لَّهُمۚ مِّنۡهُمُ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ وَأَكۡثَرُهُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«****(Эй Мухаммаддын үммөтү)****, силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер. Эгер Китеп берилгендер да ыйман келтиришкенде өздөрү үчүн жакшы болоор эле. Алардын момундары да бар жана*** *(бирок)* ***алардын көбү фасыктар».*** (Али Имран: 110).

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلۡنَٰكُمۡ أُمَّةٗ وَسَطٗا لِّتَكُونُواْ شُهَدَآءَ عَلَى ٱلنَّاسِ وَيَكُونَ ٱلرَّسُولُ عَلَيۡكُمۡ شَهِيدٗا﴾

***«Жана Биз силерди башка адамдардын үстүнөн күбө болууңар жана пайгамбар силердин үстүңөрдөн күбө болуусу үчүн Биз силерди орточо*** *(адилеттүү)* ***бир үммөт кылдык».*** (Бакара: 143).

Бул аяттан мусулмандардын ортосундагы бир туугандык мусулмандар бир үммөт болуп түзүлмөйүнчө толук болбостугун түшүнөбүз. Ал бир акыйдага же бир мабдага ишенүү менен гана чектелбейт, тескерисинче, мусулмандар башка адамдардан өзүнчө бир Ислам үммөтү болуп түзүлүшү керек. Бул алардын бир жетекчилик алдында (ыклас менен аң-сезим бириккен жетекчилик) чогулуусу аркылуу ишке ашат. Бул жетекчилик аларды Китеп жана Сүннөт менен башкарат жана саясатын жүргүзөт.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ حَقَّ تُقَاتِهِۦ وَلَا تَمُوتُنَّ إِلَّا وَأَنتُم مُّسۡلِمُونَ﴾

﴿وَٱعۡتَصِمُواْ بِحَبۡلِ ٱللَّهِ جَمِيعٗا وَلَا تَفَرَّقُواْۚ وَٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتَ ٱللَّهِ عَلَيۡكُمۡ إِذۡ كُنتُمۡ أَعۡدَآءٗ فَأَلَّفَ بَيۡنَ قُلُوبِكُمۡ فَأَصۡبَحۡتُم بِنِعۡمَتِهِۦٓ إِخۡوَٰنٗا وَكُنتُمۡ عَلَىٰ شَفَا حُفۡرَةٖ مِّنَ ٱلنَّارِ فَأَنقَذَكُم مِّنۡهَاۗ كَذَٰلِكَ يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمۡ ءَايَٰتِهِۦ لَعَلَّكُمۡ تَهۡتَدُونَ﴾

***“Эй, момундар, Аллахтан чыныгы коркуу менен корккула жана мусулман болгон абалыңарда гана*** *(бул)* ***дүйнөдөн өткүлө! Бардыгыңар Аллахтын жибине байлангыла жана бөлүнбөгүлө! Ошондой эле Аллахтын силерге берген неъматын эстегиле: бири-бириңерге душман болгон убагыңарда дилдериңерди достоштуруп койду эле, силер Анын неъматы себептүү бир тууган болуп калдыңар. Тозоктон болгон бир чуңкурдун жакасында турган элеңер, силерди андан куткарды. Акыйкат жолду табышыңар үчүн Аллах силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат”.*** (Али Имран: 102-103).

Бүгүнкү мусулмандардын вакыйлыгы муну ачык тастыктайт: алар Ислам Халифалыгы аркылуу көрүнгөн таза жетекчилигин жоготкондон кийин бөлүнүп кетишти, бир мамлекет көптөгөн бири-бирине каршы, касташкан мамлекеттерге айланды. Чек аралар үммөттү бөлүп-жарды. Аллахка моюн сунуунун ордуна, Батыш

кафирлерине көз каранды болуп калдык. Натыйжада, мусулмандар момундарга каардуу, кафирлерге ырайымдуу болуп калды.

Демек, Мадинадагы сахабалар сыяктуу жана Ислам мамлекети астында 1300 жыл жашаган мусулмандардай, кайрадан башка адамдардан өзүнчө бир үммөт болуп кайтуу биздин мойнубуздагы вазыйпа. Өз ара бир туугандык, ырайымдуулук, динибизге каршы чыккандарга каардуулук, алар менен кастык жана күрөш абалында болуу талап кылынат. Бул таза, таква, аң-сезимдүү жетекчилик алдында ишке ашат. Ал жетекчиликтин үлгүсү Расулуллах ﷺ

﴿لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٞ لِّمَن كَانَ يَرۡجُواْ ٱللَّهَ وَٱلۡيَوۡمَ ٱلۡأٓخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرٗا﴾

***“****(Эй момундар)****, силер үчүн – Аллах жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Аллахты көп жат кылган кишилер үчүн Аллахтын пайгамбарында көрком өрнөк бар”.*** (Ахзаб: 21).

﴿لَقَدۡ جَآءَكُمۡ رَسُولٞ مِّنۡ أَنفُسِكُمۡ عَزِيزٌ عَلَيۡهِ مَا عَنِتُّمۡ حَرِيصٌ عَلَيۡكُم بِٱلۡمُؤۡمِنِينَ رَءُوفٞ رَّحِيمٞ ١٢٨﴾

***“****(Эй инсандар)* ***акыры силерге өзүңөрдөн чыккан, силердин кыйынчылык тартканыңардан кыйналган, силердин*** *(Чындык Динге келишиңерге)* ***куштар болгон жана бардык момундарга боорукер, мээримдүү бир пайгамбар келди го!”.*** (Тообо: 128).

Атам да, энем да Сага курман болсун, оо, Аллахтын Элчиси ﷺ. Ошентип, биз кайрадан адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт, орточо (адилет) үммөт болуп кайтабыз, ошондо мойнубузга жүктөлгөн аманатка б.а. динди колдонуу жана жайылтуу, андан соң адамдарга күбө болууга татыктуу болобуз. Анткени Ислам үммөтүндө Кыяматка чейин жакшылык бар.

Ошондуктан Аллахка кайрылып чакырабыз, эй Ислам үммөтү, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ бет алгыла. Анткени Аллахтын Китеби жана Анын Элчисинин ﷺ Сүннөтү менен башкарылбаган жашоодо жакшылык жок, түбөлүк жана неъматтар мекени болгон акырет үчүн аракет кылынбаган жашоодо да жакшылык жок. Эч бир үммөт Ислам үммөтү жеткен даражадагы урматка жеткен эмес, эч бир үммөт Ислам үммөтү көргөндөй ырайымга ээ болгон эмес, бир гана Мухаммад ﷺ үммөтү жетет! Анткени Пайгамбарыбыз ﷺ сахабаларына гана эмес, Кыяматка чейин өзүнүн бүткүл үммөтүнө камкор болгон.

عن أنس بن مالك رضي الله عنه أن النبي ﷺ قال:
«وَدِدْتُ أَنِّي لَقِيتُ إِخْوَانِي».
قالوا: أوليسَ نحنُ إخوانَك؟
قال: «أنتم أصحابي، ولكن إخواني الذين آمنوا بي ولم يَرَوْني».

رواه أحمد.

Анас ибн Малик (р.а.)дан риваят кылынат: Пайгамбар ﷺ айтты: «Боордошторум менен жолугууну каалайт элем». Сахабалары: «Биз сиздин боордошуңуз эмеспизби?», - дешти. Ал ﷺ: “Силер менин сахабаларымсыңар. Ал эми менин боордошторум мени көрбөй туруп мага ыйман келтиргендер», - деди. (Имам Ахмад риваят кылган).

وعن أبي موسى الأشعري رضي الله عنه عن النبي ﷺ قال:

«أُمَّتِي أُمَّةٌ مَرْحُومَةٌ، لَيْسَ عَلَيْهَا عَذَابٌ فِي الآخِرَةِ، عَذَابُهَا فِي الدُّنْيَا: الفِتَنُ وَالزَّلازِلُ وَالقَتْلُ».

Абу Муса ал-Ашъарийден (р.а.) риваят кылынат: Пайгамбар ﷺ айтты: «Менин үммөтүм ырайым кылынган үммөт, акыретте аларга азап жок. Алардын азабы бул дүйнөдө фитналар, жер титирөөлөр жана өлтүрүүлөр».

Оо, Аллах! Ислам үммөтүнө туура жолдогу ишти даярда, аны Китепке жана Элчинин ﷺ Сүннөтүнө таянган таза, салих жетекчиликке бириктирип, коопсуздук жээгине жеткир.

Акыркы дубабыз – ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун. ❑

# АКШнын Харамейн өлкөсүнүн башчыларына койгон талаптары аткарууга тийиш болгон «буйруктар» болуп саналат

Ак үйдө АКШ президенти Дональд Трамп менен жолугушуусунда Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салман алгачкы ачык билдирүүсүндө жакынкы мүмкүн болгон убакытта яхудий түзүмүн таанууга карай илгерилөөнү каалап жатканын айтты. (2025-жыл, 18-ноябрь).

Бин Салман: «Биз Абрахам келишимдеринин бир бөлүгү болууну каалайбыз. Бирок ошол эле учурда «эки мамлекет» чечимине алып баруучу жол так аныкталганына ынангыбыз келет», - деди. Ал бул маселе боюнча Трамп менен «иштиктүү талкуу» жүргүзгөнүн белгилеп: «Бул максатка жетүү үчүн ылайыктуу шарттарды мүмкүн болушунча эртерээк камсыз кылуу багытында иш алып барабыз», - деп кошумчалады.

Өз кезегинде, АКШ президенти Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы менен Абрахам келишимдери тууралуу сүйлөшкөнүн айтып, бул боюнча оң жооп алууга ишенерин билдирди.

Башка бир маселеде, Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салман журналист Жамал Хашоггинин Саудия кызматкерлери тарабынан Стамбулдагы падышалыктын консулдугунда өлтүрүлүшүн «чоң ката» деп баалады. Ал 2018-жылы болуп, эл аралык нааразылык жараткан бул өлтүрүү: «Оор кайгылуу окуя болуп, чоң ката болгон жана мунун кайталанбашы үчүн колубуздан келгендин баарын жасап жатабыз», - деди.

Өз кезегинде Трамп АКШда жашоого уруксаты бар жана Washington Post гезитинин макала жазуучусу болгон Хашоггинин «абдан талаштуу» адам болгонун айтып: «Көпчүлүк силер сөз кылып жаткан бул мырзага суктанган эмес. Силер ага суктандыңарбы же жокпу, айрым окуялар болду, бирок ал (бин Салманды ишарат кылып) эч нерседен кабары болгон эмес», - деп кошумчалады. Андан соң: «Айрым нерселер болуп турат», - деди ал.

Трамп суроо берген журналист айымды да катуу сындап, мындай деди: «Мындай суроо берип, коногуңузду уятка салуунун кереги жок». Андан соң Трамп маалымат каражаттарынын алдында Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасын мактап: «Бүгүн Ак үйдө өтө сыйлуу адам бар», - деди да, ханзаада Мухаммад бин Салманды «узак убакыттан берки менин досум» деп сыпаттады.

Ошондой эле, Трамп Сауд Арабиясынын падышасы, мураскер ханзааданын атасы Салман бин Абдулазизди да мактады. Трамп

мураскер ханзаадага кайрылып: «АКШга 600 миллиард доллар инвестиция салууга макул болгонуңуз үчүн ыраазычылык билдиргим келет. Ал менин досум болгондуктан, бул сумманы бир триллион долларга чейин көтөрүшү мүмкүн… мен бул боюнча иш алып барам», - деди. Андан кийин Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы президент Трампка Эр-Рияд АКШга карата каржылык милдеттенмелерин 600 миллиард доллардан бир триллион долларга чейин көбөйтөрүн билдирди. Буга жооп катары Трамп: «Жакшы, бул мага абдан жагат», - деди. Мухаммад бин Салманга мунай бааларынын азыркы төмөн деңгээлин эске алганда Сауд Арабиясы инвестицияларды сактап кала алабы деген суроо берилди, бирок ал компьютер чиптери боюнча келишимдер өлкөсүнүн өнүгүүсүнө шайкеш келерин белгиледи.

Бин Салман: «Биз Американын келечегине ишенебиз. Урматтуу президент мырза, менин оюмча, бүгүн же эртең биз 600 миллиард долларлык сумманы инвестиция үчүн болжол менен бир триллион долларга чейин көбөйтөрүбүздү жарыялай алабыз», - деди.

**Ал-Ваъй**: ушинтип, Харамейн өлкөсүнүн башчыларынан болгону кичинекей бир талап менен эле Америка үммөттүн мүлкүнүн дагы көбүн уурдап жатат. Болбосо, Трамп мурда айткандай, бул башчылар эки апта да бийликте тура алышпайт, анткени алар анын кызматкерлери болуп, үммөттүн эркине каршы бийлик менен өкүмдарлыкты басып алган адамдар.

## Иран партиясынын ичиндеги коопсуздукка болгон чоң аралашуу Ирандын өзүндөгү коопсуздукка болгон аралашуунун көлөмүн ачык көрсөтөт

Яхудий түзүмүнүн армиясы Хизбуллахтагы экинчи адам болгон Хайтам ат-Табатабаийге багытталган чабуулдун чоо-жайын жарыялады. Чабуул Түштүк Даахиядагы бир батирге эч кандай алдын ала эскертүүсүз жасалган күтүүсүз сокку аркылуу ишке ашырылган. Бул операциянын чалгындык мүнөзүн, аныктап айтканда, анын ошол жайда бар экени тастыкталгандан кийин жүргүзүлгөнүн айкын көрсөтөт. Яхудий түзүмү ат-Табатабаийди 1980-жылдардан бери партиянын борбордук жетекчилеринин бири деп айыптап, ал Ридван күчтөрүн жетектегенин жана партиянын Сириядагы операцияларын башкарганын билдирет. Вашингтон аны партиянын эң көрүнүктүү аскерий жетекчилеринин бири катары эсептеп, ал тууралуу маалымат бергендерге 5 миллион доллар сыйлык жарыялаган.

Яхудий түзүмү армиясынын өкүлү бул өлтүрүү ат-Табатабаийдин Хизбуллахтын аскерий кубатын кайрадан куруу аракеттери байкалгандан кийин жасалганын айтып, операцияны «партиянын жетекчилик жана башкаруу жөндөмүнө катуу сокку» деп баалады. Ал яхудий түзүмү Хизбуллахты кайра куралдандырууга, келишимдин беренелерин ишке ашыруу аркылуу болобу же күч колдонуу мененби, эч качан жол бербей турганын баса белгилеп, Ливан өкмөтүн партияны куралсыздандыруу боюнча ишти улантууга чакырды. Ошондой эле Хизбуллахтын яхудий түзүмүнүн коопсуздугуна шек келтирүүгө жасаган ар кандай аракети «андан да катуу күч» менен жооп кайтарарын айтып, болуп жаткан окуялар Ливан армиясы партиянын ишмердүүлүгүн ооздуктоодогу алсыздыгын көрсөтүп жатканын белгиледи.

**Ал-Ваъй**: эл ичинде «балтанын сабы дарактан жасалат» деген макал бар. Иран режими үммөткө Ирандын ичинде да, үммөттүн кең мейкиндигинде да жасаган жырткычтык аракеттери, Иранды каптаган сокурлук менен текебердик анын өз катарындагы, айрыкча алдыңкы саптарындагы агенттерди байкабай калышына себеп болуп жатканын айгинелейт. Мындан тышкары, элдик таянычтын, башкача айтканда, жалпы үммөттүн ишенимин жоготкондон кийин тыңчылар тарабынан жалгыздан-жалгыз катуу соккуларды алууда.

## Түркия Ватикандын башчысын «Талаа ал-бадру алайна» нашидинин коштоосунда кабыл алды

Түркияда Ватикан папасы Лео он төртүнчүнү тосуп алуу аземи кеңири сын-пикирлерди жаратты. Ал Анкарадагы Жиханума залына кирип келгенде, оркестр ага «Талаа ал-бадру алайна» нашидин аткарган. Көптөгөн түркиялыктар аземдин видеосун бөлүшүп, Ватикан папасын мындай ыкма менен тосуп алуунун себебин талкуулага алышты. Ошондой эле көпчүлүк адамдар бул кабыл алууну Расулуллах ﷺ Мадинага кирип келгендеги белгилүү окуяга окшоштурганына наразылыгын билдирип, болгон окуяны орунсуз диний жана сакофий аралашма деп баалашты.

**Ал-Ваъй**: Газа менен Кудстун элине, ошондой эле Шам элине каршы кутум уюштурган жана аларга каршы кожоюну Америка үчүн кутум уюштурууну улантып жаткан адамдан дагы эмнени күтүүгө болот?

## «Эл аралык коалицияга» кошулуу — түз оккупацияга жана мусулмандарды өлтүрүүгө ачылган эшик

«Сирия телеканалына» өзгөчө булак билдиргендей, Сириянын борбордук бөлүгүндөгү Тадмур шаарында биргелешкен күзөт жүргүзүү маалында ок атууга кабылышып, ички коопсуздук кызматынын бир кызматкери каза болуп, үч америкалык жоокер жаракат алган. Мындан мурда Сириянын маалымат агенттигине коопсуздук булагы билдиргендей, бүгүн ишемби күнү Тадмур шаарынын жанында талаа текшерүүсүн биргелешип жүргүзүп жаткан учурда Сириянын коопсуздук күчтөрү менен америкалык күчтөр ок атууга кабылышкан. Ал бул окуянын натыйжасында Сириянын коопсуздук күчтөрүнөн эки кызматкер жана америкалык күчтөрдүн бир катар аскерлери жаракат алганын, ал эми ок аткан адам өлтүрүлгөнүн, азырынча окуянын себептери жана жагдайлары тууралуу кошумча маалымат жок экенин белгиледи. Окуяга байланыштуу Дейр-эз-Зор — Дамаск эл аралык жолунда унаа кыймылы убактылуу токтотулганын, ошол эле учурда аймактын аба мейкиндигинде учактардын учуп жүрүүсү байкалганын айтты. Ошондой эле ок атуу окуясынан кийин америкалык тик учактар жаракат алгандарды Танф базасына эвакуациялоо үчүн кийлигишкени маалымдалды.

**Ал-Ваъй**: Ал-Жулани «эл аралык коалицияга» кирүүнүн чыгымдары Америка ага ыраазы болгондугу үчүн жеңил болот деп ойлодубу? Америка ага, ал анын динине өтмөйүнчө жана жөн гана өзүнө ишенген күчтөрүн колдонуу менен чектелбей, мусулмандарды өз колу менен өлтүрө баштамайынча эч качан ыраазы болбойт. Ошол эле учурда, үммөттүн ичинде оккупацияны, кордук менен басынууну кабыл албагандар бар жана алар муну, ал-Жулани үммөттү "өзүн күтүлгөн Махди" экенине же «римдиктер менен элдешип, алардын артындагы душманга каршы согушкан адам» экенине ынандыруу үчүн миңдеген сыйкырчыларды алып келсе да, кабыл алышпайт. Алардын бирөөсү Тадмурда өз «ыкмасы» менен сөзүн айтты.

## Ливан мамлекети маанилүү долбоорлорду каржылоого мамлекеттерди ынандырууга аракет кылууда жана каражаттар кандайдыр бир жол менен кызмат адамдарынын байлыгын көбөйтүү үчүн алардын чөнтөктөрүнө кетпейт деп ишендирүүдө

Ливандын экономика жана соода министри Амир Бассат «Аш-Шарк» басылмасына берген маегинде, «Бейрут-1» конференциясынын өзү эле көп жылдык үзгүлтүктөн кийин өткөрүлгөндүгү менен ийгиликтүү болуп эсептелерин белгиледи, анткени ал ондогон араб жана чет элдик инвесторлорду бириктирди. Жыйындарда

инвестициялык кыйынчылыктар жана талаптар түздөн-түз талкууланып, айрыкча электр энергиясы, айыл чарба жана саламаттыкты сактоо сыяктуу маанилүү тармактарда үмүт жана келечектеги мүмкүнчүлүктөр тууралуу маанай жаралды.

**Ал-Ваъй**: эл ичинде «кайра-кайра сыналганды сынагандын — акылы бузук» деген макал бар. Бирок айрым мусулман башчыларынын адаты Ливанга кайрадан акча куюу, анткени алар ошол эле колонизатордук түзүмдөрдүн кызматкерлери болуп, Ливан башчылары менен үммөттүн мүлкүн уурдоодо шерик. Айырмасы, акчаны кайрадан куюп жаткандар үммөттүн ири байлыктарына, мисалы мунай менен газга кол салып, кирешелерин колонизатор Батыштын башчылары менен бөлүшөт. Бул Батыштын мусулман башчылары «куурчак» бойдон ордунда калышы жана алардын «бандиттик», зомбулукка негизделген бийлигин, ошондой эле үммөт үстүнөн «жол тороо» сыяктуу иштерин улантышы үчүн койгон шарты. Ливан башчылары элдин акчасын кайра-кайра, ал тургай жарандардын жеке банк эсептеринен да уурдап келишсе, аймактагы Батышка кызмат кылган агент-башчылардын колдоосуна таянып, жоопкерчиликке тартылуудан өздөрүн коопсуз сезишет. Анткени, кожоюндары ар бир кыйынчылыкта жардамга келип турушат. Мындан тышкары, үммөттүн ичинде өзүнүн укуктарын, шаръий милдеттерин жана башчыларга коюлуучу талаптарды билбеген бир катмар бар. Ошондуктан, алар башчыларды Исламдын негизинде эсепке тартпай, болгон чындыкка баш ийип, кандай болсо ошондой жашап келе жатышат.

## Башардын качканына бир жыл толгон ырасымда Шамдын жаңы башчылары Омейяд мечитинин минбарын Араб жарым аралынын светтик тагуту бин Салмандын «жакшы жактарын» айтып кордошту жана үммөттү алдоо жолу менен яхудий түзүмү менен согушуудан кайтарып, аскерий кийим кийүү менен гана чектелүүгө үндөштү

Сирия президенти Ахмад аш-Шара дүйшөмбү күнү Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салмандан алган белегин ачыктады. Аш-Шара мураскер ханзаада ага Каабанын жабуусунун бир бөлүгүн белек кылганын, анда төмөнкү ыйык аят жазылганын билдирди:

﴿وَإِذْ جَعَلْنَا ٱلْبَيْتَ مَثَابَةً لِّلنَّاسِ وَأَمْنًا وَٱتَّخِذُواْ مِن مَّقَامِ إِبْرَٰهِـۧمَ مُصَلًّىۖ﴾ (Бакара: 125).

Бул белек Дамаск шаарындагы Омейяд мечитинин короосуна коюлары айтылды. Аш-Шара Омейяд мечитинде багымдат намазын

окуп, аскерий кийимчен Башар Асад режими кулаганынын биринчи жылдыгына арналган сөз сүйлөдү.

**Ал-Ваъй**: көрүнүп тургандай, ал-Жулани үммөттүн мүмкүнчүлүктөрүн алигиче кемсинтип келет, анткени ал үммөттү өзүнүн жана өз теңтуштарынын тажрыйбасына карап өлчөйт. Алар Шам революциясы маалында тагдырын «дос» мамлекеттерге байлап, шарттуу колдоого таянышкан. Бул колдоонун максаты Шам революциясынын түпкү максаттарынан бошотуу, башкача айтканда, чыныгы максаттарынан буруу болгон. Батыш колонизаторлугуна көз каранды режим кулабашы, анын мекемелери жана бардык символдору сакталуусу, эски режимдин элементтери жаңы режимге кошулушу, Батыш мамлекеттеринин жана Батыш колонизатордук тутумунун, башкача айтканда, Америка жана анын кошумча уюмдары, мисалы Бириккен Улуттар Уюму, ошондой эле Араб мамлекеттеринин лигасы сыяктуу майда агенттик уюмдардын таасиринен ажырабоо, мындан тышкары яхудий түзүмү менен нормалдашууга түртүү, Ислам башкаруусу орнотулбоосу, анын ордуна «визуалдык иденттүүлүк» жана башка аталыштар менен улутчул, расалык жахилияттык байланыштарды кайра жандандыруу.

## Патриарх ар-Раий: «Эгер жаңы Сирия Ислам мамлекети болуп чыкса, анда мусулман эмес адамдын Сирияда орду жок дегенди билдирет»

**Ал-Ваъй**: Хизб ут-Тахрирдин Ливан вилаятындагы маалымат бөлүмү хижрий 1447-жылдын 7-жумада ас-сани айы күнү, миладий боюнча 2025-жылдын 28-ноябрында басма сөз баянатын чыгарып, Ливандын ал-Жадид телеканалына «Хайда ана» программасында журналист Самар Абу Халил менен болгон маегинде патриарх айткан билдирүүлөргө комментарий берди. Билдирүүдө төмөнкүлөр белгиленди:

«Мусулмандардын христиандар менен болгон даңазалуу тарыхын — алар менен чогуу жана алардын арасында жашап келгенин — бул жерде санап өтүүгө орун жок. Ошондой эле мусулмандардын христиандарга болгон мамилесин адилеттүү сүрөттөп берген жазуучулар менен ойчулдардын, мисалы Амин Маалуф жана Шакиб Арслан сыяктуулардын позицияларын эскерүүгө да орун жок. Бирок биз Исламдын жана анын мамлекетинин христиандарга болгон бул көз карашы патриарх ар-Раийге өзгөчө жакшы белгилүү экенин баса белгилейбиз. Айрыкча, 2021-жылдын 12-январында Хизб ут-Тахрирдин Ливан вилаятындагы делегациясы аны зыярат кылып, бул

маселе боюнча кеңири баяндалган китепти тапшырган. Ал китептин жыйынтыгында төмөнкүлөр айтылган:

"Ливанда Батыш, айрыкча Америка алга сүрүп жаткан долбоорлордон өтө сак болуу керек. Анткени Ливандын жээктери эбегейсиз мунай жана газ байлыктарына толуп турат. Америка аны саясий жана социалдык жактан алсыратып бүткөндөн кийин өлкө өз байлыктары үчүн табит козгогон объектиге айланды. Ошондой эле Ливан боюнча эл аралык атаандаштыкка, айрыкча Америка менен Франциянын ортосундагы атаандаштыкка аралашуудан сак болуу зарыл. Бул Чыгыш Жер Ортолук деңиздеги ири газ байлыктары үчүн болгон күрөштүн уландысы. Ошондуктан сиздердин бекем турумуңуздар Ливандын өз түпкү тамырына, аймагына жана айлана-чөйрөсүнө байланышы болушу керек. Батышка көз карандылыктын торунан, бул тор америкалык болобу, француз болобу же башкасы болобу, Ливанды жана анын аймагын чын дилден куткарууга аракет кылгандар менен болуу зарыл".

Ошондой эле дагы мындай деп айтылган: "Бүгүн Ливан дагы эле ошол (эски-жаңы) фитнанын айлампасында жашап жатат т.а. тышкы (америкалык-европалык) кийлигишүүнүн айлампасында. Эгер бул кийлигишүү кандайдыр бир "жаңылык" алып келсе, ал дагы бир ийгиликсиз формула гана болот. Бул формулалардын баары "жеңүүчү жана жеңилүүчү бар" деген мыйзамга негизделет. Бул түзүм миң түрдүү жалган алкактарга оролуп, "ыйыктын ыйыгы" катары көрсөтүлдү, бирок чындыгында ал бирдиктүү иденттүүлүк түзө алган жок, анын саясий системасы алсыз…».❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

**Устаз Ибрахим Салама**

Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعۡمَٰلَهُمۡ ۝ سَيَهۡدِيهِمۡ وَيُصۡلِحُ بَالَهُمۡ ۝ وَيُدۡخِلُهُمُ ٱلۡجَنَّةَ عَرَّفَهَا لَهُمۡ ۝ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***“Аллах Өз жолунда өлтүрүлгөн заттардын иштерин эч качан бекерге кетирбейт. Аларды*** *(бейиш жолуна)* ***жетелейт жана иштерин оңдойт. Аларды*** *(Аллах)* ***Өзү аларга тааныткан бейишке киргизет. Эй момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер*** *(тактап айтканда Анын жолунда жихад кылсаңар)****, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат”.*** (Мухаммад: 4–7).

Чындыгында, бузукулар, залимдер жана тирандар каалаган адамга зыян жеткире алабыз, элге каалагандай мамиле кылабыз, бизди эсепке алган да, көзөмөлдөгөн да жок деп ойлошот. Алар адамдарды коркутуу үчүн текеберликти, зомбулукту, басмырлоону жана өлтүрүүнү көрсөтүшөт, айрымдарын өздөрүнө жардамчы, аткаруучу кылып, аларды баш ийген, үнсүз куралдар катары колдонушат. Өздөрүн жеңилгис, жоопко тартылгыс, суралбас күч катары эсептешет. Мындайларга момундар каршы турушу, алардын колун байлашы жана зыянын токтотушу керек. Бирок бул жөн гана туйгуга алдырган аракет менен эмес, Аллахка баш ийүү, Анын динин орнотуу, шариатын өкүм кылуу, башкарууда жана соттошууда Анын жолун кармануу, Ага чын ыкластан таянып, бекем туруу менен ишке ашат. Момун адам жалган канчалык күч алып, бийлиги катуу болсо да, анын күчүнө, жалтырагына алданбайт. Анткени жалган – мөөнөтү узарса да – момундар аны ыйман, амал жана Аллахтын шариатына бекем кармануу менен каршы чыкса, сөзсүз жоголот.

Демек, алардын амалдары сакталган, жоголгон эмес, ал амалдар итаат жана ыраазычылык амалдары. Аллах аларды туура жолго салып, абалдарын оңдойт:

سَيَهۡدِيهِمۡ وَيُصۡلِحُ بَالَهُمۡ ۝

***«Аларды** (бейиш жолуна) **жетелейт жана иштерин оңдойт»***, анан аларды Бейиш менен сыйлайт:

وَيُدۡخِلُهُمُ ٱلۡجَنَّةَ عَرَّفَهَا لَهُمۡ۝

***«Аларды** (Аллах) **Өзү аларга тааныткан бейишке киргизет».*** Башкача айтканда, Аллах аларды Өзү убада кылган Бейишке киргизет, алар Аллахтын убадасына ишенип, Анын ыраазылыгын көздөп жихад кылууга киришкенде, анын ырахатын алдын ала таанып, сүйүнчүлөрүн татып көргөндөй болушат.

Андан соң Аллах Таала Өз жолунда өлтүрүлгөндөрдүн урматы тууралуу баяндайт:

﴿وَلَا تَحۡسَبَنَّ ٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمۡوَٰتَۢاۚ بَلۡ أَحۡيَآءٌ عِندَ رَبِّهِمۡ يُرۡزَقُونَ﴾

***"Аллах жолундагы согушта өлтүрүлгөн заттарды эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү! Ал заттар Аллах Өз жоомарттыгы менен берген ырыскылардан пайдаланып жатышат".*** (Али Имран: 169).

Ушул урмат-сый, ыраазычылык жана камкордук менен Аллах момундарды Ага баш ийүүгө, толук берилүүгө жана динин турмушта орнотууга шыктандырат. Шахиддер – жүрөктөрдүн эң ардактуусу, жандардын эң тазасы, дүйнөнүн убактылуу ырахаты менен жасалгасынан эң таза, мусулмандарды жана алардын мекендерин коргоого эң ынтызар заттар. Алар Аллахтын динин колдоо үчүн өз жандарын курман кылышат.

Ушул жерден убада менен шарттын чакырыгы келет:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾.

***"Эй момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер** (тактап айтканда Анын жолунда жихад кылсаңар)**, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат".***

Аллахка жардам берүү Ага толук баш ийүү, Ага эч нерсени шерик кошпоо менен болот, Аллах жана Анын Элчиси ﷺ момундун жүрөгүндө өзүнөн, мал-мүлкүнөн жана балдарынан да сүйүктүүрөөк болушу менен болот жана Аллахтын сөзү эң үстөм болушу менен ишке ашат. Бул жардам Аллахтын шариатын жана Анын жолун кармануу, турмуштун бардык иштеринде адилеттүүлүк жана калыстык кылуу менен көрүнөт. Момунду динин колдоодон эч кандай коркуу же күмөн токтотпоого тийиш, Аллах жолунда аны айыптоочулардын айыбы да тоскоол болбошу керек. Ал эми Анын «жана кадамдарыңарды бекем кылат» деген сөзүнө келсек, бекемдөө согушка чейин жакшы даярдык көрүү, бардык күч-аракетти жумшоо жана

ниетти таза кылуу менен болот, согуш маалында кыйынчылык күчөгөн учурда болот, ал эми жеңиштен кийин жеңиш фитнага айланып кетпеши үчүн итаатта бекем туруу, адилеттикти орнотуу, туура жетекчилик жана жакшылык кылуу менен болот.

Жана Аллах айтты:

﴿فَلۡيُقَٰتِلۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ ٱلَّذِينَ يَشۡرُونَ ٱلۡحَيَوٰةَ ٱلدُّنۡيَا بِٱلۡأٓخِرَةِۚ وَمَن يُقَٰتِلۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيُقۡتَلۡ أَوۡ يَغۡلِبۡ فَسَوۡفَ نُؤۡتِيهِ أَجۡرًا عَظِيمٗا ٧٤

وَمَا لَكُمۡ لَا تُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلۡمُسۡتَضۡعَفِينَ

Бул сөзүнө чейин:

﴿إِنَّ كَيۡدَ ٱلشَّيۡطَٰنِ كَانَ ضَعِيفًا ٧٦﴾

***“Аллах жолунда бул дүйнөнүн ордуна Акыретти сатып ала турган заттар согуш кылышсын. Ким Аллах жолунда согушуп курман болсо же жеңип чыкса, ага чоң сыйлык беребиз.*** *(Эй момундар),* ***силерге эмне болду, Аллах жолунда жана: «Роббибиз, бизди тургундары заалим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы жибергин», - деп жаткан эркектер, аялдар, ошондой эле балдардан турган бечаралар****(ды азат кылуу)* ***жолунда согуш кылбай жатасыңар?! Ыйман ээлери Аллах жолунда согуш кылышат. Кафир адамдар болсо шайтан жолунда согуш кылышат. Демек, шайтандын досторуна каршы согушкула! Албетте шайтандын айласы күчсүз болуучу”.*** (Ниса: 74-76).

Демек, момундар Аллахтын динин колдоо, мусулмандарды коргоо, заалимдердин күчүн сындыруу жана эркектерден, аялдардан, балдардан турган эзилгендерге жардам берүү үчүн Аллахтын жолунда согушат. Алар: «***Роббибиз, бизди тургундары заалим болгон бул шаардан азат кыл***…» деп жалбарып дуба кылышат. Бул үммөттү ойготкон чакырык. Аларды бир туугандарына жардам берүүдөн, алардан зулумду кайтаруудан эмне кармап турат?!

Пайгамбар ﷺ мындай деди:

«ما من امرئٍ يَخذُلُ امرأً مسلمًا في موضعٍ تُنتهكُ فيه حُرمتُه ويُنتقصُ فيه من عرضِه، إلا خَذَلَهُ اللهُ في موطنٍ يُحبُّ فيه نُصرته، وما من امرئٍ يَنصرُ مسلمًا في موضعٍ يُنتقصُ فيه من عرضِه ويُنتَهكُ فيه من حُرمته، إلا نَصَرَهُ اللهُ في موطنٍ يُحبُّ نُصرته» رواه أبو داود.

**«Бирер адам бир мусулмандын аброю тебеленип, ыйыктыгы (урматы) бузулуп жаткан жерде аны жардамсыз калтырса, Аллах аны өзү жардамга муктаж болгон жерде жардамсыз калтырат. Ал эми бирер адам бир мусулмандын аброю кемсинтилген, ыйыктыгы бузулган жерде ага жардам берсе, Аллах Өзү**

**жардамды жакшы көргөн жерде ага жардам берет»**. (Абу Дауд риваят кылган).

Мусулмандарга каршы элдер жабыла кол салган азыркы вакыйлык залимдерге моюн сунууга же алсыроого себеп эмес, тескерисинче, акыйда менен шариатка таянган исламий жашоону кайра баштоого түрткү болушу керек.

Андан соң Аллах эки топтун ортосундагы айырманы аныктап берет:

﴿ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱلطَّٰغُوتِ﴾

***“Ыйман ээлери Аллах жолунда согуш кылышат. Кафир адамдар болсо шайтан жолунда согуш кылышат”.*** (Ниса: 76).

Демек, момундардын жолу ибадат, итаат жана мабдаий жол. Тагут ээлеринин жолу болсо Аллахтын шариатына каршы келген кумарлар, режимдер жана мыйзамдар. Алар Исламдан башка негизде курулган жана Аллах буйруган дин менен өкүм жүргүзбөгөндөрдүн баары тагут болуп эсептелет. Андан соң Алла Таала айтат:

﴿فَقَٰتِلُوٓاْ أَوۡلِيَآءَ ٱلشَّيۡطَٰنِۖ إِنَّ كَيۡدَ ٱلشَّيۡطَٰنِ كَانَ ضَعِيفًا﴾

***“Демек, шайтандын досторуна каршы согушкула! Албетте шайтандын айласы күчсүз болуучу”.*** (Ниса: 76). Ошондуктан жалгандык үнүн катуу чыгарса да силерди коркутпасын, анткени ал чыныгы ыйман жана бекем туруу алдында алсыз.

Алла Таала дагы айтты:

﴿۞إِنَّ ٱللَّهَ ٱشۡتَرَىٰ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَنفُسَهُمۡ وَأَمۡوَٰلَهُم بِأَنَّ لَهُمُ ٱلجنة يُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيَقۡتُلُونَ وَيُقۡتَلُونَۖ وَعۡدًا عَلَيۡهِ حَقًّا فِى ٱلتَّوۡرَىٰةِ وَٱلۡإِنجِيلِ وَٱلۡقُرۡءَانِۚ وَمَنۡ أَوۡفَىٰ بِعَهۡدِهِۦ مِنَ ٱللَّهِۚ فَٱسۡتَبۡشِرُواْ بِبَيۡعِكُمُ ٱلَّذِى بَايَعۡتُم بِهِۦۚ وَذَٰلِكَ هُوَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡعَظِيمُ﴾

***“Албетте Аллах момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиш менен айырбаштап алды. Алар Аллах жолунда согушуп,*** *(кафирлерди)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Аллах үчүн шахид болуп)* ***өлтүрүлүшөт.*** *(Мындай момундарга бейиш берилүүсүнө)* ***Аллах Тоорот, Инжил жана Куранда Өзүнүн чыныгы убадасын берген. Аллахтан да убадасын артык аткаруучу ким бар? Демек,*** *(эй момундар)* ***бул кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт”.*** (Тообо: 111).

Аллах — жаратуучу жана ээлик кылуучу — ыймандуу кулдарына улуу келишимди ырайым катары сунуш кылды: алар Ага итаат кылууда жанын жана малын арнайт, Ал болсо аларга Бейишти чыныгы убада катары берет, бул убада китептерде жана Куранда бекитилген. Ыймандуулар Аллахтын убадасын толук аткарышат:

﴿يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيَقۡتُلُونَ وَيُقۡتَلُونَۖ﴾

***“Аллах жолунда согушуп,*** *(кафирлерди)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Аллах үчүн шахид болуп)* ***өлтүрүлүшөт”.*** Акыйкат айкын болуп, жол такталган соң, аларды убададан кайтарган эч нерсе болбойт. Андан кийин Аллах сүйүнчүлөйт:

﴿فَٱسۡتَبۡشِرُواْ بِبَيۡعِكُمُ ٱلَّذِي بَايَعۡتُم بِهِۦۚ وَذَٰلِكَ هُوَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡعَظِيمُ﴾

***“Демек,*** *(эй момундар)* ***бул кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт”.***

Максаттын акыбети Аллахтын колунда.

رَبَّنَا اغْفِرْ لَنَا ذُنُوبَنَا وَإِسْرَافَنَا فِي أَمْرِنَا، وَثَبِّتْ أَقْدَامَنَا، وَانْصُرْنَا عَلَى الْقَوْمِ الظَّالِمِينَ.

***«Роббибиз күнөөлөрүбүздү жана иштерибиздеги каталарыбызды кечиргин, кадамдарыбызды*** *(майданда)* ***бекем кыл жана Өзүң бизди бул кафир коом үстүнөн жеңишке ээ кыл!».*** (Али Имран: 147).

Аллах Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺга, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына салават, салам жана береке берсин. Ааламдардын Раббиси Аллахка мактоо болсун.

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт».*** (Юсуф: 21). ❑

# ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ﷺ АХЛАГЫ

**Устаз Бахааддин Хусайни**

Расулуллах ﷺ бир нерсени унутуп калганда маңдайын алаканына коюп, анан мындай деп айтчу:

«اللَّهُمَّ ذَكِّرْني ما نَسيتَ، يا مُذَكِّرَ الشَّيءِ وفَاعِلَه، ذَكِّرْني ما نَسيتُ».

**«Оо, Аллах! Унутканымды мага эске сал, оо, нерсени эске салуучу жана аны жасоочу Зат! Унутканымды мага эске сал».** Бул бизге алсыздыкта жана алсыраганда Аллахка кайрылууну, өзүбүздүн күчүбүзгө жана кубатыбызга таянбоону эскертет.

Анын ﷺ сүннөттөрүнөн: карызды ээсине кайтарып берүү, келишимдерди жана убадаларды аткаруу, аманатка алынган нерсени ээсине кайтаруу, конокту урматтоо жана коноктоо. Ал ﷺ айткан:

«مَن كان يُؤمِنُ باللهِ واليومِ الآخرِ فليُكرِمْ ضيفَه»

**«Ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, коногун урматтасын».** Ошондуктан ага конок келсе, жүзү ачылып тосуп алып, бар тапканы менен коноктоп, кээде өзүн жана үй-бүлөсүнөн да артык көрчү.

Анын ﷺ сүннөттөрүнөн لا حولَ ولا قوَّةَ إلا بالله деген сөздү көп айтуусу. Ал бейиш казыналарынан болгон казына. Ал ﷺ сахабаларына таңкы жана кечки зикрлерди үйрөтүп, алар мындай дешчү: «Хасбияллаху ла илаха илла Хува, алайхи таваккалту ва Хува раббул-аршил-азим» жана «Субханаллахи ва бихамдихи, Субханаллахил-азим».

Анын ﷺ адептеринен: намаз окуп жатканда жанына бирөө отуруп, күтүү ага оор болорунан корксо, намазын жеңилдетип, анан ага бурулуп: «Сенде муктаждык барбы?», - деп сурачу, бул ага ырайымы жана мусулмандардын муктаждыктарын аткарууга камкордугу эле. Ошондой эле намазда ымыркайдын ыйлаганын

укса, хадисте келгендей, энесине ырайым кылып намазын жеңилдетчү.

Сүннөттөн дагы: тазалыкка жана көрккө кам көрүү, тырмактарды кыркуу, мурутту кыскартуу, колтук жана чат түгүн тазалоо, мисвак колдонуу. Ал ﷺ айткан:

«لولا أن أشقَّ على أمَّتي لأمرْتُهم بالسِّواكِ عند كلِّ صلاة»

**«Үммөтүмө оор болбосо, ар бир намазда мисвак колдонууну буйрук кылмакмын».** Ошондой эле Анын ﷺ сүннөттөрүнөн адам баласын урматтоо жана денесинен бөлүнгөн нерселерди сактоо үчүн, чачты, тырмакты жана канды көмүү.

Пайгамбар ﷺ уктаар алдында исмид менен (сурманын бир түрү) көзүнө тартып, анын көзгө болгон пайдасын айтчу. Ал чачынын жана кийиминин тазалыгына көңүл буруп, чачын тарап, сакалын оңдоп, ак кийимдерди жактырчу жана:

«البَسوا من ثيابِكم البياضَ، فإنها من خيرِ ثيابِكم، وكفِّنوا فيها موتاكم»

**«Кийимдериңердин агын кийгиле, анткени ал силердин эң жакшы кийимдериңерден жана өлгөндөрүңөрдү да ошону менен кепиндегиле»**, - деп айтчу.

Ага ﷺ жыпар жыт сунушталса, сөзсүз сүртүп алчу, миск, уд жана башка жыпар жыттарды жактырчу. Жакшы жытты сүйүп, жаман жытты жаман көрчү жана:

«حُبِّبَ إليَّ من دنياكم النِّساءُ والطِّيبُ، وجُعِلَتْ قُرَّةُ عيني في الصلاة».

**«Дүйнөңөрдөн мага аялдар жана жыпар жыт сүйдүрүлдү, ал эми намаз көзүмдүн кубанычы кылынды»**, - деп айткан. Жума күнүндө көрктөнүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү үчүн өзүнө таандык жыт болбосо, аялдарынын айрымдарын чакырып, алардын жытынан алчу же сууга бир нерсе кошуп, аны менен ыйык жүзүн жана чачын сүртчү. Демек, жума күнү жыпар жыттануу сүннөт. Ага ﷺ эң сүйүктүү белек жыпар жыт эле.

Ал ﷺ жума күнү намазга чыгаар алдында тырмактарын кыркып, мурутун кыскартып, жуунуп, эң жакшы кийимин кийип, Аллахтын белгилерин улуктоо үчүн мечитке тынчтык жана айбаттуулук менен чыкчу.

Ал ﷺ:

«المساجدُ مجالِسُ الأنبياءِ».

**“Мечиттер — пайгамбарлардын жыйын жайлары”**, - деп айткан. Бул аркылуу мечиттер зикир, илим жана ибадат жайлары экенин, анда беймаани сөз, уятсыздык, соода-сатык болбошу керектигин үйрөтөт. Сүннөт боюнча, мусулман мечитке киргенде кыбылага жүз буруп, мечиттин акы намазы катары эки рекет намаз окуп, тынч отуруп, зикирге, хутбага жана илимге кулак салышы керек.

Ал ﷺ сүйлөгөндө же бир маселе жөнүндө суралганда, угуучулар толук түшүнсүн жана сөздү жеткирген адам да аны так түшүнсүн деп, аны үч жолу кайталачу. Ошону менен сахабаларын маалыматты так жеткирүүгө жана баянды ачык айтууга тарбиялаган. Жабир (р.а.) мындай деген: «Ал бир сөз айтса, түшүнүлүшү үчүн аны үч жолу кайталачу».

Оорулууларды зыярат кылуу жана алсыздарды көзөмөлдөп туруу анын ﷺ өрнөктөрүнөн. Ал ооруп жаткан яхудий бир баланы зыярат кылып, аны Исламга чакырган, сахабалары ооруса барып көргөн, балдарды башынан сылап, намаз окуп жатып Хасан менен Хусейнди көтөрүп жүргөн. Алар анын жонуна минип алышса, саждасын узарткан да, аларды оюнуна тоскоол кылчу эмес, бул аларга болгон ырайымы жана үммөттү ырайым алсыздардын эмес, күчтүүлөрдүн ахлагы экенине үйрөтүү үчүн болгон.

Пайгамбардын ﷺ үйүндөгү, көчөдөгү жана мечитиндеги, жеке жана коомдук жашоосундагы ахлагы ушундай болгон: жүрөктөрдү жанданткан, нафстарды тарбиялаган, адамды туура жолго багыттаган сүннөттөр жана жол көрсөтмөлөр. Ошондуктан мусулман адам бул дүйнөдө улуу ахлак менен жашап, Роббисинин ыраазылыгын үмүт кылып, ыйык Пайгамбарынын ﷺизи менен жүрөт. ❑

# ЯХУДИЙ ТҮЗҮМҮ — АДАМДАРДЫН ЖИБИ (КОЛДООСУ) МЕНЕН ГАНА ТУРГАН МЫЙЗАМСЫЗ ТҮЗҮМ. АЛ ЖИП ҮЗҮЛҮШҮ МЕНЕН ӨЗҮ ДА ҮЗҮЛӨТ

Германиянын канцлери Фридрих Мерц Германия жана башка мамлекеттер тарабынан ондогон жылдар бою яхудий түзүмүнө көрсөтүлгөн аскерий колдоо алардын түзүмүнүн сакталып калышында чечүүчү фактор болгонун билдирди. Ал мындай деди: «Эгер биз жана башкалар бул аскерий колдоону (израилге) көрсөтпөсөк, бүгүн бул мамлекет болмок эмес».

Ушул эле мааниде АКШнын президенти Дональд Трамп Голан дөңсөөсүн таануу эч кимдин, а түгүл эң жакын союздаштарынын да талабы болбогонун, бирок аймактын коопсуздук жана тарыхый өлчөмдөрү менен таанышкандан кийин бул чечимди тез кабыл алганын айтты.

Мурун «Daily Caller» басылмасына берген маегинде Трамп: «(израилге) мен көрсөткөндөй жардамды эч ким көрсөткөн эмес, анын ичинде Иранга каршы акыркы чабуулдар маалында да», - деген. Ошондой эле Трамп «12 күнгө созулган согуш маалындагы Американын чабуулдары Ирандын өзөктүк программасын толугу менен жок кылды» деп ырастады. Ал кошумчалап: «Биз аларды андай учактар менен мурун эч ким көрбөгөндөй ыкмада талкаладык», - деди.

Бул ушул мыйзамсыз яхудий түзүмүн бүгүнкү күнгө чейин сактап турган нерселердин ачык мисалы. Чындыгында ал жөргөмүштүн желесинен да алсызыраак, ал эми анын жетекчилери арстандын чабуулунан корккон мышыктай. Яхудий премьер-министри алардын түзүмү, мүмкүнчүлүктөрү жана жети согушу тууралуу сүйлөп жатып, өзү да, анын өкмөтүндөгүлөр да өздөрүнүн жалганын билишет. Анын айланасындагы мусулман башчылары менен коңшу мамлекеттердин аны менен сөз байлашып, түзүмүнө коргоо көрсөтүп, үммөткө таандык аскерлерди жана күчтөрдү аларга жетпей кармап турганын көрүп турат! Ошондой эле Батыш, анын башында Америка турганын, бардыгы менен кошо алардын тарабында туруп, курал-жарак, акча, тажрыйба жана чечимдер менен камсыздап, алардын текеберлигин жана ырайымсыздыгын жүзөгө ашыруусу үчүн толук калкан болуп бергенин да көрүп турат!

Демек, бул пайгамбарларынан кийин Аллахтын жиби үзүлгөн соң, ушул түзүм үчүн адамдардан калган жалгыз жип. Аларга эми адамдардын жибинен — Америка жана анын жолдоочуларынан — башка эч нерсе калган жок. Ал жип да үзүлүүгө жакын. Анткени АКШнын президенти Трамп Ак үйдүн жыл сайын өтүүчү

яхудийлердин Ханука майрамына арналган салтанатында, америкалык яхудий коомчулугунун лидерлеринин алдында: “(израил) жана яхудий лоббиси Вашингтондо таасирин жоготту, Конгресс антисемиттик болуп калды», - деди. Ошондой эле, Трамп яхудий коомчулугун жана анын союздаштарын: «Абдан этият болушу керек, анткени яхудийлерге да, (израилдин) дүйнөлүк аброюна да жаман нерселер болуп жатат», - деп эскертти.

Аллах Тааланын сөзү чын:

﴿ضُرِبَتۡ عَلَيۡهِمُ ٱلذِّلَّةُ أَيۡنَ مَا ثُقِفُوٓاْ إِلَّا بِحَبۡلٖ مِّنَ ٱللَّهِ وَحَبۡلٖ مِّنَ ٱلنَّاسِ وَبَآءُو بِغَضَبٖ مِّنَ ٱللَّهِ وَضُرِبَتۡ عَلَيۡهِمُ ٱلۡمَسۡكَنَةُۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ كَانُواْ يَكۡفُرُونَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ وَيَقۡتُلُونَ ٱلۡأَنۢبِيَآءَ بِغَيۡرِ حَقّٖۚ ذَٰلِكَ بِمَا عَصَواْ وَّكَانُواْ يَعۡتَدُونَ﴾

***«Эгер, алар Аллахтын жана адамдардын коргоосунда болушпаса, албетте аларга каерде болушпасын, кордук жазылып коюлду. Алар Аллахтын каар-азабы менен кетишти жана аларга бечаралык жазылып коюлду. Буга себеп алардын Аллахтын аяттарын тангандыктары жана пайгамбарларды жазыксыз өлтүргөндүктөрү. Буга себеп алардын кылган күнөөлөрү жана чектен чыгуулары».*** (Али Имран: 112). ❑

Газадагы элдин трагедиясы чегине жеткен маалда, күндөр шахиддердин саны менен өлчөнүп, түндөр чатырсыз жана дары-дармексиз уктаган балдардын саны менен саналган кезде, «Араб кубогунун» желектери жеңилүүнү жаап-жашырган жеңиштин белгисиндей көтөрүлүп, экрандар дарбазадагы бир голду «чоң окуяга», ал эми ымыркайын жоктоп ыйлаган энени «көз ирмемдик кабарга» айлантуу үчүн иштетилди. Элдер мунун утушу, тигинин утулушу менен алек болуп, көздөрүнө канды унуттурган мас кылуучу кубаныч куюлууда, дал ошол саатта аларды көтөрүлүүгө, жардамга, Аллахка жана тарыхка чынчыл болууга чакыруу керек эле, бирок аларды шаттыкка чакырышты.

Бул кандай кубок? Бул — кайдыгерликтин кубогу… аң-сезимди өчүрүү, эс-тутумду көмүү, залимдерди коркуткан суроолорду тоңдуруу үчүн жуттурулган кубок. Биз жарага: «Тынч бол, оюн башталды!» дегендейбиз. Ураган ооруканаларга: «Күтө тургула, анткени спорттук комментарийдин үнү Газада жана башка жерлерде он миңдеген балдардын, он миңдеген жесир аялдардын, он миңдеген жарадарлардын онтоосунан бийик» дегендейбиз. Бул жараларды «арабдардан» эч ким таңып берүүгө алдыга чыккан жок, болгону учакты токтотпогон, ракета кайтарбаган жарыяланган даттануулар менен айыптоолор гана айтылды.

Газа жалгыз эмес. Согуш менен ыдыроо ичинде алсыраган Суданды карагыла, жакырчылык, курчоо жана узакка созулган кан төгүү айлампасында калган Йеменди карагыла, жылдардан бери көз жашы кургабаган Сирияны карагыла, кыйроо менен коркунучтун кырында калтырылган Ливанды карагыла, Кашмирди, рохинжаларды жана Чыгыш Түркстанды карагыла… Кырсыктар көбөйүп жатат, ал эми биз аны ырлар менен комментарий берип, фестиваль менен басаңдатып жатабыз.

Бул жаңы нерсе эмес, чоң жаралардан кийин футбол дал ушундайча «ооруну басаңдатуучу» катары колдонулат. 1982-жылы Бейрут курчоодо калып, бомбаланып жаткан, ошол эле жылы дүйнө Испаниядагы Дүйнө чемпионатын көрүп түн уйкусун өткөргөн, голдор түз эфирде көрсөтүлүп жатканда, кварталдар урандылардын алдында көмүлүп жатты. 2014-жылы дүйнөнүн экрандары Бразилиядагы мундиаль менен алек болуп турган, ошол эле күндөрү Газа жаңы отко чулганган, ошентип, ураандар бомбалоо үндөрү менен аралашып, футболдогу ураандар үстөм чыккан.

**Оо, үммөт… маселе ойнотулуп жаткан оюнда эмес, сатылган жүрөктө, жаралар үстүндө бийлөөдө. Майда-чүйдө иш үчүн жасалма кубанычка азгырылып, бир туугандарыбыздын дене бөлүктөрүн көрүп туруп, акыйкаттын каары менен каарданбаганыбызда. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:**

**«المسلمُ أخو المسلمِ، لا يَظْلِمُه ولا يُسلِمُه»، ومعنى «ولا يُسلِمُه»**

**«Мусулман – мусулмандын боордошу. Ага зулум кылбайт, аны жардамсыз таштап койбойт». Жардамсыз таштап койбойт дегендин мааниси — аны зыян келтиргендер менен жалгыз калтырбайт, тескерисинче, ага жардам берет жана коргойт. Анда ушул күндөрү катуу азапка салынган мусулман бир туугандарыңарды «Араб кубогу» менен коргоп койдуңарбы?**. ❑